# ТОГУЗ-ТОРО
# районунун 65 жылдыгына арналган чыгармачыл инсандардын жыйнагы
# (1936-2001)



# ТОГУЗ-ТОРО
# РАЙОНУНУН 65 ЖЫЛДЫГЫНА
## АРНАЛГАН ЧЫГАРМАЧЫЛ
## ИНСАНДАРДЫН ЖЫЙНАГЫ

## (1936-2001)

ТОГУЗ-ТОРОУСКАЯ районная
ЦЕНТРАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 3256

Чынгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 32522

ББК 84Ки 7–4
Т – 50

Түзүүчүлөр: Жээналиев Максат Субанбекович
Базаркулов Куттумидин Дербишалиевич

Тогуз-Торо районунун 65 жылдыгына арналган чыгарма-
Т – 50 чыл инсандардын жыйнагы (1936-2011)/ Түзүүчүлөр: М.С. Жээналиев, К.Д. Базаркулов. – Б.: 2001. – 176 б.

ISBN 9967-20-853-8

Бул китеп Тогуз-Торо районунун мыкты уул-кыздарын даңазалайт . Басылма: «Санжыра, тарых барактары», «Проза», «Поэзия», «Обончулар», Режиссура», «Кол өнөрчүлүк», «Өлбөс-өчпөс өмүрлөр» бөлүктөрдөн турат. «Санжыра тарых барактары»бөлүгүндө Тогуз-Торо эли басып өткөн жол санжырага, тарыхый булактарга таянуу менен чагылдырылды. Андан кийин бөлүктөрдө таланттуу адамдардын өмүр баяны баяндалып, чыгармалары берилген. Ал эми «Өлбөс-өчпөс өмүрлөр» бөлүгүнөн тогуз-торолук эмгектин баатырлары, илимдин, эл агартуунун чыгаан кызматчылары жөнүндө маалыматтарды аласыз.

Ар бир бөлүк сүрөттөр менен «Обончу» бөлүгү обондуу ырлардын ноталары менен коштолгон.

Т 4702300100-01 ББК 84 Ки 7 –4

ISBN 9967-20-853-8

© «Бийиктик» 2001

## СӨЗ БАШЫ

**Урматтуу окурман!**

Сиздин колуңуздагы чыгармачыл жыйнагы – райондогу алгачкы саамалык. Чыгармачыл инсардардын фонду 1999 – жылы 12 –марта түзүлгөн. Фонддун түзүлүүдөгү максаты – келечекте ушул өрөөндө чыгармачыл, илим-билимге жөндөмдүү инсардардын өсүшүнө, келечекте жемиштүү эмгектенүүсүнө түрткү берүү менен аларга ар тараптан көмөк көрсөтүү жана ошондой эле кадыресе уюшулуп иштеп жаткан мамлекеттик эмес ушул фонд аркылууу чыгармачыл адамдардын башын кошуп, руханий жактан байытууга аракет кылуу, аларды чыгарууда биргелешүү, эл арасында алардын эмгектерин даңазалап, келечек муунду руханий байлык үчүн кам көрүүгө үгүттөп тартуу.

«Эл ичи – өнөр кенчи» деп элибиз таасын айткан экен. Чынында, эл ичинде не деген таланттар бар: жыгач жана темир усталар, колунан көөрү төгүлгөн зергерлер, жез оймок уздар, төкмө-жамакчылар, дастанчы-жомокчулар, чебер комузчулар ж.б. таланттар эл арасынан чыгышат. Мындай талантуу инсандардан өрөөнүбүздүн эли да кур эмес.

Районубуздун «Жеңиш Туусу» газетасы бир аз иш алып барып, анда 1993-жылдан бери «Алтын Чөйчөк» адабий бети жарыялануууда. Ошентсе да, башка чыгармачыл жаштарды бир ийримге топтоо колго алына элек эле. Бул саамалыкты улантып ийримдин айланасына чыгармачыл ышкыбоздорду бириктирип, курамы беш кишиден турган уюм 1994-жылы 29-декабрда уюшулган. Ийримге жыйырмага жакын мүчө тартылып, алардын айрымдарынын чыгармалары китеп болуп басылып чыкты. Ошондой эле ийримдин демилгеси менен талантту инсандардын чыгармалары топтолуп «Алтын Чөйчөк кайрыктары» аттуу эмгек чыгарылды.

Калемгерлердин мындай иштери башка тармактардын чыгармачыл адамдардын да колдоого түртүп, ар тараптуу чыгармачыл топтордун биригишине алып келди. 1999-жылы март айында менин жана Бакы Ороковдун, Куттумидин Базаркулов, Эстебес Турсуналиевдин, Рыскулбек Бобукеевдин ж. б. демилгеси менен ар тараптуу чыгармачыл топтордун коомдук фондусу уюшулуп, уставы кабыл алынып, Жалал – Абад областтык юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөн.

Уюшулган фонддун курамын төмөндөгү түзгөн:

- акын-жазуучулар;
- обончу, музыканттар;
- публицистика-журналистика;
- тарых-санжыра;
- сүрөт, живопись, архитектура, кол өнөрчүлүк.

Фонддун төрагалыгына М. Жээналиев, ору басарлыгына Б. Ороков, жооптуу катчылыгына К. Базаркулов шайланышкан. Алгач чыгармачыл адамдардын дээрлик көпчүлүгүнүн башын кошуп, райондук клубда тегерек стол маеги өткөрүлүп, тасмага түшүрүлгөн. Алардын демилгеси менен райондун энциклопедиясын чыгарууга карата тарыхый материалдар топтолуп, анын чыгышына иштиктүү жардам берилген.

Фонддун мүчөлөрү райондун 65 жылдыгына карата өз чыгармаларын топтон, өзүнчө жыйнак кылып чыгарууну чечишкен. Мына ошол жыйнак азыр сиздин колуңузда. Жыйнакта чыгармалар менен кошо райондогу эл үчүн ак эмгек жасаган, мамлекеттик жогорку сыйлыктарга жана ардактуу наамдарга ээ болушкан адамдардын, илимпоздордун өмүр таржымалы менен сүрөттөрү берилди. Ошондой эле ал жыйнакка кол өнөрчүлөрдүн, уздардын өз колдорунан жасалган буюм-теримдеринин сүрөттөрү да топтоштурулду.

Биздин бул жыйнакты чыгарууга жумшаган эмгегибиз – өрөөнүбүздүн 65 жылдыгына арналган тартуубуз. XXI кылымда жогорудагы максаттар ишке ашып, өнөөрдүн чыгармачыл өнөрпоздору, окумуштуулары республикалык масштабда көрүнөтдеп үмүттөнөбүз.

Азыркы ушул оор мезгилде китеп чыгаруу оңой-олтоң болгон жок. Кээ бир инсандардын аркасынан чуркап жүрүп эмгектерин, өмүр баяндарын алдык. Ошентсе да алардын тең өмүр баяндарын жаркыраган элес калтыруучу сүрөттөрү менен кошо бере албадык. Китеп окурмандардын колуна тийгенде ар кандай ой-пикирлер, сындар айтылышы мүмкүн. Сынды туура кабыл алып, таразалап, туура тыянак чыгарууга ар дайым даярбыз. Айрым учурларда таланттуу инсандардын ырлары жана макалалары чыкпай калды деген сөз болушу да ыктымал. Кээ бир материалдардын бул китепке камтылбай калгандыгынын себеби аларды республикага таанылган жазуучуларга каратып чыкканда айрымдарын изденүүнү талап кылат деп жаратпай коюшкан учурлар да болду. Ошондой эле куудулдарыбыз сахнага чыгып элге күлкү тартуулап жүрүшкөнү

менен жазуу түрүндө жазылган жазууну көрө албай койгонубузга өкүндүк. Бирок бул тогуз-торолук таланттар жөнүндөгү акыркы китеп эмес экендиги шексиз.

Ушул китептин чыгышына материалдык жардам көрсөткөн демөөрчү «Макмалалтын» филиалынын директору Б. С. Бектеновго жана филиалдын эмгекчил жамаатына ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

***Чыгармачыл инсардардын фондусунун төрагасы М. С. Жээналиев***

## ТАЛАНТАРГА АК ЖОЛ

Мен бул таланттардын чыгармаларын окуп отуруп касиеттүү Тогуз-Торо жергесине 1972-жылы февраль айларында телерадио комитетинен командировкалап барганым эсиме түштү. Айтылуу Кара-Көө ашуусунан өтүү – өзүнчө бир таржымал, өзүнчө бир толкун.

Ал кезде бардык бийликти жүргүзүү партиянын райондук комитетине таандык эмес беле. Анда Тогуз-Торо райком партиясынын биринчи секретары, белгилүү партиялык, чарбалык ишмер Исак Суваналиев экен. Биз келген максатыбызды түшүндүрүп, чарбадагы алдыңкы жетишкендиктерди Республикага жайылтуу максатын көздөөрүбүздү айткандан кийин гана жетекчилердин көңүлдөрү жайлана түштү. Ошондон кийин гана райондун бүт аймагы менен таанышып чыкты.

Анда кеңирсиген кенен жер, кең пейил эл, кирген эле үйдөн ичкен жылуу босо көңүлдө калган: Тогуз-Торо борбордон алыс болгону менен элге жайлуу, малга ыктуу жер экендиги сезилет. Мында жердеген эл да мал киндиктүү экендеги байкалбай койбойт.

Тогуз-Торо Кыргызстанга Атантай, Тайлак баатырлар, алардан тараган Осмон датка, Баракан сыяктуу эл башчылары менен сыймыктанат. Ошондой эле тарыхый эстелик катары сакталган «Саймалуу-Таш» мазары менен даңкталат.

Тогуз-Торо жергесинде Маруса Жаңыбаева, Бурулбу Турдубаева сыяктуу эмгек баатырлары, депутаттар эмгектенишсе, бүгүнкү күндө белгилүү илимпоздор: Жеңишбек Сыдыков, Роза Абдраимова, Бейше Үрүстөмбеков, Жумадил Арзыматов, Токтосун Атанаев тогуз-торолуктардын сыймык менен атай турган инсардарынан.

Эзелтен эле элдин атын, жердин атын эр жигит, күлүк ат, сулуу кыз, алгыр куш, ак таңдай акын чыгарган. Анын сыңарындай бүгүнкү күндө Тогуз-Торо эли өзүнүн Азирет Сыдыков, Садыр Сарыгулов, Жээнтай Кадыров сыяктуу акын-жазуучулары менен сыймыктана алат. Албетте, акын-жазуучулар, илим жаатынан алып караганда республикабыздын башка региондоруна салыштырмалуу аз экендиги анык. Бирок бүгүнкү күндө бул бөксөнү толтуруу максатында талантуу драматург Куттумидин Базаркулов жана дилгир уюштуруучу,

ишкер жетекчи Максат Жээналиевдердин демилгеси менен Тогуз-Тороонун талантгарынын көкүрөк жалындарын топтоп, келечекке үндөө менен китеп кылып чыгаруу багытындагы делалаттары, сүрөөлөрү мактоого арзырлык ийги иш.

Талантты да, күлүктү да сүрөө керек. Учурунда кыргыз элинин бүгүнкү күндөгү сыймыгы болгон Чыңгыз Айтматовду да улуу инсандар Мухтар Ауэзов, Луи Арагондор сүрөөнгө алган. Анын сыңарындай тогуз-торолук таланттардын арасынан да эл сыймыгы болгон акын-жазуучулардын чыгарына шек жок!

Ак жол силерге, таланттар!

***Токтогул Сагымбаев – жазуучу, «Эл агартуу» журналынын башкы редактору, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер***

# САНЖЫРА, ТАРЫХ БАРАКТАРЫ

## ЖЭЭНАЛИЕВ МАКСАТ СУБАНБЕКОВИЧ



Арал айылында 1957-жылы 21-июлда төрөлгөн. Шофёр болуп 1978-жылдарга чейин иштеген. Университеттин тарых факультетин 1984-жылы аяктаган. Алгач «Макмал» орто мектебинде эмгек жолун баштап, андан кийин «Макмал» комбинатында аскерлешкен күзөт бөлүмүндө жетекчи, курулуштар боюнча директор, кадр даярдоо бөлүмчөсүнүн башчысы, турак-жай чарбасынын жетекчиси болуп иштеген.

1997 – 2000-жылдары Тогуз-Торо районунда акимдин орун басары болгон. 2000-жылдан бүгүнкү күнгө чейин «Макмалалтын» комбинатында директордун орун басары болуп иштеп жатат. КМУУнун юридикалык факультетин 1998-жылы бүтүргөн.



*Жумгал Ташиев Саймалуу-Таштан тартылган сүрөттү Максат Жээналиевге тартуулоо учурунда. 1998-ж.*

*Кыргыз тилин, кыргыз тарыхын*
*Бардык тараптан өнүктүрүүнүн*
*чечкиндүү жактоочусумун.*
***А.Акаев***

# ТОГУЗ-ТОРО ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮЛӨР

## I

Тогуз-Торо жергеси, анын жеринин аты Кыргызстандын тарыхында эң алгачкы мезгилдерде кезикпегени менен «Саймалуу-Таш» тарыхый жери жөнүндөгү маалыматтар дүйнөлүк тарыхта жана башка тарыхый булактарда орун алып келет.

Ал деңиз деңгээлинен 3100 – 4000 метр бийиктиктеги, көк мелжиген, жылына сегиз-тогуз айлап кар жаткан улуу Фергана тоолорунун чокусунан орун алган да, 12 га жерди кучагына алат. Тогуз-Торого жөнөгөн адам Казармандан 50 – 60 км аралыкта жайгашкан Кылдоо жайлоосу, же Атай айылы аркылуу өтүп, улуу тоолорду кырдап барат.

Ушул адам баласы жашоосун өткөрүп келген «Саймалуу-Таш» турак-жеринин өзүнөн Улуу Жибек-Жолу өткөн. Бул жол СССРдин убагында Нарын областынын этке төгүлүүчү малдардын түштүктөгү Таран базарына айдап баруучу жол катары пайдаланылып келген, «Саймалуу-Таш» турак-жеринде ушул күнгө чейин эки «көлчө» сакталып калган. Биринчисинин диаметри 50 – 60 метрдей, экинчиси соолуп калган

Бул карт тарыхтын изин изилдеп, анын келечегин коргоп калуу үчүн Ош мамлекеттик университетинин тарых, тил факультеттеринин жамааты аракет кылып келишти. Ошондой эле аны өз демилгеси менен Бишкекте «Саймалуу-Таш» сүрөт тарыхый галереясын ачкан профессионал сүрөтчүбүз Жумагул Ташиев да эл журтка, чет өлкөгө даңазалап келет.

«Саймалуу-Таштын» тарыхы жөнүндө атайын изилдөө иштерин жүргүзүп, таштарга түшүрүлгөн сүрөттөрдүн түрлөрүн, мезгилин, курамын, баалуулугун изилдеген Г. А. Агофонованын «Аска боорундагы сүрөттөр эмне жөнүндө баяндайт» деген эмгеги толук кабар берет.

Араб тарыхчысы Идрис XII кылымдарда эле ички жана борбордук Тань-Шанды аралап өтүп, бул жерди тургундаган элдердин жашаган жерлери тууралу: «Бийик-бийик тоолорду адамдар ээлешип, аларга баруучу жол бир жакту болуп, келе

жаткан жоону алыстан байкап, аларга капчыгайдан таш кулатышып, жаа атышып, андан кийин чабуулга өтүшүп өздөрүн коргоп турушат. Үй-бүлөсүн арыдан-бери тез көчүрүшүп, капчыгайга, кокту-колотко жашыра коюшуп, улуу тоонун жапайы арстандары сыяктуу көрүнүшөт» - деп баян кылган. «Саймалуу-Таштагы» сүрөт галереясы менен бул маалыматтын ортосунда кандайдыр бир байланыштын бар экендигин байкого болот.

Араб, перс, кытай тарыхчылары, ошол кездеги Орто Азиядагы тарыхчылар Тогуз-Торону, Жумгалды «аркалык», «борбордук Тянь-шань» деп атап келишкендигин билебиз. Ал эми тарыхта да, санжырада да XV кылымдарда Тогуз-Торо топоними учурай баштайт, демек, Тогуз-Торо топономи калмактардын улуу жапырыгы мезгилинде пайда болгондой.

Тарыхый булактарда ар кандай кол салууларда ата-бабалар Тогуз-Торого анын жака-бели болгон Өзгөндөн, Сузактан, Жумгалдан, Кетмен-Төбөдөн, Нарын өрөөнүнөн, Арпадан оошуп, душмандан жашырынып келишкен. Тогуз-Торо, андыктан, элге тарыхый чеп катары укызмат кылган. Ошондо тогуз жагынан торолуп анын ушундай аталышына шарт түзүлгөндөй.

Түрк элдеринде байыртан эле тогуз, жети, үч деген сөздөр ыйык болгон, алар жакшылык алып келе турган, үмүттөндүргөн мааниде болгон.

«Огуз хан» өзүн хан көтөргөн убакта тогуз мал сойдуруп жарыя салган. Ошол убактан баштап «тогуз» деген сөз ыйык катары кабыл алынып, ага астейдил мамиле жасашкан. Жашоо шартын, тартипти бузгандарга да тогуздан айып сала баштaшкан. Сөз арасында тогуз жолдун тоому деген сыяктуу бир нерсенин баркын көтөрө сүйлөгөндө кошуп айтканга өтүшкөн. Андайлардын бири – «тогуз коргоол» - хан оюну. Тогуз-Торо «тогуз жагынан торолгон» деген сөздөн келип чыккан деп айтуучуларбар. Экинчилери, тогуз төрө жашап, өз элин багып келишкендиктен калган, үчүнчүлөрү, «тогуз төрү» бар жерине карап аталган дешет. Тогуз деген сөз, негизинен, түрк сөзү экендиги белгилүү.

Тогуз-Торо топоними, элинин тарыхы тууралуу маалыматтарды тоголок Молдонун, Абдыкалык Чоробаевдин, Белек Солтоноевдин, Эсенкан Төрөкул уулунун, Шүкүрбек Бейшеналиевдин, Сабыр Аттокуровдун, Өмүркүл Үсөнбаевдин,

Бейше Үрстөнбековдун, Тынчтыкбек Чоротегиндин, Г. А. Агофонованын, Ж. С. Бактыгуловдун, Ж. К. Мамбетованын, Ардак Ормонбекованын, Жапар Кенчиевдин эмгектеринен жана башка тарыхый эмгектерден жолуктурабыз.

*Санжыра али тарых эмес, ал тарыхтын күбөсүнүн булагынын бири. Жазуу боло электеги мурасы.*

***С. Аттокуров***

## ТОГУЗ-ТОРО САНЖЫРАДА

### II

Санжыра араб элинин «чажара» – дарак деген сөзүнөн алынгандыгын Турдубек Умар уулу жарыялайт. Бул бир эле адамдан бир нече үй-бүлөлөрдүн, уруктардын, уруулардын тарам-тарам болуп кетишин элестетет.

Санжыра адамдар тарабынан ойлонулуп жаралбастан мунун тарыхый өбөлгөлөрү чыгып, объективдүү, субъективдүү да себептери болгондугун баамдайбыз. Санжыранын мазмунуна көңүл бурсаңыз ал адамдардын ар кандай абалында: качып журт которгондо, эл-жери үчүн күрөшкөндө, туткунга түшкөндө, бөлүнүп-жарылганда, баскынчылардын кол астында калып элин эңсеген учурдагы жакшы менен жаманды сезген жагдайларда ооздон-оозго, муундан-муунга өтүп сакталып келген бабалар мурасы.

Жоокерчилик заманда болобу, жазуу чыга элек мезгилде болобу, кандай болгондо да санжыра адамдардын патриоттук, биримдик, мекендин баркын сезүүчүлүк, ынтымактын баасын билүү, эл-жер, ата мекен жөнүндөгү туюмдардын асыл мазмунун камтыйт.

Тогуз-Торо жеринин аты, этностогу санжыра боюнча Адигине менен Тагайдын учурунда сөзгө алына баштайт. Белгилүү болгондой Тагайдын мезгили XV – XVI кк. деп айтылып жүрөт.


Адигине менен Тагай өз өзүнчө айылдары менен Фергана өрөөнүндө жашап турушуп, бир учурда жигиттери экиге бөлүнүп ордо оюнун ойноп жатышып чатакташып кетишет. Тагай жагы токмок жеп калат, өз ара сөзгө келише алышпай Тагай өзүнүн

Кайдуулат деген тууганы ал экөөнү жараштыруу үчүн 1500-жылдары Тогуз-Торого келип кеткен экен. Мындан кийин Тогуз-тородо Тагайдын неберелери Асан, Карамырзалар жашап калышат.

Ушундай эле кабарды кыргыздын атактуу, тунгуч тарыхчысы, кийин репрессияга туш келген Белек Солтоев да жазган.

Ал эми Санчы сынчы жөнүндө ар бир санжырачынын айтуусунда кезигип жүрөт. Анын ичинде Санчы сынчынын Тогуз-Торого келип кеткени да кеңири сөз болот. Ал киши кайсы мезгилде жашап өткөндүгү ар түрдүү берилүүдө. Бери жагы эле XV – XVII кылымдардагы мезгилди камтыйт до ошол учурларда болгон окуяларга да аралаша берет. Солто да өзүнүн балдарын Чүйдө туруп сындаткан экен. Биздин жерге байланыштуусу атактуу Болот баатыр менен алп Тооктун мезгилин алсак, бул окуялар XV – XVII кылымдарга тура келет.

Болот баатырдын баласы Эсенкул Тогуз-Тородо туулуп өскөн экен. Эсенкул бешикте кезинде Болоттун айылына жоо тиет. Эсенкулдун апасы Талаке бешикти өңөрө албай,бир карагандын түбүнө калтырып кете берет. Муну уккан Болот кайрылып келсе бешиктин үстүнөн аркар аттап качат. Атасы балага келгенде анын ууртунан сүт агып аткан болот. Мүмкүн Санчы сынчы ушул учурда келип Болоттун Эсенкулун сындап, алп Тоокко учурагандыр. Болоттун атасы Белек Нарын өрөөнүндө жашап турган болот. Булар кээде Сарыбагышка, кээде Бугуга кошула беришкен.



***Арал айылындагы белгисиз адамдын күмбөзү.***
***Болжолу XVII – XVIII кк***

Болот балалуу болгондо кырк жашта болгон экен, демек, ал киши 1680-жылы туулган. XVII кылымдын башында алп Тоок Аскалы деген жерде каза болуп, сөөгү этинен ажыратылып Арсланбапка коюлган экен. Чындыгы болушу мүмкүн, себеби 1820-жылдарга чейин кыргыздын аттуу-баштуу инсандарынын сөөгү Арсланбапка жеткирилип коюлуп турган.

Залкар санжырачы Эсенкул Торокан уулу: «Каба Нарында Кайдуулат менен айыл жүрүп көчөрдө баласы Шыкмамат, энеси Акбермет экөө Тогуз-Тородо калып калышкан. Кийин Шыкмамат чоңойгондо Кабаны издеп тапкан,» - дейт.

«Кабанын экинчи аялынан төрөлгөн Атакара менен ботокара да Тогуз-Тородо жашашкан,» - дейт.

Калмактардын жапырыгына кыргыздар үч ирет туш болгонун билебиз.

Калмактардын жапырыгы 1640-жылдарда башталат. Тоо койнунда жашаган кыргыздар жан башкасы өзөндөн, түздүктөн оошуп Анжияндын тоолоруна, Памирге, Алайга жер которушкан, Жумгалда, Тогуз-Тородо баш калкалашкан.

Санжырада: «Тынай Түлкү уулу Кабактын карман түзүндө Чүйдөн калмактардын кабарын алып турган. Бул 1700-жылдар болсо керек,» - дешет. Ал эми Сарбагыштан Райымбек калмактар менен жашап туруп, амал менен качып Тогуз-Торого


өткөндө, бул жакта белек жашап турган экен. Бул 1640-1700-жылдар деп божомолдоого болот.

Сабыр Аттокуров агайыбыз: «Калмактардын кол салуучулары учурунда Солтолор үчкө бөлүнүп бири Ферганага, экинчиси Кара-Тоого, үчүнчүлөрү Тогуз-Торого качышкан, аларды Сарбагыштардын бийлери баш-көз болуп башкарып турушкан,» - дейт.

Мындан жыйынтыктап, Саяктар илгертеден эле Чаткалда, Жумгалда, Тогуз-Тородо жашашып, анын бийик тоолорун чеп катары пайдаланышып, Чынгызхандын, Темирдин, Галден Церендин каардуу жортуулдарынан аман калышкандыгын жазган.

Темирдин жоортуулунда ал кээде кыргыздардын мурунку жашаган ордунан таппай калгандыгын билдирген. Көк-Ирим айылынын тургуну 73 жаштагы Үкүев Саадабай Саяктар Тагайдын тукумдары болгондугун жана алар Тогуз-торого Ферганадан ооп келишкендигин баяндаган; аны Тоголок Молдо өгизинен колдойт. Тагайдын «Мажуму ат-Таварихте» Эмир Темирдин кол башчысы катары көрсөтүп, аны аскерлери менен көчүп жүргөн деп жазат. Бул эмгек 1503–1514-жылдарда жаралган. Анда кыргыздардын токсондой уруусу жөнүндө айтылат жана Манас менен Жолойдун чабыштары Чаткалда, Кабакта өткөндүгү баяндалат. Бул окуяны Тогуз-Тородо аталган «Манастын оозу» жана Жылаңач Бугуда Манастын сөөгү коюлган деген кабар менен байланыштырууга болот.

С. Аттокуров да: «Солтолор 1746-жылдары түштүктөн Тогуз-Торого, андан Чүйгө көчүшсө, эки жүз жыл илгери алар Жумгалга, Тогуз-Торого ооп келишкен,» - деген кабар берет. Ал, ошондой эле, Сарбагыштар 1749-жылы Кокон хандыгынан жабырланышып, Тогуз-Торого келишкенде жер талашып чатак чыкканын маалымдайт. Ушул эле жылдары (1749-ж.) Таздар уругунан Райымбек аттуу дам уруусу менен калмактап жашынып Тогуз-Торого отурукташса, Кабанын, Тезек, Тоок, Карасакал, Ботокара, Атакаралар Тогуз-Тородо жашап турушкандыгын, Саруулар калмактар менен кармашууда жеңилип, Тогуз-Торого бекинишкенин кошумчалаган. Ал эми басыздар



***Баракандын күмбөзү. Атай, Чет-Булак сууларынын куюлушунда жайгашкан.***

XVI – XVII кылымдарда Тогуз-Торо аркылуу өтүшкөн деп берилип, С. Аттокуров: «Бул жерде али башаламандык орун алат,» - деп белгилеген.

Ушундай маалымат кыпчактар боюнча да берилип: «Алар XVII кылымда бирде Тогуз-Торого отурукташса, бирде Жумгалга өтүп кетишкен,» - дешет. Кыпчыктар тынчы жок болуп, ар дайым бийлик талашып елишкен тэкен. Сарымбек деген кыпчак түштүктөн качып Тогуз-Торого келип конот, бир аздан соң Тянь-Шанга көчүп кетет. Ал жакта дагы чатакка аралашып, агасы Чаңгыл Тогуз-Торого карай келген. Себеби анын аялы тогуз-тороук болгон. Бул окуялар 1860-жылдарда болсо керек.

Андан нары Багыштардын Тянь-Шандагы өкүлдөрү 1770-жылдарга чейин Чүйдө, Таласта, Чыгыш Туркстанда жашашат. 1769-1770-жылдардагы «Жайыл кыргынында» Багыштар, Саяктар кату жабыр тартышып, башка жерге кетип калышкандыгы тууралуу маалыматтарды жолуктурабыз.

«Кийинчерээк Багыштар Супактан, Кашка-Теректен, Багыш айылынан Тогуз-Торого көчүп келишкен болсо керек,» - деп жазат Эсенкул Төрөкан уулу.

Солтолордун кийинки Тогуз-Торого келиши, XIX кылымдын экинчи жарымында, Чүйдө өз ара кагылышуулар күчөгөн учурда тура келет. Кысымга чыдабай Багыштар Суусамыр аркылуу түштүккө көчүшсө, Солтолордун бир нечеси Тогуз-Торого кетишет.

Булардын төмөндөгү көрсөтүлгөн маалымат менен байланышы болушу ыктымал. Базаркул менен Илебай Чүйдө турушуп, Байтик менен ар дайым бийлик талашып турушкан экен.

Кээде алар орустарга каршылык көрсөтүп турушкан. Байтик мындан пайдаланып Алма-Атанын губернаторуна айтып, бул эки тууганын Тогуз-Торого болуштук түзүлсүн деген шылтоо менен көчүрүп жиберген. Алар агасы Бирөөгө Тогуз-Торого кетели деп барышканда ал айнып кеткен эмес экен. Тогуз-Тородо алар үч жылдай турушуп, кийин жут болуп, Базаркул баш болгон айылы Боом аркылуу көчүп отуруп Шабдандын элине барып конушат. Илебай болсо Суусамыр аркылуу Чүйгө көчкөн экен. Солтолорду Бууралар азыр да Тогуз-Тородо жашашат. Көчкөн жолдо бирин-серин калгандарды аз санда Ак-Кыяда, Тоголок Молдодо отурукташып калышкан. Солтолордун Кетмен-Төбө аркылуу да келишкени белгилүү. Байтиктин кетмен-төбөлүктөр менен жакшы байланышы болгондугун, кудалашып тургандыгын билебиз.

Санжыранын көбүндө Акбуура Эштектин баласы болуп, Солтого кирет. Бул пикирди Турдубай Умар уулу да колдогон.

Эсенкул Төрөкан уулу: «Ырыскул, андан – Атантай, Тайлак дагы бир аялынан – Беш уул. Ал эми Бешуулдар Тогуз-Тородо жашап турушкан,» - деп саяктардын тукумдарын дагы көрсөткөн.

ТОГУЗ-ТОРОУСКАЯ районная
ЦЕНТРАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 3256

Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 32522

## ТОГУЗ-ТОРО ТАРЫХ БАРАКТАРЫНДА

### III

Мен тек гана тарыхый булактарды Тогуз-Торо жөнүндөгү ачык берилген маалыматтарды жыйноого, келтирүүгө аракеттендим.

Бейше Үрстөнбеков тарыхчы катары Тогуз-Торо жөнүндө маалымат берип, бул топонимдин пайда болушу XV – XVI кылымга тура келгендигин билдирген. Бул учурда жер-суунун аттары бүгүнкүдөй болуп жыш аталбастан, чоң аймакты камтып, ошол кездеги тарыхчылар окуяларды Анжиян тоолорунда, Жумгалдын сыртында, Өзгөн менен Чатыр-Көлдүн ортолугунда, Көк-Арт ашуусунда болуп өткөн дегендей жалпы жонунан баяндашкан.

1509-жылы Баба Султан Могулстанды башкарууга чечим чыгарып, ага Али-Тагай каршы чыгат. Кийин ал чечим өзгөрүлүп, зынданда жаткан Мухаммед кыргызды бошотуп, Могулстанды башкарууга жиберген. Мырза Али-Тагай болсо башкы эмир болуп дайындалып, чогуу жөнөгөн.

Санжыраны эске алсак Тагайдын таарынып көчүшүндө мезгил менен салыштырууга болот. Бул кабарды Мирза Мухаммед Хайдар «Тарихи-Рашиди» деген тарыхый эмгегинде жазып калтырган.

Мухаммед Хайдар өзү Жумгалга, Коскорго чейин келип кеткен экен. Ал Нарын дарыясынын узундугун, майда көлдөрдүн көптүгүн сүрөттөгөн.

Ушул күнгө чейин Жумгал, Кочкор, Ат-Башы, Ак-Талаа, Тогуз-Торо аймактрында Соң-Көл, Чатыр-Көл, Беш-Көл деген сыяктуу көлдөр бар.

Айтылып жаткан Мухаммед кыргызды Тагай бий колдогон деп болжолдошот.

Мухаммед кыргыздын хандык кылган учуру 1510 – 1533-жылдар кыргыз элинин калыпташы мезгили болуп саналат. Кыргыздардын оң-солго бөлүнүшү да ушул учурга дал келет.

Ал эми Белек Солтонов «XV кылымдын айгында XVI кылымдын башында Тагай бий Рашид Эрешехандын элчиси болгон,» деп жазат.

Анвар байтур, Ж. А. Аристов, В. В. Бартольд, Ч. Валихановдор Ат-Башы, Кочкор, Жумгал, Арпа, Чатыр-Көл, Ысык-Көл, Кабак, Көк-Арт, Чаткал, Кетмен-Төбө деген жер аттарын көп белгилешкен.

А. Аристов «Кыргыздардын этнографиялык тарыхы» деген эмгегине «Саяктар – илгертен эле азыр тургундаган батыш Тянь-Шанда жашап келген элдердин: сактардын, басыздардын, сейлердин, ючижилердин тукумдары. Батыш Тянь-шань баш калкалаганга өтө жайлуу жер» деп жазат. Демек, бул маалыматтар буга чейин белгилегендей санжырачылардын пикири менен дал келет. Тогуз-Торонун аты аталбаганы менен көрсөтүлгөн аймактар аркылуу ушул жер жөнүндө сөз болуп жаткандыгын байкайбыз.

Чагатай улусун, Моголистанды кеңири изилдеген тарыхчы, окумушту О. Караев да Тянь-Шань тоолорунун өз учурунда элди сактап калгандыгын белгилеп, тимур эч убакта Моголистанды Мавераннахрга толук багындыра албагандыгын далилдейт.

Ал киши XV кылымда бул жерлерди борбордук Тянь-Шань деп жалпы атап, Чатыр-Көл, Арпа, Ат-Башы, Таш-Рабат, Жумгал, Өзгөн, Фергана жөнүндөгү баяндарда чагылдырган. Жапар Кенчиев «Медет датка» даректүү баянында Тогуз-Торо жөнүндө жазып, баянын алп Тоок менен байланыштырып кеткен.

Болжолу менен, Медет 1760-жылы төрөлгөн. Тогуз-Тородон Тоок балбан Кочкорго Келдибек келгенде Балбак төрөлгөн экен. Алп Тооктун «төрөткө баа бергендигин» билебиз; балбакты Санчы-сынчы да сындаган дешет. Көп окуяларды салыштырсак Санчы сынчы жашаган учур ушул мезгилге тура келет. Санчы сынчы Тогуз-Торого ушул мезгилде келип кетиши ыктымал. Кандай болгондо да Медет датканын учурунда Тогуз-тородо эл туруктуу жашагандыгын байкоого болот. Медет датка Кокон хандыгына жөнөп, Чамындынын белин ашып, Тогуз-Тородогу Нарын дарыясын кечип өтүп, Атайга барып өрнүгөн.

Ага ал жерден Аккабак деген адам жардам кылып, Торолордон Сатаркул коноктоп, Калдаманын белинен ашырып узатышкан.

Медет датка өлгөндө топурагына Тогуз-Торо элинен Аккабак баатыр катышкан. Ал кишини атайын кабар айттырып чакырткан. Аккабак «аштын» бир жагын башкарат. Мындан кочкорлуктар менен Тогуз-Торо элинин ортосундагы карым-катнашын деңгээлин байкого болот. Тоок балбан 1700-жылы Тогуз-Торонун Аскалуу деген жеринде өлгөн экен.

Бул даректүү баянда Тогуз-Тородогу элдердин калмактардын кол астында калгандагы мезгили баяндалгандыгы байкалат.

Тогуз-Тородон Жаңыл атту кыз жигиттери менен Калдама аттуу калмакты жоокерлери менен кууп чыккан экен. Эгерде жылдар боюнча сүрүштүрсөк, бул – жалпы кыргыз элинин калмактар менен күрөшү аяктап калган учур. 1730-жылдардагы орустардын орто азияга өтүшү түштүктөн кокон хандыгынын күчөшү, калмактардын мезгилинин аякташы менен коштолгон.

Биздин Тогуз-Тородогу калмак дөбөлөрү да көптөгөн сырларды катып жаткансыйт. 1758-жылы кытай генералы Чжао Хоя Ысык-Көлгө чейин өтөт. Анын офицерлери Жумгалды, Тогуз-Тородогу көчмөн элге келишкен. Бай-манаптар эч кандай карым-катнаш кылышкан эмес. Алар кеткенден кийин тоолук кыргыздар эч өзгөрүүсүз калышкан.

XVIII кылымдын экинчиси жарымында Цин империясынын территориясы Фергана районун кучагына камтыгынына макул болбойт Ат-Башы, Ак-Талаа, Тогуз-Торо өрөөндөрү Кытайга көз каранды эместиги үчүн күрөшөт. Жогоруда Тимур да, калмактар да борбордук батыш Тянь-Шандын элдерин толук багындыра алышпагандыгына күбө болдук. 1822-жылы кытайлыктарды Тайлактын кууп чыккандыгы Т. Чоротегиндин сөзүн толук бышыктайт.

Ч. Валиханов кыргыздардын келип чыгышына көп көңүл бөлгөндүгү белгилүү. Ал Тагайдан баштап, бул уруунун өтө чоң экендигин, көп жерди ээлегенин, алардын бир бутагы Саяктар Нарын, Жумгал сууларынын жээктеринде, бийик жерлеринде жашашкандыгынын, ал эми башка Тагай уруулары Анжияндын айланасында турушарын баяндайт.

Эртеби-кечпи 1807 – 1810-жылдарда чолуктун атасы Курман кожо Тогуз-Торонун оң жээгин ээлеп, Кочкор, Жумгал менен бир улуска караган. Демек, Нарын суусунун оң жана сол жагы ошол кезде эле эки жакка бөлүнүп турса керек.

Орус офицери Загряжеский менен барон В. Коулбере Ч. Валихановдун бул маалыматын тактаганга аракеттенишкен. Алар «Басыздар Даван тоолорунун кыркаларында, Анжияндын жанында көчүп-конуп жүрүшкөн. Алар Саяктардын волостук курамына киришкен,» - дешкен. Загряжеский кийин Тогуз-Торого келгенден отчётунда пикирин толуктап жазган. Ч. Валихановдун: «Басыздар 1832-жылдары Кокон хандыгына карашып, Куртка чебине зыякет төлөшөт,» дегенинен биз бул үч автордун бир эл, бирж ер жөнүндө баяндап жаткандыгын көрөбүз.

Загряжеский Саяктын чоң чоролору Жангарачтын кыздарынан ала качып келип, чыр-чатак болгондугун үстүртөн берет. Башка маалыматтардан Осмон датка Байтик, Шабдан менен кудалашып турушкандыгы, алардын Тогуз-Торого келип кеткендиги белгилүү.

Тогуз-Тородогу Кокон хандыгынын чеби 1815 – 1820-жылдары курулгандыгын А. Чоробаев, Токмок уездинин башчысы Загряжеский кабарлаган.

Ш. Бейшанилиев бул кабарды ырастайт ( Ш. Бейшеналиев «Тайлак баатыр» 177-бет). Куртка менен Жумгал чеби 1825 – 1830-жылдары курулган. Була басып алуу саясатына тура келет. Чеп-сепил курулгандан кийин Тайлак баатыр Макмал менен Бычанга көчүп кеткен. Тайлак баянын Ш. Бейшеналиев «Тайлак баатыр» даректүү баянында толук берет. Тогуз-Торонун Бычанында 1832-жылы Тайлак баатыр Кокон хандыгынын беш жүздөй сарбазын талкалап кыйратат. Көп өтпөй Кокондон Арап баатыр бир нече колу менен Тогуз-Торого келет. Бул окуя Араптын өлүмү, Тайлак баатырдын жеңиши менен аяктайт.

Тогуз-Торо Чыгыш Түркстан менен Кокон хандыгын байланыштырган үч жолдун бири болгондугун көп авторлор белгилешет. Бул Улуу Жибек Жолунун нугу, ошондуктан президентибиз А. Акаев темир жолду салуну бекеринен белгилебеген чыгар. Негизинен, Тогуз-Торо жери ал кезде Осмон баатырга, Бараканга тиешелүү болгон. Баракандын күмбөзү Тогуз-Тородо ушул кезге чейин сакталып турат.

Тойматтын, Жанболоттун тукумдары өздөрүнөн бери карай Арсланбап, Көк-Арт, Тогуз-Торо, Арпа, Куртка сыяктуу чоң аймакты ээлеп келишкен.

Бул учурда Тогуз-Торо «сырт» деген түшүнүк менен берилгени белгилүү. Ошондуктан Тогуз-Торо топонимии жолукпаса, анда «эл жашаган эмес» деген түшүнүккө келүүгө болбойт. Алсак, 1865-жылы В. В. Бартольд «Осмон Тайлак уулу он миң боз үйү менен орустарга өтүүгө кайрылган» деп жазат.

Жогорудагы окуяларды баяндоо менен Тогуз-Тородо элдер кайсы убатка, кимдер менен жашагандыгы, кантип күрөшкөндүгү сыяктуу материалдары көрсөтүү менен, нечен-нечендеген сырттан басып алууларга дуушар болгондугун жана ич ара чыр-чатактын айынан ары-бери көчүп-конушкандыгын көрсөттүк. Ар кайсы уруу жеринин, элинин бөлөк экендигине карабай жашоонун айынан аралашкандыгын баяндадык.

Дагы бир тарыхтагы армандуу мезгил болуп 1863 – 64-жылдарда Фергана кыргыз, өзбектеринде болгон ачарчылык эсептелет. Эл ачарчылыкка чыдабай түндүккө ооган экен. Ошондо «Тогуз-Тородогу саяктардан мыкаачы болдук» деген сөз тарап элге сиңген. Бул учурда орустар Нарын аймагында бийликтерин бекемдөө максатында 1867-жылы Нарын чебин куруп, тоолуу уездди түзүшкөн.

1863-жылы Осмон Тайлак уулу Тогуз-Тородогу Кокон хандыгынын чебин талкалаган, бирок ал орустарга өтүүнү каалаган эмес. «1865-жылы Осмон датка оруска өтүүнү каалап, кат жазып кайрылган» деген маалымат тура эмес болгондой, себеби 1867-жылы оёз Загряжеский Шабданды, Байаке менен Келдибекти коштотуп Осмондун айылына шайлоо өткөрмөккө келишкен. Осмон иниси Баркан экөө бул шайлоого каршы болушуп, оруска кошула албайбыз деп кармаш башташып, Байаке менен Келдибекти кармап байлап алышып, айылы менен Кытай чек арасынан өтүп кетишет. Ал жакта тогуз жыл турушкан деген маалымат бар. Ж. С. Бактыгулов, Ж. Мамбеков «Осмон Тайлак уулу үч миң боз үйлүү эли менен 1867-жылы Чыгыш Түркстанда кайтып келген» дешип кайчы пикир туулат.

Санжыра боюнча ушул мезгилдерде Чүйдө өз ара чатак чыгып Солтодон бир айыл Тогуз-Торого көчүп келгенин эске алыңыз. Ушул жылдары түндүк кыргыздар орустардын карамагына карашып, оёздорду коюшуп, Нарында жана анын « сыртында» шайлоолор өтө баштаган.

1863-70-жылдары каттоо жүргөнү менен Тогуз-Торо жөнүндө кабар жок. Тогуз-Торо орустардын карамагына өттү делингени менен башка иштер жүргүзүлгөн эмес деп эсептөөгө болот. Загряжеский «1868-жылдары Осмон Тайлак уулу Тогуз-Тородогу орустардын чебине Тайлактын атын ураан кылып чакырып кол салды» деп маалымат берет. Бул учур Осмон, Баракан экөө (эске алыңыз) Кытайга өтүп кеткен жылдарга туш келет. Бирок Тогуз-Тородогу башка уруулар деле Тайлактын атын чакырып уруш салышы мүмкүн.

Орустар жерди басып алуу менен экономикалык, согуштук-стратегиялык жактан иш алып барууну колго ала баштаган. Б. Солтоноев Боомдогу жол курулушуна тартылган айылдардын жашоочуларын баяндоо менен «Ушул учурда Тогуз-Торо алыс болгондуктан, жолунун татаалдыгынан ишке тартылган эмес» дейт.

1870-жылы, кээ бир маалыматтарда 1873-жылы Кетмен-Төбө, Кочкор, Тогуз-Торо туз кендери иштетиле баштаган. Ал эми 1876 жылы түштүктө темир жолу менен автомобиль жолдору курулуп, Кетмен-Төбө, Тогуз-Торо-Нарын автомобиль жолдорун куру маселеси каралып, куру иштери башталган.

Жалпы карасак, 1825-жылдан баштап Кыргызстандын территориясында Кокон хандыгы менен орустарга каршы күрөш токтобой чыга берген. 1873-жылы 2500 боз үйлүү көтөрүшчүлөр кайра Ферганада көтөрүлүп, күзүндө Андижандан биригип, Алма-Ата уездине көчүп келишкен. Аларга Кетмен-Төбө менен Тогуз-Тородон жер бөлүп берилген.

Ушул эле 1875-жылы сентябрда Жети-Суунун генерал-губернаторунун рапортунда «Тогуз-Тородо көчүп–конуп жүрүшкөн Сарт уруулары менен Найман урууларынын ортосунда малга тийүүлөр болгон. Бир эле жолку малга тийүүдө Сарттар Наймандардан он тогуз миң кой, сексен жылкы, жыйырма төө тартып алган» дейт.

Мамырдын 1875-жылкы түштүктөгү көтөрүлүшү ийгиликсиз болуп, жазда Тогуз-Тородогу элге түшүп, Худаяр ханга каршы турууга аракет кылган. Андан кийин Түркстан администрациясына кабыл алуу боюнча кайрылган. Ушул жылы Басыздар Бекбокто айылы менен Көк-Артты ашып Тогуз-Торого өтүп, эки-үч жыл турушат да, шартка көнө алышпай Кочкорго, андан Жантай айылына көчүп кетишкен. 1873-жылдан бери Тогуз-Тородо жашап турушкан Мундуз, Илият уруктарынан Алтыбай бий менен Жанузак бий Түркстан генерал-губернатору Колпоковскийге кат алып барышат. Анда эки жүздөй боз үй болушуп орустардын карамагына өтүүнү каалашып, бир жылдан бери Кетмен-Төбөдө, Тогуз-Тородо жашап турушарын, мында турушкан Керимбек, Чоро, Бабатай уруктары чатак кылышып, куун жатышканын баяндашкан. Оң жооп болгон эмес. Ушул жылкы каттоодо Мундуздар убактылуу каттоого алынган. Керимбек, Чоро, Бабатайлар толук катталган. 1875-жылы Шабдан Таджикстанга элчиликке өз жоокерлери менен жол тарткан. Ал Кауфманды коштоп жүргөн. Алар Тогуз-Торо аркылуу өтүшүп, мал, окат-аш жыйнап алышып, элге оорчулук алып келишкендиги тууралу маалымат жеткен.

XIX кылымдын экинчи жарымында Чүйдөгү Солтолор өз ара чатакташып Тогуз-Торого көчүп келип, кайра көчүп кеткендигин баяндадык. Жогорудагы окуяларды

байланыштырсак бири бирине тура келет. 1893-жылдан баштап орус дыйкандарын түштүк Кыргызстанга отурукташтыруу башталгандыгы тарыхта белгилүү. Бул кезде Кыргызстан төрт областка бөлүнгөн: Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Самарканд жана Фергана. Тогуз уезд болгон: Бишкек, Кара-Кол, Алма-Ата, Ош, Анжиян, Наманган, Маргалаң, Кокон, Ходжент. 1898-жылы Миң-Дөбөдө Эшендин көтөрүшүн колдоду деген шылтоо менен Пишпектен уезд жардамчысы Кубатов, Токмоктон Байаке, Кочкордон Тезекбайлар болуп алдыга аттанып чыгышат. Артынан Эсаул Затиншиков эки жүздөй казак-орус отряды менен чыгып жолдо Нарындын, Тогуз-Торонун, Кетмен-Төбөнүн элин аябай талап тоногон, кээ бирлерин Сибирге айдашкан экен.

Тогуз-Торонун Казык деген жеринин жака-белинде, элдин сөзүнө караганда, Мамбетаалы деген манап сүргүнгө айдалган деп сөз кылышат. Мунун ушул кездеги окуяга байланышы бар болушу ыктымал.

1915-жылдарга чейинки аралыктагы Тогуз-Торо жөнүндө баяндарды ушул пайдаланган эмгектерден көп жолуктура албадым. Ж. К. Мамбекова менен Ж. Б. Бактыгуловдун маалыматтары боюнча 1893-жылдан баштап орус дыйкандары түштүк Кыргызстанга отурукташа башташкан.

Ал эми 1905-жылы жер которуштуруу башкармасы түзүлүп, 1907-жылдан баштап жер-суу ченеле баштады.

Натыйжада, Тогуз-Торонун Атайына, Чайкасына орус (украин) келгендери 1908 – 1910-жылдарда келиши мүмкүн. 1915-жылдары (1916-ж) белгисиз максат менен орус аскерлери Көк-Арт ашуусун ашып, Тогуз-Торо аркылуу өтүп кетишкен. Аларга Калпа Келдибек уулу жардам берген.

1916-жылдын башында тогуз-торолук кедей Жээнчоро Аргынбаев өзүнчө волость түзүү оюу менен элди үгүттөп чыккан. Кийинчерээк ал киши бийлик ээлеринен каза болот. Жээнчоро Аргынбаев эгер бийликтегилер макул болбосо, шайлоо өтпөй каларын эскертип уездге билдирген.

1916-жылы генерал-адъютант А. Ж. Куропаткиндин чечими боюнча Тогуз-Торого туруктуу аскер постун коюу каралган. Октябрда А. Ж. куропаткин Пишпекке келери менен Тогуз-Торого эки казак станциясын негиздөө планга кошумчаланган. Анда Тогуз-Торо Фергана менен Жети-Сууну туташтырган жол болгондугун эске алышкан.

Ушундай чечим менен Атайке приставдардын турган жайы болмок, себеби ал жерде орустар жашап турушкан эле. Ошол эле А. Ж. Куропаткиндин көрсөтмөсү боюнча Атайке тоолуу шаар-уезд болуп Фергана областына карамак. Муну 1916-жылы октябрда ишке ашыруу бекитилген. Мында Тогуз-Торонун жол катнашы, мал чарбасынын өсүшү, кен байлыгы, климаты да эске алыныптыр.

Ушундай убакта Тогуз-Тородо Атайке менен Чайкеде бир аз орустар (украиндер) жашап турушуп, туруктуу элди аябай жүдөтүп жиберишкен, алардын жерин тартып алышкан, талаадан отун алса, айылдын жанынан же талаасынан өтсө салык салышкан. Аткарбаса токмоктошкон.

Бул кемситүүгө эл чыдабай, Чолук деген эр жүрөк адамдын кол астында 1916-жылы үч жүздөй кол куралып, Нарын тараптагы көтөрүлүштүн жетекчиси Канат менен макулдашып, Атайкедеги келгендерге кол салып, Тогуз-Торонун аймагынан куул салышкан.

Элибиздин айтымына караганда, аларды «капырлар» дешип, алма, бак-шагынын түбүн көөлөшүп, үй-мүлкүн талкалап салышкан. Орустар түн жамынып Көк-Артты ашып кетишкен дешет. Кыргыздар менен жакшы мамиледе болгондорунан калып калгандары болгон. Ушул эле жылы эки миңдей аскерди баштап Кабак аркылуу Жумгалга жөнөп кетишкен. Чолук Канат менен байланыша албай калган. Нарын жана Ысык-Көл тараптагы кыргыздарга «Тогуз-Торого эки миңдей орус аскерлери келип, Долонду көздөй чыкты,» деп угулат.

Чолуктун колу орустар менен эки өйүз болуп алып, салгылашып, Чолуктун начар куралданган, машыкпаган жигиттери жеңилип, кээде Турпанга, кээде ТОО таянып качып бекинишкен дешет. Бирок ал киши кийин кармалып Нарында атылат. Тоолук көтөрүлүшчүлөрдү басу үчүн аракетти ошол кездеги телеграммалардан байкоого болот. Анда «Верный генералы Фольбаумга (2969 №РУ 6827). Капитан Климовскийдин отряды алаксызбастан Нарын тарапка жол тартып, Тогуз-Торого түшүп, Нарындын батышын ылдам жөнгө салуу менен Суусамырдагы отрядга жардамга өтүүсү керек» делинет.

1916-жылы көтөрүлүштү, анын ичинен Жети-Суу областын тынчтандыруу максатында августта Анжияндан үч багытта аскер

жөнөтүлгөн. Алардын бири – Анжиян – Тогуз-Торо – Нарын багыты.

1916-жылы күздө көтөрүлүш аяктап калган болсо керек, себеби Тогуз-Торого эки жүздөй орус аскери келип, өргүшөт да, жүздөйү калып ушул жерге казарма кура башташат. Революция чыкканда кээси бала окутуп калып калган. Көргөндөрдүн калтырган маалыматтарына караганда солдаттар погондорун жулуп ыргытышкан. Алардан окуп чыккандардын бири А. Чоробаев болгон.

1875-жылы Тогуз-Торо Токмок уездине киргендиги тууралуу маалымат берилет. 1911-жылы тоолуу аймактардын катарына кирет, бирок кийин 1916-жылдагы административдик, территориялык бөлүштүрүүдөгө отчёттордо Тогуз-Торо катталбайт.

Тарыхый булактар боюнча Тогуз-Торо тарапта Кыргыздардан улуу эркиндик көтөрүлүшүнө жан дилдери менен катышкандар: Чолук, Кудайберген, Жээнчоро, Атабек, Сарбагыш, Касмаалы, Мамбет уулдары болушкан.

Окурмандардын бул чогултулган санжыра, тарыхый булактарды дагы-дагы толуктап, иликтеп, бышыктап, тактап, тарыхый стилге салып чыга турган алдыдагы иш экендигине көздөрү жетет. «Элдики-элге» дегендей бул менин өрөөнүбүздүн таржымалын баяндоого жасаган далалатым болду.

*19. 04. 2001-ж.*

## АДАБИЯТТАР:

1. Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. Б. – 1995.
2. Турдубай умар уулу. Кыргыз санжырасы. Б. – 1991.
3. Эсенкул Төрөке уулу. Кыргыздын кыскача санжырасы. Б. - 1995.
4. Бейшеналив Ш. Тайлак Баттыр. Б. – 1998.
5. Орунбеков Бакыт. Тогуз- Торо. Б. – 1994.
6. Агофонова Г. А. Аска боорундагы сүрөттөр эмне жөнүндө баяндайт. Ф. – 1994.
7. Ормонбеков А. Тил жана адабият институнун эмгектери.
8. Салитанов Б. Кызыл Кыргызстан тарыхы 1-, 2-китеп Б. – 1993.

9. Байтур А. Кыргыз тарыхынын лекциялары 1-, 2-китеп Б. 1992.

10. Караев О. Чагатайский улус, государство Хайду. Могулистан. Б. – 1995.

11. Үсөнбаев К. Присоединение южной Киргизии к России. Ф. – 1996.

12. Үсөнбаев К. Общественно-экономические отношения киргизов Ф. – 1980.

13. Кыргыздар (Санжыра, тарых, мурас, салт). Б. – 1991.

14. Бактыгулов А. С. Кыргызы, источники, история этнография Б. – 1996.

15. Мамбекова А. К. История кыргызов и Кыргызстана с древнейщих времён до нащих дней. М. – 1999.

16. 1916-жылы Кыргызстандагы көтөрүлүш Б. – 1996.

17. Хрестоматия на средневековой истории Кыргызстана (XIII – XVIII вв.) Б. – 1996.

18. Восстание кыргызов и казаков в 1916 году. Б. - 1994

## КАЙБАЛЫ ИТИГУЛОВ

1936-жылы Казарман айылында туулган. Ушул күнгө чейин мугалимдик кесипти аркалайт. Мектептерде директордук милдетти аткарып келген.

## БЕКТЕН БЕК БОЛГОНБУ

Шүкүр уулу Бектен 1871-жылы (маймыл жылы) Тогуз-Торо өрөөнүндө Коён-Токойдо орто чарбалуу, өз оокатына тың, сарамжалдуу, өз доорунда эскиче билимдүү чоң үй-бүлөдө туулган.

Өзү менен бир тууган Жоор, Тойчубек, Мамбетаалы, Оркош деген инилери, Эркеган, Сүйүмкан, Алымбү, Карагыз деген карындаштары болгон. Алар баары биригип тогуз бир тууган эле.

Бектен атасы Шүкүрдүн таалим-тарбиясын алып, айткан керез сөзүн урматтап, өз кезегинде мусулман динindeги билимге ээ болгон.

Бектендин бирден-бир алдыга койгон максаты – жалпы эл-журттун ынтымакта, биримдикте, оокаттуу, бейпил тынч жашоосуна бардык күч-кубатын жумшоо болгон. Бектен ак көңүл, талапты коё билген адам эле. Ал Казарманга мечит-медиресе ачып, балдарды окутуш үчүн Тогуз-Тородогу илимдүү деп эсептелген Ныязалы, Адамалы деген молдолорду чогулткан. Бирок алардын билим даражасы чакан болгондуктан Тажик молдо, Мойдун кары деген чоң билимдүү молдолорду сырттан алып келип, көп адамдарды эскиче билимге ээ кылган. Алардан билим алгандар Илияз, Кадыркул, Мааткалык, Эмилбек, Назармат ж. б. болгон.

Шүкүр уулу Бектен жашоосунда ар кандай татаал турмушту башынан өткөргөн. Ал 1916-жылы орус падышачылыгынын аскерлери Тогуз-Торо өрөөнүнө келип «Казарма» чебин куруп, элди куугунтукка алганда өзүнө караштуу ага-тууган, жакшы санаалаштары менен Кытай жери Кашкара качып, жолдо Алай-Куу деген жерге барып кыштап калат. Ал жерге баргандардын жашоо-шартынын начардыгын, жергиликтүү бийлөөчү таптардын адилетсиздигин сезип Кашкара барбастан, Совет районунун (азыркы Кара-Кулжа районунун) аймагынан кайра өз айылына көчүп келген.

Ошол мезгилде кыргыздын жерине орус элинин келе баштаганын, аларды өнөрлүү эл экендигин байкашат. Атай, Аралдан Саке, Ибрагим деген ошол кездеги элдин тың чыккан өкүлдөрүн чакыртып, атактуу акын Тоголок Молдонун кеңеши боюнча Алма-Ата (Верный) шаарына тилмечтин окуусуна тың, зирек балдардан жибермек болушат. Бул иштин жыйынтыгы боюнча Бектен ниси Оркош, Ибираимдин иниси Калы, Сакенин баласы Мааленди Верныйга үч жылдык окууга жиберишет. Ал жерден Оркош менен Калы окууну толук бүтүп, орус тилин дурус билет деген наам алып, элине келишет.

Ошол жылдары Оркош менен Калы Тогуз-Торо элинин жашоошартынын начар экендигин сезип, Ак-Талаа элинин болушу Касымбектен болуштук укук талашып, Тогуз-Торо элине өзүнчө болуштук укук (наам-печать) алып келип, болуштукка агасы Бектенди сунуш кылышат. Бектен бул сунушту кабыл албай: «Балдар, силер тил алсаңар. Адам баласынын эмгегин баалай билгиле. Анткени шайлоодогу эмгек, чыгымды Мынагелди эли көтөрдү. Калыстык кылыш керек. Кара өзгөй, калп, арам оокатка, алдым-жуттумга жол бербегиле. Тойгонго

топук кыл, назарыңды ач тутпа. Барды-жокту бирдей көргүлө. Эсиң болбосо бала бак. Элге назарыңды сал. Эл эмне иштесе, ошону иште. Элден бөлүнбөгүлө, жалгыз калбагыла. Оркош, Калы экөөңөргө, силердин акыл-эс, эмгек-аракетиңерге ыраазымын. Бир Кудай-Алла-Таала жолуңарды ачык кылсын» - деп Бектен Оркош менен Калыга бата берип, болуштукту Мынагелди, (азыркы Кош-Дөбө) элинин аксакалы Садырга ыйгарат.

Ошол мезгилдерден көп узабай эле Улуу Октябрь Революциясы жеңгенде Шүкүр уулу Бектен, күйө баласы Чолук (Бектендин карындашы Каракыз Чолуктун аялы болгон) жер ээси, эл башчысы, эзүүчү айыпкер катарында, 1924-жылы Бектен эки иниси: Оркош, Тойчубек, Чолуктун эки баласы менен Нарындагы түрмөгө камалат. Ал жерден Чолукту, Оркош менен Тойчубекти өлүм жазасына, атууга өкүм чыгарат. Ал эми Бектенге, Чолуктун эки баласына актоо кагазын берип түрмөдөн бошотот.

Тогуз-Торо өрөөнүндө жаңыдан коллективдештирүү башталып, 1930-жылы кулактарды тап катарында жоюу учурунда Бектен экинчи жолу Оштогу түрмөгө камалган. Ал кездеги коммунисттик диктатура Тогуз-Торо элинин он башы, жүз башы, Кызыл-Чок (старчин) бий, болушуна чейин тазалап, Жалал-Абад, Ош түрмөсүнө камалган. Ошол адамдардын арасынан тирүү өз айылына келгени Бектен менен Тайлак уулу Ибрайим болгон.

Шүкүр уулу Бектен – жашоо-турмушунда ар кандай татаал тагдырга кабылып, жеңилбестен, келечектеги жашоо-турмушту терең түшүнүп, талыкпай эмгектенүүнү бирден-бир парзы эсептеген адам.

Бектен эл-журтуна: «Агайын-тууган, жерди сыйла, жерди кирма, элден бөлүнбө. Элден бөлүнгөнүң өлгөнгө барабар. Ошон үчүн ыйманыңды таза болсун» - деп кеңеш берген экен.

Ушул ойлогон оюн, айткан сөзүн иш жүзүндө аткарыш үчүн жалпы эл менен бирдикте бир топ эл үчүн пайдалуу иштери жасай алды. Алсак, атасы Шүкүр баштаган, Чет-Булак айылында эл пайдаланган Көк-Арт суусунан алынган алыш болгон (арыктын аты ар кандай аталып жүрөт: «Шүкү», «Ак-Кыр», «Кайырма»). 1935-жылы Тогуз-Торо районунда уюшулган жылкы совхозунун директору Килименконун кийлигишүүсү

менен Бектен ал каналды элдин пайдалануусуна тартуулап, азыркы Чет-Булак айылындагы элди бир жерге топтоштурууга көмөк көрсөткөн. Бул аткарылган жумуштун чындыгына Бектендин атасы Шүкүрдүн топ (жыйын) өткөрүп жүргөн «Шүкүр-Дөбө», Чет-Булактагы «Кара-Там», «Ак-Коргон» жерлери, жана «Кайырма» каналынын этегиндеги жерлер күбө боло алат.

Шүкүр уулу Бектендин эл үчүн жасаган БТР эмгеги – «Көк-Арт» дарыясынан агып чыккан «Кара-Сеңир» арыгы. Бул арык Шалаты участкасынын теңин, Дүпкүр, Кара-Табылгы участкасын суу меенен камсыз кылат. Аны ушул күндө да пайдаланып жатабыз. Азыркы күндө Коён-Токой, Аэропорт деп аталган жер мурун Ак-Там деп аталчу. Анткени Бектендин атасы Шүкүр биринчилерден болуп ошол жерге там салып, аны ак топурак менен шыбаткан. Ошондуктан Ак-Там болуп аталган.

Кийин атасынын ишин улантып Нарын дайрасынан алыш байлап суу чыгарып, Коён-Токой, Казарман аймагын суу менен камсыз кылууга аракет жасаган. Ушул күндө ал арык Бектен арыгы деп аталып калды.

Дагы бир эске аларлык сөз – Бектен совет өкмөтү курулардан мурун Кара сакал, Кашка, Атантай уруктарынын аксакалдары менен кеңешип, «Алдаке», «Бир-Калпак» талааларына алыш байлап, суу чыгарууга кеңеш берип, ал ишти жүзөгө ашырган.

Бектендин бирден-бир жакшы көргөн, акыл-насаат, кеңеш берген Досу, жолдошу Тоголок Молдо болгон. Тоголок Молдо Улуу Октябрь революциясынын жеңишин Тогуз-Торо районунда жүргөн кезинде угуп, жалпы элге берилген тең укуктуулукту даңазалап, эзүүчүлөрдү маскарлаган ыр саптарын жазуусун ушул биздин элден баштаган. Тоголок Молдо 1940-жылы Бектендин үйүнө келип Тогуз-Тородогу айыл аксакалдардын, санжырачыларды чакыртып: «Тайлак баатыр жөнүндө эмне билесиң, энеси ким, тагалары кайдан, кандай баатырлык, эрдик иш жасаган?» - деген суроолорду берген. Буларды кагаз бетине түшүргөн өзү менен кошо келген секретарь Абдыкалык Чоробаев болгон. Китептин автору Чоробаев болуп калды. Негизи, Тайлак баатырдын тарыхын изилдеп жазган Тоголок Молдо.

Шүкүр уулу Бектендин улгайган карылык жашы Улуу Ата Мекендик согушка туш келди. Бул кыйын кезең мезгилде үйүнө тынч жата албай карыялар арасында демилге көтөрүп,

катарында Быржы, Турдумамбет, Шергазы, Исак, Кыдырбай, Мойдун кары, Миңбай, Чопу, Байзак баштаган – бардыгы он сегиз адамдан турган абышкалар бригадасын түзүп, колхоздун ички кыштоосундагы «Тагай», «Чарабай», «Шородогу» чөптөрдү чабууну, чабарга коон-дарбыз өстүрүп берүүнү колго алышат. Айрыкча, жай, кыш дебей согушка кеткендердин үй-бүлөсүн кыдырып, ал-абалын сурап туру башкы милдетим деп эсептеген. Бектен 1944-жылдын 14-ноябрында жетимиш үч жаш (мүчөл) курагында дүйнөдөн кайткан.

***1998-жыл, «Жеңиш Туусу» гезити***

# ПРОЗА

# КУТТУМИДИН БАЗАРКУЛОВ



Базаркулов Куттумидин 1968-жылы Тогуз-Торо районунун Казарман айылында туулган. Чыгармалары Республикабыздын туш-тарабына тарап, окурмандарын, көрөрмандарын тапкан драматург, жазуучу. «Сүйүү жана ый», «Жалгыз жылдыз», «Табышмактын жандырмагы», «Бир атанын эгиз балдары», «Атанын тагдыры» аттуу трагедиялуу драмалардын, «Жүрөк сыры», «Эмилбек», «Репрессия» атту повесттердин, «Көз жаш», «Ашуу», «Жапайы адам» чыгармаларынын автору.

## ЭМИЛБЕК
***(повесттен үзүндү)***

Элдин курсагы анча тойбосо да, келечегин ойлоп, жакшылыктын болорун күтүп, көр турмуш, тар тагдыр оңолуп келер деген үмүт менен жашап жаткан учурдун кыйыры. Бир жагынан тап күрөшү күчөгөн, кайсы жагына ооп кетсе да көчөр журтубуз, ичер суубуз болор бекен деген табышмактуу коомдун мезгили. Мурун бай-манаптардын оокатын кылып нанын таап жеген карапайым элге кыйын эле болду. Ошол кезде совет бийлигин орнотуп теңчилдик, ынтымактык өкүм сүрүп, бай-манап заманы түп орду менен жоголуп, бир калыпта жашаган өмүр келетдеген сүздүр эл арасында тарап жаты. Илгертен кыбыраңдатып ороо-короо малды күткөн, үйүр-үйүр жылкы баккан, челектеген каймакты челип жеген байлар ага жол бергиси келбеди. Карапайым эл теңдик заманын укканда колуна совет бийлигинин куралын алып өздөрүнүн кожоюндарына каршы көтөрүлүшкө чыкты. Мындай жаңжал корбашы, бай-манаптардын кыжырын кайнатып, алардын тиштенүүсүнө дуушар кылды.

Алымбек корбашы кабагын бүркөп, каарын чачып, сүрдүү айбатын көрсөтүп, желдеттерин чакырып совет билигине каршы кол топтоду.

- Эй, жигиттер, оң кулагыңар менен да, сол кулагыңар менен да уккула! Арамга аманчылыгын тилеп ашыңы берсең да адалдык кылбайт. Кечээги менин босогомдогу байкуштар, жакшылыкты, соопчулукту билбеген арам тамаксоолор бүгүн башыма муш болуп отурушат. Алар ач көздүк менен мүлкүмө кызыгып, аны талап-тоноонун алдында турушат. Алар ар бирибизди атып өлтүрүүнү ойлоп жатышкан учур. Жолуңар кандай гана арам тамактар чыкпасын кан чыгарып адалдап мууздагыла. Жок дегенде, алар Кудай астында адал болушсун. Балдар-кыздарынан бери кан чыгарып мууздагыла, оо дүйнөдө бейишке чыгышат.

Жигиттеринин арасынан шымаланып турган Акматкул кынынан мийизи ичке келген, жаркырап көздү уялткан бычагын алып:

-Алымбек аба, сиздин айтканыңыз орундалат! Арам тамактардын эмчектеги балдарынан бери адалдайбыз. Биздин колубуздан тамак ичип, кайра мүлкүбүзгө кызыгып, өлтүрөбүз деген арамзаларга көрсөтөбүз көргүлүктү. Күч биз тарапта. Кана, жөнөдүк! – деди опурулуп. Желдеттер чурулдап аттарына секирип минишип чабуулга жөнөштү. Алымбек желдеттерин жөнөтүп, адатынча боз үйгө кирип мандаш токунуп, мурутун тиштене кыжырданып отурду. Токолу Алымкан ийилип кымыз сунду.

- Капырлардын сөзүнө кирип, тилин алып, багып жаткан байын өлтүрөм дешкен наадандар! Алымбек өзүн тыя албай көпкө чейин сүйлөнүп жатты.

Акматкул жигиттери менен кетип бара жатып, алдынан бала көтөргөн аялды көрүп тегеректеп токтоп калышты.

- Эй, катын! Күйөөң бизге каршы аттанып жаткандыр. Мүмкүн бизди: «Колум менен өлтүрөм!» - дегендир. Жигиттердин баары үндөрүн бийик чыгарып каткырып күлүп жатышты. Бейтааныш аял баласын бекем бооруна катып, аттары менен жер таптап турган жигиттерди жарып өтөйүн дегенде Акматкул камчысы менен башка бир чапты. Аялдын бакырыгы жаңырып бүт ааламга угулгансыды:

- Айланайын ага! Биз балам экөөбүздүн андай кылуу оюбузда жок. Талаада иштеген жолдошума тамак жеткирип баратабыз. Акматкулдун ансайын кыжыры кайнап:

- Кана, совет бийлигинен тамак алып барып бербейт белең талаадагы күйөөңө!

- Эй, жигиттер, оң кулагыңар менен да, сол кулагыңар менен да уккула! Арамга аманчылыгын тилеп ашыңы берсең да адалдык кылбайт. Кечээги менин босогомдогу байкуштар, жакшылыкты, соопчулукту билбеген арам тамаксоолор бүгүн башыма муш болуп отурушат. Алар ач көздүк менен мүлкүмө кызыгып, аны талап-тоноонун алдында турушат. Алар ар бирибизди атып өлтүрүүнү ойлоп жатышкан учур. Жолуңар кандай гана арам тамактар чыкпасын кан чыгарып адалдап мууздагыла. Жок дегенде, алар Кудай астында адал болушсун. Балдар-кыздарынан бери кан чыгарып мууздагыла, оо дүйнөдө бейишке чыгышат.

Жигиттеринин арасынан шымаланып турган Акматкул кынынан мийизи ичке келген, жаркырап көздү уялткан бычагын алып:

-Алымбек аба, сиздин айтканыңыз орундалат! Арам тамактардын эмчектеги балдарынан бери адалдайбыз. Биздин колубуздан тамак ичип, кайра мүлкүбүзгө кызыгып, өлтүрөбүз деген арамзаларга көрсөтөбүз көргүлүктү. Күч биз тарапта. Кана, жөнөдүк! – деди опурулуп. Желдеттер чурулдап аттарына секирип минишип чабуулга жөнөштү. Алымбек желдеттерин жөнөтүп, адатынча боз үйгө кирип мандаш токунуп, мурутун тиштене кыжырданып отурду. Токолу Алымкан ийилип кымыз сунду.

- Капырлардын сөзүнө кирип, тилин алып, багып жаткан байын өлтүрөм дешкен наадандар! Алымбек өзүн тыя албай көпкө чейин сүйлөнүп жатты.

Акматкул жигиттери менен кетип бара жатып, алдынан бала көтөргөн аялды көрүп тегеректеп токтоп калышты.

- Эй, катын! Күйөөң бизге каршы аттанып жаткандыр. Мүмкүн бизди: «Колум менен өлтүрөм!» - дегендир. Жигиттердин баары үндөрүн бийик чыгарып каткырып күлүп жатышты. Бейтааныш аял баласын бекем бооруна катып, аттары менен жер таптап турган жигиттерди жарып өтөйүн дегенде Акматкул камчысы менен башка бир чапты. Аялдын бакырыгы жаңырып бүт ааламга угулгансыды:

- Айланайын ага! Биз балам экөөбүздүн андай кылуу оюбузда жок. Талаада иштеген жолдошума тамак жеткирип баратабыз. Акматкулдун ансайын кыжыры кайнап:

- Кана, совет бийлигинен тамак алып барып бербейт белең талаадагы күйөөңө!

Жигиттердин каткырыгы ансайын таш жарат. Бооруна баласын бекем кыскан аял колундагы тамак куюлган идишти таштап жиберди.

- Кана, жигиттер! Кимдин колунан келет адалдоо? Жигиттер бирин бири карап эч кимиси аттан түшпөдү. – Ой акмактар, коркоктор, адалдасаңар баласын бооруна кысан боюнча бейишке чыгат. Катынды ортоңордон чыгарып жибергиле! – деди да, Акматкул мийзи ичке келген канжарын алып, аттан ыргып түштү. Аны көргөн бейтааныш аял:

- Айланайын ага, мени өлтүрсөң өлтүр, балама тийбе! Жаралгандан жалгыз, балам. Кудайдан тилеп, ай жарыгына бата кылып, мазарлуу жерлерге сыйынып, таза булактардан суу ташып, аткан суунун арыгын түзөп жүрүп көргөн балам. Тийбе балама! Мени мууздасаң муузда! – деди да, мойнунан жолугун чечип Акматкулга башын сунуп берди. Энесинин боорунан ажыраган, эч күнөөсү жок периште энесинин эмчегинен көзү өтүп, тырмаландап үнүн чыгарып ыйлай баштады. Акматкул эч кыйноого салбай өзү башын тосуп берген аялдын башын көтөрүп, тамагына канжардын мийизин такап тартып жиберди. Эч жактан жардам келбесин билип туруп, баласына тийгизбестин амалын ойлоп, бөөдө ажалга моюн сунбадыбы, аял бечара. Үнсүзү жок аял жерге кулап, башы денесинен бөлүнүп түштү. Байкуш бала энесинин бутунан мойуна чейин үнүн болушунча чыгарып ыйлап тырмаландап келди. Денеден ажыраган моюнчага келгенде бир нерсени сезгендей бакырып жиберди. Кантсе да умай эненин эркелетүүсү али тарай элек периште эмеспи. Бала канга боёлуп энесинин үстүнөн кулап түштү. Бир кезде үнүн басаңдатып, сүйүнгөнсүп кандайдыр бир ишеним пайда болгонсуп, бору менен жылып жөнөдү. Көрсө, энесинин көзү ачылган боюнча калган башын көрүп үмүт кылган экен. Жаткан башты колу менен бир түртүп алып баланын үнү чыкпай жүзү оот жыгылды. Жигиттер баланы карап турушту. Алардын арасынан Чубак деген жигит алдыга жутунуп:

- Акматкул, сен адам эмессиң! Баланы эмнеге мынча кыйнадың. Өлтүрсөң да өлүктү балага көрсөткөнүң акмакчылык! – деди. Акматкул жини келип:

- Сени менен анан сүйлөшөм. Кеттик жигиттер! – деп кыйкырды. Бир далайга чейин эч кимде үн-сөз келе жатышты. Аңгыча болбой алдынан алибеттүү келген Мамбеталы бийдин баласы Эмилбек чыкты.

- Акматкул, жигиттер менен жол тартып кайсы тарапка жөнөдүң?

- Совет бийлигин колдогон арам тамактарга! Жүрү сен дагы биз менен! Сени да өлтүрүшөт алар.

- Мен акыл-эстен тайы элекмин, Акматкул! Акылым ордунда, сенден сурабайм кайда барышты.

- Кой, Эмилбек, катуу кетпе.

Акматкулдун кийим-кечеси, колдору кан экенин көрүп Эмилбектин бүткөн бою дүркүрөдү. Ал Акматкулдун ороңдоп сүйлөгөн сөзүнө көңүл бөлбөй жол тартып жөнөдү. Келе жатса баланын кыңылдаган үнү угулгансыйт. Атты ылдамдатып бастырып, денеси менен башы бөлөк болуп жаткан аялдын сөөгүн көрүп, араң үнү чыккан баланы көтөрүп колуна алды. Муну Акматкул жасаганын түшүндү да, баланы өңөрүп айылга жеткирип, кайра артка жөнөп, Акматкулдун жолунан тосту. Жигиттердин бири да жетекчиси Акматкулдун сүйлөгүсү келбейт. Эмилбек атын тердегенче чаап, топ жигиттин арасынан кирип Акматкулдун жолун тороду.

- Сен Алымбектин айтканын аткарам деп күчүңдү катындан чыгардынбы? Ошончолук күчкө толупсуң курал-жарагы бар менден чыгар. Чык жекеге! Акматкул атынан ыргып түшүп, канга боёлгон канжарын сууруп чыкты.

- Сен дагы совет бийлигин көздөп калган окшойсуң. Түш аттан! Эмилбек да аттан түшүп, канжарын колго алды.

- Кеп бийликте эмес адам болгондон кийин адамдык сапатты ойло. Баланын кейпин көрдүңбү? Сенде дагы катын бар, сенде дагы бала бар. Ар кимди өзүңдөй ойло, жырткыч!

Экөө жеңдерин түрүп, бычактарын жалтыратып, бирин бири жеп жиберчүдөй карап, жекеге чыкмачы болушат. Жигиттердин биринин да Акматкулга болушар оюу жок, бардыгы тең Эмилбек тарапта болуп турушту. Экөө мына эми киришерде: «Токтоткула!» - деген жоон үн чыкты. Эмилбек жалт карай калса Алымбек, Кайып түрк, Рыскул, Шермат өңдүү башчы, корбашылар экен. Ал Акматкулду көзү менен тике карап, колдон келсе корбашыларды да өз колу менен бирден аткысы келди айла жок, алар – көп, Эмилбек – жалгыз. Унчукпастан атына минди да жол тартып жөнөдү. Артынан Акматкул мылтыгын алып атарда Алымбек колунан тартып токтотуп:

- Ал байдын, бийдин баласы. Совет бийлиги аны жолотпойт, эми эле жок кылат. Коё бер, кете берсин. Ажал тартып турат Эмилбекти, - деди.

## БАКЫ ОРОКОВ



Райондогу ар тараптуу багыттагы чыгармачыл топтордун төрагасынын орун басары. 1936-жылы Казарманда төрөлгөн. Ушул мезгилге чейин райондук масштабда жетекчи кызматтары иштеп келет.

## ЖОЛ – ТУРМУШ АРТЕРИЯСЫ ЭКЕНДИГИ ТУРАЛУУ КӨП АЙТЧУ…

*Эстутум*

Тогуз-Торо өрөөнү – Кыргыз Республикасындагы борбордон эң алыс жайгашкан, жолу абдан татаал, тогуз тарабынан бийик тоолор менен курчалган, климаттык шарты да катаал келген аймак.

Албетте, алыскы тоолуу жерде жашаган эл менен климаттык шарты ыңгайлуу ойдуңда жашагандардын жашоо-тиричилигинде көп айырмачылыктар болору талашсыз. Ал эми райондун эли жаратылыштын далай жолку оор кырсыктарын башынан өткөргөн. Кышы узакка созулуп, кардын калың түшкөнүнөн улам колдо болгон бирин-экин малдарынан кол жөө калып жакырлаган учурлар көп эле болгонун карыларыбыз эскеришет.

Өрөөндүн элинин көпчүлүгүнүн жакырчылыкка жашашы бир жагынан өрөөндөн сыртка чыгуучу жол байланышынын татаалдыгы, алыстыгы менен да түшүндүрүлгөн. Бул олуттуу маселе боюнча кезегинде Кыргыз өкмөтүн жана областтык башкарган айрым белгилүү инсандар өздөрүнүн баалуу салымдарын киргизүү менен иш жүзүндө чоң жардамдарды

беришкен. Ошолордун ичинен С. Ибраимовдун биздин райондун эл-жери үчүн жасаган эмгегин айткым келет.

Султан Ибраимов Республиканын түштүк регионун жетекдеген жана Кыргыз өкмөтүнүн башында турган мезгилдерде бир нече жолу Тогуз-Торого келип, элдин жашоо-турмушунун шартын билип, учурдагы болуп жаткан кыйынчылыктарды түшүнүү менен бул элдин социалдык абалын келечекте кандай кылып жакшыртуу керектиги жөнүндө ой-толголорун эл менен жолукканда айткандары эсимде. Ал туруктуу жол байланышы болмоюнча райондун элинин турмуш-тиричилиги жакшырбай тургандыгын, дегеле жол – турмуш артериясы экендигин көп айтчу. Чындыгында, төрт тарабынан тең жол байланышы болгон болсо, райондун экономикалык, социалдык абалы мындан да алда канча жакшы болмок. Ыраматылык Ибраимов ушул кезге чейин жашап, Кыргыз өлкөсүн башкарган болсо, өрөөнүбүздөгү элдин жашоосуна зарыл болгон жол байланышы маселеси толук чечилмек. Рыноктук жашоодогу кыйынчылыктар элди азыркыдай оор акыбалга жеткирмек эмес. Жылдын төрт мезгили бою жолдо жүрүүнүн кыйынчылыгын баштан кечиргенде кыргыз элине кызмат кылып, калк үчүн кам көргөн тарыхый инсандардын ичинен Султан Ибрамовдун Тогуз-Торо элине өзгөчө көңүл бөлгөнүн дайыма эстейбиз.

Анын жаркын элеси көз алдымда тартыла калып, өмүр сапарымдагы ал киши менен жолугушкан учурлар эске түшөт.

1974-жылы толукшуган жай айларынын орто чени болчу. Биздин райондо эл арасында: «Ош областынын Сузак районунун ДЭУ, РДСУ мекемелеринин жолчулары Сары-Кыр ашуусу аркылуу түндүк менен түштүк региондорун бириктирүүчү жол салышып, ал бүткөнү калыптыр,» - деген сөздөр айтылып жүргөн. Бул жолдун кандайча салынып жатканын өз көзүм менен көрүп билүүгө абдан ынтызар элем.

Ал кезде Тогуз-Торо району Нарын областына карачу. Бирок мурда Жалал-Абад – Казарман, Жалал-Абад – Казарман – Нарын маршруттары менен АН-2 самолёту күн сайын каттачу. Ошентип, райондун калкы соода-сатыкта, турмуш-тиричиликте түштүктүн эли менен үзгүлтүксүз байланышта болуп келген. Укканым бар, мурунку «Бирдик» колхозунан бирөө эртең менен Казармандагы самолёт учкан жерге келип, минип келген өгүзүн Голованoвдун (ал киши аэропортто күзөтчү эле) үйүнө байлап

келип, самолёт менен Жалал-Абадга учуп барып, базарлап кайра түштөн кийинки учкан самолёт менен Казарманга учуп келип, кечке жуук өгүзүн минип үйүнө келсе, үйүндөгүлөр ишенбегендей болушат. Алып келген буюмдарын көрүп, жер-жемишинен жегенден кийин ишенишиптир. Бул апырткандык эмес, болгон окуя эле. Ал жылдары аба жолу аркылуу, атчан, жөө-жалаңдап ашуу ашып үзгүлтүксүз катнаш болуп турганы менен автомобиль жолу жок эле.

Ал эми түндүк менен түштүктү байланыштырган жол артериясын куру Нарын областынын, биздин райондун жетекчилеринин оюнда да жок эле. Сузактык туугандардын Султан Ибраимовдун жетекчилиги менен бул ой-максатты ишке ашырууга аракеттенип, Республиканын түндүк-түштүк аймактарын байланыштыруучу район аралык жолду салып жалгашканын келечектеги эң орчунду катары сезчүмүн.

Июль айынын акыркы жумалыгында ал кездеги райкомдун биринчи катчысы болуп иштеген Суваналиевге кайрылып, жолду көрүп, мүмкүн болсо Жалал-Абадга барып келүүнү сурандым. Ал: «Мейлиң, барсаң барып кел. Жол катнашыбыз ойдогудай жакшы болуп калса, ал жактан дагы курулуш материалдарын алсак болот. Анткени Рыбачьеге караганда бизге бул жак алда канча жакын да,» - деди.

Мен ал учурда райондогу курулуш уюмунун жетектеп, курулуш материалдарын 400 чакырым алыстыкта турган Рыбачьеден тартып келип кыйналчубуз. Эртең мененки саат алты чамада «УАЗ-469» автомобили менен төрт киши жолго чыктык. Биз саат ондор чамасында барып калдык. Биздин райондун жолчулары дабандын берки бетиндеги, азыркы Атай айыл өкмөтүнүн малчылары конуп-жайланган конушка чейин жолду түзөтүшкөн экен. Ал эми сузактык жолчулар дабандан небак ашып, биздин жолчуларга келип, эки жолду кошкону жатышыптыр.

Ал жерде эки-үч «ДТ»-Казакстан бульдозёру иштеп жаткан экен. Райондун партиялык комитетинин экинчи катчысы башында болгонт ДЭУ, РДЭСу мекемелеринин жетекчилери, мастерлер ж. б. адамдар жана райондун экинчи катчысы эки-үч саат убакыттын аралыгында эки жол бири бирине кошуларын айтты. Мен ал кишини тамашалап: «Илгеркилер мындай чоң иш бүткөндө бир жанды курмандыкка чалуучу экен. Сиз дагы жанындагы турган тракторлордун бирин кулатып ийбейсизби,» - деп

койдум. Ал менин бул сөзүмдү чын бүттү окшойт: «Ээ, баланча!» - деп жолдун мастерин чакырды (азыр анын аты эсимде жок). – «Эгерде ушул жол кырсыксыз, ак жолтой болуп, элге кызмат кылсын десең тээтиги көк Казакстан тракторун итерип, алды жакка түртүп, кулатып ийгин,!» - деп кыйкырып калды. Бул тамаша катары айтылган сөздөр эле.

Райкомдун бул катчысы ушул жолдун салынышын Ош обкомунун биринчи катчысы Султан Ибраимов түздөн-түз контролго алып жатканын, курулуш бүткөнгө чейин жоопкерчиликти андан сурарын, жол бүткөдгө бул эки областтын ортосундагы (Нарын, Ош областтары) түндүк-түштүк жол байланышынын башталышы катары официалдуу ачылыш өткөрүү керектигин атайын сөз кылып айтып берди.

Ошентип, бир топко азилдешип отурган соң жолдун кошула турган жери бүтүп, биздин Жалал-Абад тарапка өтүштү. Кечки жетилер чамасында Жалал-Абаддын борборундагы мейманкананын эшигине токтолдук. Машинанын спидометрин карасак Казармандан (МСОнун конторунан) мейманканага чейин аралык туптуура 160 км аралыкты көрсөттү. Эртеси базарлап, жер-жемиштерди алып кайра келдик. Чогулушта райондун жетекчилерине ашуунун берки биз жак бетиндеги ойурмаларында абдан коркунучтуу бурулуштар, тике жерлер көп экендигин айтып бердим. Ленин атындагы колхоздун башкармасы Иманбердиев Иса бул жолду келечекте мамлекеттик деңгээлдеги жол кылып салуу маселесин Республиканын жетекчилерине билдирүү жөнүндө сунушун чогулушта айтты.

Бул сунушту катышкан бардык жетекчилер колдошту.

Август айынын орто ченинде райисполкомдун төрагасы Какематов Зайдик курулуш материалдарынын жетишсиздигин кандай чечүү керек экендиги тууралуу айтып келип, ушул жумада Сузак менен биздин райондун малчыларын тейлөөнү жакшыртуу үчүн салынган жолдун бүткөрүлгөндүгүнө байланыштуу жолдун ачылыш аземи болорун, ага биздин райондун жана Сузак районунун жетекчилери, ошондой эле Ош обкомунун биринчиси башчысы С. Ибраимов катышарын атты. Эки күндөн кийин ишембиде эртең менен үйбүлөм менен ал кездеги райондук ооруkананын башкы врачы Абаданова Күкүн болуп Сары-Кыр ашуусунун белине бардык. Белдеги кичирээк тегиз аянчага төрт боз үй тигилиптир. Сузак району ал жерге жер-жемиштерин жайнатып, көчмө магазиндерди, автоловкаларды тизип, сода

иштерин уюштуруп коюшуптур. Өзүнчө чакан базарды элестетет. Райондон катышууга көп адамдар: жол куруучулар тейлөөчүлөр, малчылар келишиптир, ошондой эле райондук жетекчи кызматкерлердин көпчүлүгү келген сыяктанат. Ал эми биздин райондон ошол жерде жашашкан «Бирдик» колхозунун малчыларынан башка кишилерди сейрек учураттым. Менден башка райондун бир дагы мекемесинин башчысын жолуктурган жокмун. Ал жерден раисполкомдун төрагасы Какематовго, райондук уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Кыдыровго жолуктум. Райкомдун биринчи катчысы И. Суваналиев азыр бул жерге Ош обкомунун биринчи катчысы келерин айтып басып кетти. Бир аз убакыт өтпөй эле бир топ жеңил машиналардын коштоосу менен С. Ибраимов, аны кошо областтын көп жетекчилери, республиканын телерадиосунун кабарчылары келип калышты. Эми Тогуз-Торо району менен Сузак районун бириктиген жолдун курулушунун убактылуу ачылышына байланыштуу иштердин достугун чыңдаган символ катары официалдуу лента карысылды, буга биздин райондон көп элдин катышуусу керек болуп жатканы айтылып калды. Бирок «Бирдик» колхозунун ошол тараптагы бирин-серин малчыларын чогултуп, И. Суваналиев, Ж. Кыдыров, З. Какематов, мен ачылыш аземине катыштык. Ачылыш аземин Ош обкомунун биринчи катчысы Султан Ибраимов өзү кести. Эки райондун элине жакшы каалоосун айтып келип, эми бул жолду дагы кеңейтип жакшырткандан кийин Республиканын түндүгү менен түштүгүн бириктиргенжол болорун айтты. Ачылыштан кийин сузактык артисттер концерт беришти. Биздин райондун ар бир машинасына коон-дарбыз, жер-жемиш өз өзүнчө жүктөлгөн машиналар жөнөтүлдү.

Тогуз-Торо районунан барган райкомдун биринчи катчысы И. Суваналиев, райисполкомдун төрагасы З. Какематов, райкомдун экинчи катчысы М. Мамытов, райкомдун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Ж. Кыдыров, пенсионер аксакалыбыз Т. Бокашев жана мен, Ош обкомунун биринчи катчысы С. Ибраимов, обкомдун катчысы Б. Рыспаев, Сузак райкомдун биринчи катчысы Кондратьенко, областык комсомол комитетинин катчысы Н. Исанов болуп атайын тигилген боз үйдө тамак ичип, сүйлөшүп отурдук. Турганбай аксакал райондун жол байланышынын эң начар абалда экендигин,

өзүнүн иштеген мезгилиндеги башынан өткөргөн кыйынчылыктарды айтып кеп салды.

Султан Ибраимов Республиканын партиялык уюмунун катчысы болуп, кийин суу чарба министрлигин жетектеп турган убактарда Тогуз-Торо келип-кеткендигин мындайча айтты:

- Биринчи жолу суу чарба курулуштары менен таанышуу иретинде келген элем. Ал кезде «Доржу» каналынын курулушу узак жылдар бою бүтпөй дагы эле жүрүп жаткан. Экинчи жолу Борбордук Комитеттин башчысы болуп иштеп турган учурда атайын райондун жалпы социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу максатында Республиканын жол жана автомобиль министри Торопкин, айыл чарба жана суу чарба министрликтеринин жетекчилери болуп келип, райондун чарбалык иштери менен таанышкандан кийин К. Көлбаев экөө атчан «Киров» колхозунун Чат-Карагай ашуусу аркылуу Жумгал районуна Баргандыгын, келечекте ушул багытта дагы жол салу керектиги жөнүндө пикирин айткандыгын, дегеле райондун Нарын, Жумгал, Жалал-Абад тараптары боюнча жол байланыштарын курууну пландаштырууну К. Көлбаевге табыштаганын айтып отурду. Ал эми азыркы курулган жол техникалык жактан талапка жооп бербесе да түштүктө машина менен каттап, чарбалык иштерде курулуш материалдары, айыл чарбасына керектүү техникалардын запасттык бөлүктөрү менен камсыз кылууда бир топ жеңилдиктер болорун белгиледи. Сөзүнүн акырында райондо абдан жетишсиз болгон айыл чарба техникасына керектүү запасттык бөлүктөрдөн жардам берип, бул маселе боюнча чарба жетекчилери атайын кат ракылуу чакыртылып Ошко барып айыл чарба техникаларына жетишсиз болгон запастык бөлүктөрдү «Бирдик», «Кызыл-Жылдыз» колхоздоруна алып келишкен.

Ошондо С. Ибраимов боз үйдөгү аңгемелешүүдө Кыргызстанда климаттык-географиялык оор шартта жашаган төрт-беш райондун, айрыкча Тогуз-Торо районунун элинин социалдык жактан тейлениши Республиканын жетекчилеринин такай көңүлүнүн борборунда болуп турбаса, анда жашаган эл кыйынчылыкка дуушар болуп каларын айтты.

- Ошондуктан, - деп айтты ал, - жылдын кыш мезгилинде жеткирбей Республиканын өкмөтү элдин санына жараша тамак-аш, курулуш материалдары, өнөр жай ж. б. керектүү товарлар менен жарым жылдык запасты камсыз кылууну контролдукка

алынышы керек. Эгерде мындай чаралар көрүлбөсө, кышында кар кар жаап аба-ырайы бузулгандыктан байланыштар болбой калып эл кыйналары шексиз. С. Ибраимовдун бул сөзүнө республикалык масштабда айрым райондордун климат менен байланышкан ар кандай кыйынчылыктарга дуушар болорун билип, ага алдын ала иштиктүү чараларды көрүүнүн камын ойлогон, өлкөнү жетектеп, башкарууга зор мүмкүнчүлүгү бар адам экенин сезген элем.

—Чынында эле Кыргыз Республикасынын өкмөтүн башкарбадыбы.

Ал киши Тогуз-Тородо 1969–1970-жылдарда кыш мезгилинде болгон жуттагы катаалчылыкты дагы эске салды. Кар абдан калың түшүп жут болду. Бул оор кырсыктан райондун мал чарбасында чыгаша болуп, айрыкча койлордун 60 проценти [illegible] учурады. Бул райодун экономикасын бир кыйга [illegible]дөттү.

Эсимде ошол жылдын март айында жергиликтүү советке болуучу шайлоо биздин райондо кийинки мөөнөткө которулган. Бир ай бою аба ырайы бузулуп, күнүгө тынбай жааган кардын [illegible]тинен Карман-Туз, Жоон-Терек, Ор-Казган, абак шайлоо участкаларына бекитилген самолёттор, вертолёттор уча албады. [illegible] Ор-Казган өрөөнүндөгү жазган кар зым карагайдын ак [illegible]сына чейин болгонун көргөбүз. Тактап айтканда кардын калыңдыгы төрт-беш метрге чейин жеткен. Буга райондун [illegible]абалын көргөнү келип, эки жума эч жакка уча албай кармалып калган, ошол кездеги Кыргызстан Компартиясынын Борбордук комитетинин катчысы Арстанбек Дүйшеев да күбө болгон. [illegible] оор абалдын болгонуна байланыштуу Кыргыз өкмөтүнүн биринчи орун басары И. К. Капустян башында [illegible] атайын комиссия түзүлгөн. Республикадан келген комиссия менен Москвадан келген өкүл бул оор кырдаалды [illegible], кардын алдында калган мал чарба обьектилерин [illegible] тартып, андагы абал жөнүндөгү толук материал «[illegible]» журналына жарыялаган. Андан кийин Союздун эмгек [illegible] министрилиги райондун климаттык оор шартын, бийик [illegible] жаратылышын, эгин айдоочу сугат аянттарынын [illegible], райондун борбору деңиз деңгээлинен 2000 метр төмөн [illegible] да, иштеген малчылар алыскы жайыттарда, кыштоолордо [illegible]ларын, ошондой эле Республиканын борборунан алыс [illegible] эске алып райондо иштеген бардык жумушчу-

кызматчылардын эмгек акысына 35% кошумча төлөөнү киргизген. Бул үчүн Кыргыз өкмөтүнүн атайын токтому чыккан.

Даам тату учурунда айтылган сөздөрдөн кийин Султан Ибраимов баш болгон Ош областынын жетекчилери, Сузак районунун биринчи катчысы Кондратьенко ж. б. «Волга» автомашиналарына түшүп Казарманга, райкомдун конторасына келишкен. Биринчи катчысы кабинетинен Кыргызстан Борбордук комитетинин биринчи катчысы Турдкун Усубалиевге телефон чалып, Сузак жана Тогуз-Торо райондорунун ортосунда Сары-Кыр бели аркылуу жол байланышы болгондугун, келечекте бул бел аркылуу долбоорлонгон, түндүк менен түштүктү байланыштырга турган жол куру керектиги жөнүдө өзүнүн сунуш-пикирлерин айткан. Т. Усубалиев кубанычта болуп, кийинчерээк Ошко барып, анан Казарманга келерин. Андан Нарын аркылуу Фрунзеге кетерин айтты.

Биздин райондун жетекчилери ашуунун этегиндеги жайлоодо атайын тигилген боз үйлөрдө келген меймандарды даам тарттырып кайра узатып коюшту.

1983-жылы Султан Ибраимов Кыргыз өкмөтүн жетектеп турган мезгилде Нарын областынын чарбалы менен таанышып кыдырып жүрүп, биздин районго май айынын орто ченинде Республиканын министрликтеринин бир топ жетекчилери менен келди. Райондун чарбалык иштери менен кеңири таанышып, аягында, партиянын райкомунун кеңешме залында райондун активдеринин катышуусу менен чоңжыйын өткөрдү. Жыйында Султан Ибраимович кеңири сөз сүйлөп, райондун келечектеги өнүгүп-өсүшү үчүн чоң чарбалык маселелердин чечиле тургандыгын айтты.

- Кара-Гөө жолу аркылуу биринчи жолу келишим, - деп айтты Ибраимов, - жол бир кыйла татаал, азыркы учурдун талабына жооп бербөөчүдөй. Кыштын катал учурунда жолду үзгүлтүксүз иштетүүдө көп кыйынчылыктар болгудай. Ошондуктан, менин оюмча, мурдагы варианттагы Казарман – Чат-Карагай – Чаек жолун, Казарман – Жалал-Абад, Казарман – Баетов жолдорун жакшылап, жайы-кышы үзгүлтүксүз катай тургандай кылып куру керек. Бул ойлорду турмушка ашыруу үчүн тийиштүү министрликтерге, долбоорлоочу институттарга даярдыктарды көрүүгө тапшырмаларды беремин. Убагы келип жогорудагы мен айткан пландагы иштер жүзөгө ашканда райондун социалдык-экономикалык деңгээлде бир кыйла

жогорулап, элдин жашоо-турмушу жакшырат. Аманчылык болсо бүгүнкү айтып жаткан оюмду иш жүзүндө ашырамын,» - деп, убада сөзүн айткан. Ошондо Алтын-Чөйчөк өрөөнүбүзгө өзгөчө көңүл буруп жаткан бул кишиге районубуздун бардык эли чын дилинен ыраазычылыгын билдирген.

Султан Ибраимов Фрунзеге барганда тиешелүү республикалык уюмдарга жогоруда сөз болгон жол курулуштары боюнча тапшырмаларды бергендигин, бул райондун партия комитети аркылуу белгилүү болгонун укканбыз. Бирок арадан үч ай өтпөй 1983-жылы күзүндө күтүлбөгөн жерден бир мансапкор *көркоонун колунан шейит болгонун угуп, райондун элине* дайыма жакшылык каалап, ал үчүн боор толгогон, келечекте өрөөнүбүз үчүн көп иштерди жасай турган белдүү инсандын арабыздан түбөлүк кеткенине аябай кайгырдык. Айла жок, Султан Ибраимовичтин жалгыз эле Тогуз-Торонун элине эмес, жалпы эле кыргыз журтчулугуна жасай турган чоң стратегиялык иштери токтоп калганына азыр да аябай өкүнүчтөбүз. Мен да коомдук жана мамлекеттик кызматтарда иштеп, бийик максат менен эл үчүн кызмат өтөгөн кайран адам Ибраимовдун жаркын элесин унута албай, анын сөз менен айтып бере алгыс жакшы сапаттарын жүрөгүмдөгү назик сезим менен дайыма эскерип келем. Ал түштүк регионун башкарып жүргөн узак мезгилде райондордун мекеме-уюмдарынын жетекчилерине, жалпы элге жасаган мамилесинин жөнөкөйлүгү, карапайымдыгы, боорукердиги менен калкка жакан. Түштүктүктөр анын масштабдуу чоң иштерди кыраакылык, көрөгөчтүк менен чече билгендигин, кадрларга болгон камкордугун ооздорунан түшүрбөй кеп кылып жүрүшөт. Мен дагы бул асыл адамдын өрөөнүбүздүн элине жасаган кызматын жана алардын кылымдардан бери көксөгөнү жол – турмуш артериясы экендиги жөнүндөгү тилегин ишке ашырууга бардык аракетин жумшаганын окурмандарга жеткирүүнү өз парзым деп эсептедим.

## РЫСКУЛБЕК БОБУКЕЕВ

1943-жылы Тогуз-Торо районундагы Казарман айылында туулган. 1961-жылы 10-классты бүтүргөндөн кийин, Кыргыз Мамлекеттик университеттин филология факультетине кирип,

анын толук курсун 1967-жылы бүтүрүп, «журналист» деген адистикке ээ болуп чыгат. Эмгек жолун «Советтик Кыргызстан» газетасында корректор болуп иштөөдөн баштаган.

Р. Бобукеев чыгармачылык менен жаш кезинен эле алпурушуп келет. Мектепте окуп жүргөндө эле райондук «Жеңиш Туусу» газетасына ырлары чыга баштаган.

2001-жылы Р. Бобукеевдин «Сүтак» аттуу китеби басмадан жарык көрдү. Анда анын бир көлөмдүү повести, аңгемелери, эссеси жана казалдары топтолгон.

## ЖЫЛДЫЗДУУ АДАМ

***(очерк)***

Күндүн кубаттуу нуру ушул эле Кичи-Шар аймагына төгүлүп, анын боз шыбак баскан адырларын куйкалап ийчүдөй үп болуп турат. Демейде таң бүлбүлүнөн баштап сайраган ырчы торгойлор да күндүн аптабынан шыбак түбүнө корголойт. Ысыкка чыдай албаган саратандар чырылдап ачуу үн чыгарышат. Мээ кайнаткан мына ушул аптапта көйкөлгөн эгин талаасынын тээ этегинде ак калпакчан бир адам көл-шал болуп тердеп, тизесинен баткак кечип, суу жетелеп жүрөт. Ал ушул Тогуз-Торо айыл өкмөтүндөгү мээнеткеч дыйкандардын бири Мейман уулу Дүйшө бай эле.

Дыйкан маңдай терин шыпырып, эгин түптөрүндө жылып келаткан суну карап бир аз тыным алды да, аңыз жээгиндеги чымдан чаба коюп, октос уруп, арык жээгин жырып агып жаткан суну тосуп бууй салды. Суу кооргуй түшүп, ала калган жерлери жайнап, эгин түптөрүнө жылжыйт. Жайылган суу аянт этегине чыкканда ал арыктан чыгарылган кулакты которду да, көк-жашыл аянтка көз чаптырды.

Жыл жылга окшобойт тура, быйыл жайында убагында күн жаабай, үп болуп ысып, боз түшүп, негедир аба ырайы пейил салбай турат. Ошондон улам бою карыштан ашып калган эгиндин айрым камсоо жерлериндегиси сары багалек болуп суусап баратат. Аларды көргөн Дүйшөбай аке тынчсызданып, түптөрүнө эртелеп суу жеткирүүгө аракеттенүүдө.

Сууну кана ичкен эгин кара-көк тартып көйкөлүп турса, суу ичпеген жагы мала-көк болуп суусап баратканын кара. «Суу өмүрдүн булагы деген сөз бекеринен айтылбаса керек», - деп өзүнчө кобурап койду. Ооба, ал мына ушул берешен таланы

көгөртүп, берекесин арттырган суу менен кеңешип жүрүп көнүп калган. Раматылык атасы Мейман аке да мээнеткеч дыйкан киши эле, чарбанын эгинин өстүрүп, темин бастырып, кампа тиреген кызыл сузган дыйкандардын бири болчу. Аны көргөн-билгендердин бардыгы: «Дүйшөбай атасын тартып түйшүкчүл болуптур, чарбанын бардык жумуштарын баш көтөрбөй аткарат», - дешип ага ыраазы болушат. Чынында, Дүйшөбай аке борбуйун көтөрүп Казарман орто мектебинен 8-классты бүтөрү менен Киров атындагы колхоздун мүчөсү болуп, кош айдап, үрөн сээп, суу сугарып, эгин өспүрүп, темин бастырып, деги согуштан кийинки катал турмушту башынан өткөрдү.

Жадыраган жазда дыйкандардын түйшүгү күчөйт эмеспи, анда Дүйшөбай да бешенесин жаркытып, чекесинен мончок тер агызып, тыным албай эмгектене баштайт. Өз талаасын азыктандырат, арыгын чаап-тазалайт, жер айдап, үрөн себет. Айрыкча сугат учурунда күн-түн бел чечпей эгин талаасында болот. Ошол мезгилдеги өмүр жолундагы издерди колунан кетменин түшүрбөй суу тизгиндеп жүрүп көз алдында келтирди.

… Атадан жалгыз калган Дүйшөбай жаш кезинен чыйрак өстү. Анын кандай гана иш болбосун майын чыгара иштегенин көргөн башкарма Жунусов Мыктар Нарын шаарына шофёрдук курска жиберди. Ошол кезде автомашина районго биринчи жолу келбеди беле. Районго беш машина келсе ошонун бири Дүйшөбайга тийген. Эми анын жоопкерчилиги эки эсеге көтөрүлдү. Анткени чарбадагы кол күчү бара-бара техника менен алмаша баштаган мезгил болучу. Ошентип, ал техника тетиктерин кылдат үйрөнүп, он жылданашык механизация тармагында анын ысыгына күйүп, суугуна тоңуп дегендей кабагым-кашым дебей иштеп жүрдү. Катардагы шофёрдон райондогу чоң чарбанын айыл-чарба механизмдерин тейлеген мастерскаянын жана андагы гараждын башчылыгына чейин көтөрүлүп үзүрлүү иштеди.

Ар кандай кесиптин карма-каршылыгы болот тура. Карасаң, күндүзү эгиндин аласын терип сугарайын десе, күндүн аптабынан суу арыка бөксө келет. Адам да өмүрлүк сапарында ушундай карама-каршылыктарды жеңүү менен турмушун өткөрүп келет тура. Жашоо ошонусу менен кызык экен. Бул аксиома Дүйшөбай акенин өмүр жолунда да болбой койгон жок. Ал арыктагы суу азайып калганын көрүп, алыштын башын көздөй арык жээктей

баратып, дагы бир жолу өткөн турмушундагы оош-кыйыштарды эсине түшүрдү.

... Башкармалар алмашканда, жаңысы көңүлүнө жакпаган активдеринен кыйкым таап, өз билгениндей, чүкөдөй калчап, анын ордун өзүнө жасакерленген башка бирөөгө бергендер да болду. Дүйшөбай акенин колуна баягы районго биринчи келген, өзү биринчи айдаган «ЗИС-150» автомашинасы тийди. Байкуш машинанын алгач дөөтүсүн оңдоп алып, чарбанын түгөнбөгөн жумушун аткарып жүрдү.

Куш канаттуу мезгил закымдап өтүп жаты. Дүйшөбай акеге кесибин өзгөртүүгө тура келди. 1967-жылы Караколдон эсепчилик курсун бүтүрүп келип, Киров атындагы, кийин Ленин атындагы колхоздорго эсепчи болуп иштеп жүрдү. Ал бул билимин дагы жогорулатып, 1976-жылы Бишкектеги (Фрунзедеги) финансы-кредит техникумун бүтүрүп, ардактуу эс алууга чыкканга чейин Ленин атындагы чарбанын профкомун жетектеп, элдин турмуш-шартын жакшыртууга өз салымын кошуп келди.

Бирок «Пенсияга чыктым, карыдым-арыдым», - деп, балдарына өктөсүн артып жатып алган жок. Ал кайрадан мээнет тартты. – «Элден кем болбоюн, балдарымды кор кылбай, бирөөдөн аштык суратпайын» - деген ой анын жүрөгү менен кошо кагылып, кан тамыры аркылуу денесинде айланып турду. Анткени доор өзгөрүлүп, турмуш оорлоп, ар ким өз көмөчүнө күл тартып, көр окат үчүн тумшугу менен жер казганга чейин баруудa. Учурдун шартына ылайык базар экономикасы деген немее чыгып, ичкен сууң да, тузуң да сатык болду. Бардыгы сатык. Мындай учурда жалкоолук жарашпай турганынын, «Иштесең-тиштейсиң,» - деген накыл сөз эми чыныгы маанисине келгенин Дүйшөбай аке жон териси менен сезди.

Бири бирине чынжырланып, ээли чечилбегидей болуп байланган СССР заматта эскилиги жеткен тигиштей болуп сөгүнүп, ар улут өз өзүнчө ыдырап бөлүнүп кеткенине Дүйшөбай аке ишенип-ишенбей жүрдү. Ооба, эми кайсы чарбалык ишке барарын, эмне милдет аткарарын, башкарманын тапшырмасын күтпөй калды. Колхоз жоюлуп, ар бир үй-бүлө өз киндигин өзү кесип, өз алдынча, өз күч-кубаты менен иштеп, жашоо-турмушун өткөрө турган мезгил келбедиби. Турмуш өзгөрүлөрүн эми туюнган кезде алкымы чоң активдер колхоздун мал-мүлкүн, короо-сарайларын, асылдуу жерлерин менчиктеп ала

башташыптыр. Дүйшөбай аке кыштакка тийбей, «Кичи-Шар» участкасынан гектар жер алды. Ал жердеги короо-сарай, чабан үйү тарпы чыгып, таланып-тонолуп калыптыр. «Кой дээр кожо жок» заман болуп жаткан учурда кимге барып арызданмак эле, бала-чакасы менен оңдоп алышты. Көзү бүтүп калган булакты тазалашты, илгерки арык нугун кеңейтип, агын суудан кулак жетелеп эгин талаасына алып келишти. Мына ошол талаада үп болгон күндү далысы менен көтөрүп, эгин сугарып жүрөт…

Суунун мөөнөтү өтүп кете электе эгиндерин, көп жылдык чөптөрүн, огороддогу жашылча, картошкаларын, тиги мөмөсүн көтөрө албай ийилген алма-өрүктөрүн күн-түн дебей сугарып алуу керек. Болбосо кезеги бүтөрү менен алыштан суну жыгып кетишет. Кудай жалгап, улуу баласы Тобок тракторун оңдоп бүтүп, сугатта жүргөн атасына жардамга келип калыптыр. Ал арык жээктеп, алышка чейин барып, суу жырып кеткен жерди бүтөп, улам суну көбөйтүп келет да, атасы менен кошо эгиндин аласын тере сугарышып калат.

Дүйшөбай аке ушу баласынын темир-тезекке жакын экенин баамдап, өзүнүн «УАЗ» машинасынын коробкаларын, моторлорун чечтирип, кайра аларды бириктирип, оңдоттуруп жүрдү. Деги турмуш мына сиңип бараткан техниканын сырын билип, андагы механизмдерди үйрөнүп алганына азыр өзүнчө ыраазы. Анткени жаш кезинде аркалаган бул кесиптин пайдасы учурунда көп эле тийип жатат. Үлүшкө алган «МТЗ-80» жана «ДВШ-16» тракторлорун бирөөлөргө акелеп-жакелеп жүрбөй эле Тобок экөө оңдоп, бирине соко чиркеп жер айдашат, бирин тыпылдата иштерин бүтүрө алышат. Андан электр кубулушун өздөштүрүп алышка ата-бала эки чакырым алыстыктан арык казып, агын суну буруп, отуз метр бийиктиктен труба менен суу түшүрүп, короосунун жанына «мини ГЭС» куруп алышкан. Мына, жайдыр-кыштыр үйүндө, короосунда, сарай ичинде, малканаларда свет жаркырап күйүп турат.

Түйшүгү түмөн Дүйшөбай аке 50 метр бийиктиктен ноо менен суу түшүрүп тегирмен да орнотуп алган. «Аракет кылсаң - берекет», - дегендей, тегирмендерине кардарлардын ун-талканын, адырашагын тартып, ыштыгына чаначтарын ыштап берип, жылуу сөзүн угат, алардын алкыштарын алат. Ал эми өз оокаттарына тың, түйшүкчүл, сарамжалдуу, иштин көзүн тааный билген, көздөгөн максатына сая түшкөн адам элдин урмат-сыйына татыйт.

Алла-Таала деле эмгекчил, жаратмандыкты аркалаган пендесинин зоболосун көтөрөт эмеспи.

Мындан эки жыл мурда райакимчилигинде салтанаттуу жыйын болуп, анда президентибиз А. Акаевдин жарлыгы менен айыл-чарбасын реформалоону тура түшүнө билип, кужурмөн эмгегинин натыйжасында жеке дыйкан чарбасын өздөштүрүп алгандыгы үчүн Дүйшөбай аке «Даңк» медалы менен сыйланган. Шатырата кол чабуулардын астында көкүрөгүнө тагылган ошол жылдыз Дүйшөбай акенин бир жеринде бырышы жок буудай өңүн нурдантып, анын түйшүкчүл, эмгекчил экенин айгинелеп турган эле.

Үп болгон күндүн аптабы кайта электе Дүйшөбай аке менен саябандуу алма багынан жолугуштук. Жаз алды менен түбүн жумшартып, акилеп, кууруган бутактарын бутап койгон алма-өрүктөр ийилип мөмө байлаптыр. Мөмөсү чоңоё электе бутагы сынып калбасын деп ийилген бутактарга тиреөч коюп жүрүптүр.

- Шүгүрчүлүк, эптеп эл катары оокатыбыз бар. Пенсияга чыккандан бери жер менен алышып, көр окат өткөрүп келатам.

«Эмгектенсең жер багат», - деген ушу кишинин багбан-дыйкан экенине ишенбей койбойсуң. Короо-жайынын нукум жерин да бош койбой өздөштүрүп, гүл бакчага айландырып алган. Арык жээктеп катар тизилген мырза теректер жыл сайын бой керип баратат.

«Атаңдын тиккен талы барбы, атаңдын салган тамы барбы?» деген накыл сөз бар эмеспи, ушул учкул сөз Дүйшөбай акенин көөдөнүндө кайнап, жүрөгүн толкундатып келет. Деги, адамдар өмүр бою тапкан-ташыган мүлкүн, жыйнаган байлыгын бала-чакасына мурас кылып калтыруу үчүн уруштун ачуу-таттуусун татып, ысык-суугуна күйүп-тоңуп, бардык аракет-күчүн, акыл-дараметин сарптайт тура. Дүйшөбай аке ушул асыл ой менен алпурушуп жашап келатканын өз оозунан уктум.

- Башта бул жерде суу жок, боз шыбак каптап турчу. Эки жылча ушул жерди бактым. Эми жер мени багып жатат, - деп көк-жашыл таланы көргөздү. Сарайдын тушундагы беде аянты тиги бөксө тоонун этегине чейин созулуп жатат; дүркүрөп калың чыгып, тизеден ашып калган. Былтыр ушул беденин биринчи чабыгын тоютка чаап алып, кийинки чабыгынан 1,5 тонна үрөн алдым. Мына эсепчил болсоң эсептеп көр, бир калагын 70 сомдон саттым. Ал эми жашылчадан күн кур эмес, үч мүшөктөн бадырaң, үч-төрт ящиктен помидор базарга жөнөтүп турдум. Ал

эми тааныштарыма бергеним канча. Алма-өрүгүмдүн күнүн бала-чакалар эле көрүштү. Сугарып жаткан бул эгин аянты 5 гектар. Жыл сайын гектарынан 2,5 бункерден буудай алам.

Дүйшөбай аке дыйканчылык ишиндеги ийгиликтерди айтып келип, жылдан-жылга айыл-чарба техникаларынын эскирип, керектен чыгып бара тканына бушайман болду.

- Менде! МТЗ-80», Беларусь «ДВШ-16» тракторлорго, үрөн себүүчү, жер малалоочу техникаларым бар. Тракторлорго запастык бөлүктөрдү таба албайсың. Тапсаң да аябай кымбат. Ал эми комбайндын тартыштыгынан өткөн жылы канчалаган эгин аянттары күзгү нөшөргө, кар алдында калганын өзүң деле көрүп-билип жүрөсүң да, - деп, ал мени ишендире сүйлөдү. Дүйшөбай акенин баятан берки аңгеме сөзүнөн тынымы жок түйшүкчүл, жашоо үчүн жеген, эмгекти сүйө да, барктай да билген адамдын сын-сыпатын баамдай алдым. Ушул адамдын маңдай теринен сеңселип өскөн эгин аянтында туруп, анын өмүр сапарынын жетимишинчи жазынын ирмеминде ишенбедим.

Арыктагы суу күмүштөй шоокум чыгарып, эгин талаасын көздөй чуркайт. Ал эми мезгил болсо учат. Экөө тең жарышат, кимиси ылдам, кимиси учкул? Өмүрдүн ылдамдыгын да ушул экөө менен салыштырууга болот. Ал эми Дүйшөбай аке каяка шашат? Чымыр денелүү бул адам эр ортону элүүгө эми келгендей өз балдары менен тең жарыша эгин таласына суу жетелеп, бирде тракторун оңдоп, кээде жайыттагы малын көздөп, аларга тоют камдап, тегирмен жүргүзүп, «мини ГЭСинин» иштешин көзөмөлдөп, ыштыгын түтөтүп, үндүк-тоогуна жем чачып мына ушул толгон-токой жумуштарын бүтүрүүгө шашылат. Ооба, ал ар жумушту өз мөөнөтүндө бүткөрүп алууга ашыгат. Өз учурунда бүткөрүлгөн иш үзүрлүү болору белгилүү. Мына, ал үчүн ушунун бары байлык. Ал эми алтын бактын ээси болуп аны бөксөртпөй, төгүп-чачпай балдарына өткөрүп берүү Дүйшөбай аке үчүн сыймык. Колунан береке төгүлүп, бешенесинен жылдыз жаган ушул адам эл алдында, очор-бачарлуу бала-чакасынын алдында жүзү жарык болуп, алардын сый-урматынын ыракатын сезип жылдызы жайнап тургансыйт. Ооба, ал жылдыздуу адам, табиятынан жаралган бешене жылдызы жана анын эмгегин даңктаган көкүрөгүндөгү жылдызы менен сегиз уул-кызы, жыйырма эки небереси, үч чөбөрөсү Дүйшөбай акенин жылдыздары эмей эмне?

# *ПОЭЗИЯ*

## АБДЫЛДАЕВ ЖАКЫПБЕК



1948-жылы 2-январда Сокулук районунун Жал айылында туулган. Жазуучулар союзунун мүчөсү, акын; төрт ырлыр жыйнагы жарык көргөн.

1998-жыл «Алтын кенин казгандар» атту ырлар жыйнагы «учкун» басмаканасынан чыккан. «Ардактуу кенчи» («Почетный горняк») наамына ээ. Чернобыль АЭСиндеги кырсыктын натыйжаларын жоюга катышып келген.

1993-жылдан бери «Макмал» карьеринде жардыруучу болуп иштейт.

### ЭСКЕРҮҮ
*(сонеттер түрмөгү)*

Сонеттер түрмөгү (венок сонетов) эң татаал адабий чыгарма. Адегенде, он бешинчи сонет жазылат да, анын биринчи сабы биринчи сонеттин башталышы, экинчи сабы аягында колдолунат. Башкача айтканда, он төртүнчү сонеттин башкы саптары он бешинчи сонетти түзөт.

Сонеттер түрмөгүн кыргыз адабиятында акындар: Сооронбай Жусуев («Сонеттер түрмөгү, сонеттер алкагы»), Түмөнбай Байзаковдор («Сонеттер чамбары») жазышкан.

-1-

Тартамын көз алдыма бүт баарын:
Энемдин мени багып чоңойтконун:
Мен үчүн мээри, сүтү дары,
Түйшөлүп түн уйкусун коротконун.

Четтебей, эл уулу бол деген ойдон,
Көргөзүп, тааныштырып бул дүйнөнү.
Мен болуп миң кубанып, миң күйгөнү,
Ал мага биринчи ирет эне болгон.

Байкадым көз жүгүртүп айланама,
Гүл ачып, бирок мөмө байлабаган,

Аялды аял туруп төрөбөгөн.
Мен болсом көз күлүңдөп, жыргап жүрөк,
Толкундап сонет жазып, ырдап жүрөм,
Энемди анын атын эне деген.

-2-

Энемди анын атын эне деген,
Мен эмес атам дагы ыйык тутчу.
Боюнча эч бир жанга теңебеген,
Аттанган согуш жакка күйүк жыттуу.

Кайрылып очогуна жеңиш менен,
Кайрадан эл катары тең иштеген.
Булатып өз үйүнөн түтүн жаңы.

Бирок, мен эс тартканда көзүн жумган,
Атамдын эске салдым өзүм ырдан,
Эстөөгө жетет менин күчүм дагы.

-3-

Эстөөгө жетет менин күчүм дагы,
Жылаңач кыялга бай бала кезди.
Ойлойсуң кийген кийим бүтүн, жаңы,
Болсо деп. Бирок анын жаман, эски.

Жаш кезде далай эле азап көрдүк,
Нан эмес, жетпей калып бадыракка.
А, бирок ойноп дагы, жадырап да,
Тамандан чөңөр суурup, машак тердик.

О, чиркин, балалык кез кандай жыргал!
Кайрылып келбейт эми андай жылдар,
Мен дагы сөз укпаган «кереч» элем.
Сызылып бул сонете эскеремин,
Эскерүү менен гана чектелемин,
Балалык учурумду кенебеген.

-4-

Балалык учурумду кенебеген,

Заматта ойлуу кылды мугалимим.
Силерге түйшүк берип ченебеген,
Силерсиз бизге жукпайт тура билим.

Канткенде унутамын атыңарды?
Эжелер, сүйүү, мээрим белендеген.
Оо, силер, бизге билим берем менен,
Өмүрдүн көбү кетип азы калды.

Өмүр – суу, сага берет билинбестен,
Силердин өмүрүңөр билим дешкен,
Курулай талаага эмес бизге акты.

Баалаган жакшы дагы, жаман дагы,
Эстеймин мен силерди, анан дагы,
Эстеймин сүйүүгө мас болгон чакты.

-5-

Эстеймин сүйүүгө мас болгон чакты,
Ал сезим эми кайра келмек беле.
Сагынып, мен жөнүндө ойлоп жакшы,
Мен дагы чейрек кылым сен деп келем.

Туш болуп күндө азаптын жаңысына,
Түшүмдө бир болчумун сени менен.
Эритип жүрөгүмдү эрибеген,
Сен даба ырды жазып калышыма.

Өрт тура сүйүү деген, аяз тура,
Мен азыр көз тунарып, аяп турам,
Жаштыкты ошол кезде күйүт толгон.

А, бирок сүйүү ансыз кызык эмес!
Деймин да эстеп кетем, түзүп элес,
Досторду ысык-суукка күйүп-тоңгон.

-6-

Досторду ысык-суукка күйүп-тоңгон,
Сүйүүмдү айтып канча кыйналбадым.

Сагынды – мен жетпеген, бийик болгон,
Эсимде, эстей берип ыйлаганым.

Оо, достор, узак жылдар көрүшпөдүм,
Садырбек, Зарлык – жаштык кезиңерде.
Бар чыгар силердин да эсиңерде,
Кайгысын махабаттын бөлүшкөнүм.

Акылды айтпасаңар мага терең,
Сүйүүмдү көтөрө албай калат элем,
Силер бар менде тоодой үмүт болгон…
Ыр жазып пессимистик, өңдөн кеткем,
Томсоруп калар элем көргөн кезде,
Кыздарды кармап баскан жигит колдон.

-7-

Досторду ысык-суукка күйүп-тоңгон,
Тигилип узагыча карар элем.
Байкабай таап алгансып күйүт жолдон,
Кадамды шилтөөчүмүн араң эле.

- Оо, кыздар, түшүнгүлө абалыма,
Жээкке ыргытылган балык болдум.
Олтурам ортосунда алыс жолдун…
Сүйсөм дейм сулуу кыздын жамалынан…

Күлкүм көп, бирок кайгым андан да көп,
Кантейин, ар кимге айтам, арман да көп.
Бу көрөк күнүм тамам болгон жакшы.

Дедим мен жаңы жазган ырларымда,
Ырларым тирөөч болду бир жагымда.
Оо, алар бир мен үчүн толгон бакты.

-8-

Оо, алар бир мен үчүн толгон бакты,
- Ырларым мендиксиңер, жашагыла!
Ыр жазып, муздак үйдө тоңгон жакшы
Сүйүүнүн өрттөнгүгө азабына. –

Деп ойлоп, өз ичимден кийинчерээк,
Сукtанып жайдын таңы, кечтерине.
Тигилип ыр жазылган дептериме,
Көңүлдү бурбай калды дүйүм чүрөк.

Ыр окуп, күлүп жаттым, жашып жатым,
Ыр жазып азап тартты, бакыт таптым,
Баш уруп учкул ойдун жетегине.

Мен эми, оюн-шоокко барбай калдым,
- Жок! – дедим далайына андайлардын,
Ишенип күч-эркимдин бекемине.

-9-

Ишенип күч-эркимдин бекемине,
Айылга, досторума кат да жазбай.
Кез келип милдет өтөө мекениме,
Көп жүрдүм жалгызсырап башка жакта.

Башымдан далай өттү капа болу,
Анан да маңдай жарган кубануулар.
Көздөн жаш араң калат кулануууга,
Сагынтып сен турганда, ата-конуш.

Сатылат алтын дагы, алмашылат,
Кээде адам жанын сатып, алдас урат,
А, бирок сени сатыш нечен ирен.

Өзүмдү үлтүргөнгө барабар да.
Туулган жер! Болом жаман ал-абалда,
Кез-кезде ой жүгүтүп кечеги.

-10-

Кез-кезде ой жүгүтүп,
Аталар мекен үчүн кармашканын.
Ойлом да, дагы сүйөм бекемирээк,
Мекенди, анын бүткүл аймактарын.

Оо, тагдыр! Менин да таап эсебимди,
Айрырсың энемден да, баламдан да.
А, бирок ажыратып жаман кылба,
Мен сүйгөн, мени сүйгөн мекенимден.

Мекенсиз боло бербейт патриот,
Көздөрдөн, жүрөктөрдөн чачылып от,
Мекен деп курман болор жет сезимге.

Канча жан мекен үчүн сулаганын,
Унутпай, ошон үчүн суранамын,
Ар кими өткөндөрү эстесин деп.

-11-

Ар кими өткөндөрү эстесин деп,
Дептерге чиймеледим ыр саптарын.
Көңүлүнө аялымдын кетпесин деп,
Келген жок бир кымындай сыр сактагым.

Оо, жарым, мен ыңгайсыз болуп турам,
Кеп кылыш махабатты узун тарых.
Мен сени сүйгөндүктөн ушунчалык,
Сага арнап ыр жазалбай олуттуураак.

Көргөндү суктандырып көркүң, өңүң,
Жарк эткен ай жазгандан мөлтүрөгүм,
Сенчелик эч ким сүйгөн эмес мени.

Одоно салыштырсам кечир өзүң,
Мен үчүн эң бир назик сезилесиң,
Кызгалдак гүлдөй болгон белестеги.

-12-

Кызгалдак гүлдөй болгон белестеги,
Кубулду биздин жаштык сабагынан.
Алдыңан деле басып келет пери,
Бирок сен тең келбейсиң караанына.

Катталып маңдай толду бырыштарга,

Кез эмес күйгөн ырын ырдагыдай.
Жүрөгүң ысык болбойт мурдагыдай.
Сууруп отко кармап жылытсаң да.

Көрктүү элек, аппак элек таңдай жаңы,
Жаш элек, кырчын элек маңдай жарык,
Жаркырап беш жылдыздай желектеги.

Эмичи, альбомдорго күн өткөргөн,
Көрөмүн эски түшкөн сүрөттөрдөн,
Алардын жаркын маанай элестерин.

-13-

Алардын жаркын маанай элестерин,
Таптакыр болбойт тура унутууга.
Досторду калаадагы, элеттеги,
Кез-кезде эстеп калып улутунам.

Билинип чарчагандык, чаалыккандык,
Күн көрүп жыргал дагы, өкүнүчтүү.
Иш менен алек болуп өзүбүздүн,
Заматта элүү жашка барып калдык.

Турабыз эми жолдун ортосунда,
А, бирок мезгил өтсө коркосуң да,
Барам деп түш чenden ооп кеч бешимге.
Өмүрдү – калгычакты какпай жүрөк,
Эскерип ошондуктан барктайлы деп,
Калтырдым сонеттердин дестесинде.

-14-

Калтырдым сонеттердин дестесинде,
Жакшы ырды, балким, жазып жаман ырды.
Эркимди сынап көрдүм бек сезилген,
Сынадым жана акындык абалымды.

Жаздым да элдин салдым элегине,
Көрүшсүн бери чайкап, ары чайкап.
Эл деген чындыкты айтат, калыс айтат,

Бул, балким, сонет эмес, элегия.

Бир сабы оңдолбогон, түзөлбөгөн,
Эң татаал сонет жазып бүтөр менен,
Сарп болду мендеги бүт күчүм, каруум.

Эми азыр дептеримди чиймелеген,
Жана да түндөрдү көз ирмебеген,
Тартамын көз алдыма бүтүн баарын.

-15-

Тартамын көз алдыма бүтүн баарын:
Энемди, анын атын эне деген.
Эстөөгө жетет менин күчүм дагы,
Балалык учурумду кенебеген.

Эстеймин сүйүүгө масс болгон чакты,
Досторду ысык-суукка күйүп-тоңгон.
Кыздарды жигит кармап баскан колдон,
Оо, алар бир мен үчүн толгон бакты.

Ишенип күч-эркимдин бекенимe,
Кез-кезде ой жүгүртүп кечегиге,
Ар кими өткөндөрдү эстесин деп.

Кызгалдак гүлдөй болгон белестеги,
Алардын жаркын маанай элестерин,
Калтырдым сонеттердин дестесинде.

## АШЫРАЛИЕВ УРМАТ

1970-жылы Тогуз-Торо районунун Казарман айылында туулган. Окурман коомго кеңири таанымал болбосо дагы келечегинен көптү үмүттөндүргөн жаш талант.

Ырлары мезгилдүү басма сөз беттеринде жарык көрүп жүрөт.

# ЭМНЕ ЖАМАН

Көрбөй туруп сүйлөгөн ушак жаман,
Бут тосуп, кара өзгөйлүк тузак салган.
Жардамга колун сунбай кылчактаган,
Дүйнөдө баарынан да ушул жаман.

Дүйнөдө ичермандар дагы жаман,
Чок салган ушакчынын жаагы жаман.
Айтылган сөзгө турбай, чындыгында,
Дүйнөдө жеңил ойлуу аял жаман.

Акыбети кайтпаган убара жаман,
Аткарылбаган, чынында, убада жаман.
Жүрөгү ташка айланган кайрымсыздык,
Дүйнөдө убал дагы абдан жаман.

Ойлонбостон сүйлөгөн сөздөр жаман,
Душманга кучак жайган «өзгөн» жаман.
Адал эмгек, ак ишти көрө албаган,
Дүйнөдө мына ушундай көздөр жаман.

Өз теңине албаган тууган жаман,
Шагың сынып, туугандан сууган жаман.
Өз элиңе өзүңдүн тилиң өтпөй,
Чынында да, тууганыңдан куулган жаман.

Толбогон  бөксөбүздүн кеми жаман,
«Жакшыны» көтөрбөгөн эли жаман.
Артыңдан сая түшүп, аткан октой,
Дүйнөдө куугунчунун кеги жаман.
Чиймеленип окулбаган барак жаман,
Чыр чыгарган ашыкча арак жаман.
Кызыл гүлүн кемирип, өмүрүңдүн,
Дүйнөдө айыкпаган жараат жаман.

Ата-энеге мээримсиз бала жаман,
Ак жерден каралаган жала жаман.
Түн уйкуңду сан бөлүп, ойдолоткон,
Дүйнөдө саргайттырган сана жаман.

## БЕКЕЕВА ТОКТОБҮБҮ



1958-жылы Тогуз-Торо районунда туулган. 1975-жылы орто мектепти, 1976-жылы №14-кесиптик-техникалык окуу жайын бүтүргөн. Кийин Кыргыз Мамлекеттик университетине тапшырып, 1985-жылы анын журналистика факультетин аяктаган. Мектепте директор болуп иштейт.

1977-жылы Ош шаарында өткөн фестивалда «Эң мыкты сценарийи» үчүн биринчи даражадагы диплом менен сыйланган.

Ырлары мезгилдүү басма сөз беттеринде жарык көрүп жүрөт.

## АЛТЫН-ЧӨЙЧӨК ТУУРАЛУУ ҮЧ КАЙРЫК

Алтын-Чөйчөк – туулган жерим, мекеним,
Сен мен үчүн билем кымбат экениң.
Сезимимди жеткире албайм өзүңдөй,
Айла канча, сөзгө чоркрк экенмин…

Алтын-Чөйчөк – алдейлеген бешигим,
Алтын болуп уюп жаткан кешигим.
Берекелүү, пейли кенен энемдей,
Доско, жатка бирдей ачык эшигиң.

Алтын-Чөйчөк – кимдер аңыз кылбаган,
Кезегинде Санчы сынчы сындаган.
Макмал төрүң, айлуу түнүң, тоо гүлүң,
Далай акын, далай ырчы ырдаган.

Алтын-Чөйчөк – арбал сулуу ажарың,
Туткундадың канчалардын назарын.
Сен деп өттү мендей канча ышкыбоз,
Жазып-жазбай санжыргалуу казалын…

Алтын-Чөйчөк – тузуң кимдер татпаган,

Тулаңында кимдер оонап жатпаган.
«Кирери эл, чыгары жоо», «келгиндер»,
Айтчы, ким алтын уурдап сатпаган?..

Алтын-Чөйчөк – үрдөн бүткөн мазарым,
Арбып барат ажал, арман азабың…
Күттүң беле, күнү бүгүн урпагың,
Алтын үчүн динден, дилден азарын?..

Алтын-Чөйчөк – «Алтынбектер» ордолоп,
Алтынсыздар тоо-ташыңа корголоп.
Самопалга салып берип саан уюн,
Айтчы, калкың качанкыга кор болот?..

Алтын-Төрдө жамбаштаган, замандаш,
Байлык жыйдың арам адал аралаш…
- Ашын ичип, кадырына түкүрбөй,
Өз энчисин, өз элине каралаш?!..

Алтын-Чөйчөк – берекеби, бейишпи?
Белен жерде бышып турган жемишпи?
Жемиш болсо, андан өзүң ооз тийип,
Бешиктеги наристеңе жегизчи…

Алтын-Чөйчөк – соолубаган булакпы?
Энем айтчу жомоктогу «туякпы?».
Туяк болсо тун уулуңа карматчы,
Унута туруп, анча-мынча уятты…

Алтын-Чөйчөк – кызыл тизмек маржанбы?
Тоо койнуна кокус түшүп калганбы?..
Маржан болсо мага берчи энчилеп,
Менин «Сага» кыз экеним жалганбы?

Эр-азамат, эл эртеңи өзүңдүр,
Туу көтөрүп, көч башында өзүң жүр!
Заман минтип, миң түрлөнүп турганда,
Болсок кантет, бир азыраак өзүмчүл?..
А, калганын мен айтпайын, өзүң бил…

***1965-жыл, Казарман***

## АРМАНЫМ СЕН, ИЛИЯС

Айта келсем, сөзгө сыйбас,
Ардагым бол, Илияс.
Тарта келсем, көзгө сыйбас,
Каарманым бол, Илияс.
Өзүм билип, өзгө туйбас,
Арманым бол, Илияс.

Ичтен кайрып, ырдап бүтпөс,
Обонум бол, Илияс.
Миң жаңыртып, айтып бүтпөс,
Жомогум бол, Илияс.
Бул өмүрдө жообун күтпөс,
Соболум бол, Илияс.

Дилим сүйүп, тилим батпас,
Тирегим бол, Илияс.
Сезим туюп, изиң баспас,
Зирегим бол, Илияс.
Тирүүлүктө жүзөгө ашпас,
Тилегим бол, Илияс.

*1996-жыл*

## ИШЕНИМ

Барагына тамга чийдиң алгач сен,
Ишеничтен актай калган жүрөктүн.
Ишенимдүү көз караштар мен үчүн,
Өмүр берет, тамчысындай мүрөктүн.

Уч-кыйрысыз, сансыз ойлор закымдайт,
Тар кыяда жол талашкан күлүктөй.
Ишенимсиз жалгыз элес караят,
Көөдөнүмдө эчак өчкөн үмүттөй.

Убагында калгам бактым тута албай,
Өчсүн эми, биротоло тутанбай…

Келаткансыйм ошол күндөн ушуга,
Алпурушуп же ал, же мен ута албай…

Ортобузда наз күлкүнүн илеби,
Алыс айдап, көңүлдөрдүн капасын.
Ишеничтен бүткөн жиби достуктун,
Үзүлбөсүн, түбөлүккө жашасын…

***1976-жылы, Казарман***

## АК ТАҢЫМ

Билгим келбейт күндүн качан батканын,
Бирок күтөм, аппак таңдын атканын…
Ай-ааламды ак шоолаңа киринтип,
Тээ чыгыштан ык саласың, ак таңым.

Терезеден тентек желиң ачылып,
Саамайымдан сылап, секин ойготот.
Аппак шоолаң кытыгылап көңүлдү,
Сезимимде кыл кыягын ойнотот.

Уккум келет алыстагы курбумду,
Ушул тапта эмне ойлоп жатканын.
Сагынычым бир аз калсын бөксөрүп,
Шыбырачы кулагыма, ак таңым!..
Сезбейм күндүн качан, кантип батанын,
Күткөнүм сен, ак шоолалуу ак таңым…
Сураарым, тартуулачы өзүңдөй,
Чын сүйүүнүн картайбаган аппагын!..



## БОРЖУЕВА АНАРА

1957-жылдын 22-декабрында Тогуз-Торо районунун Арал айылында туулган. 1980-жылы М. В. Ломоносов атындагы ММУнун журналистика факультетин бүтүргөн. Тогуз-Торо районундагы «Жеңиш Туусу» газетасында эмгектенген. Азыр ишкер айым.

### ЖУБАЙЫМА

Көңүл отун өчүрүп кордобочу,
Жабыштырып бирөөгө болжобочу.
Чындык жеңет, намысты эсиңе тут!
Жашообузду эртеңки ойлонолу.

Көңүл калу, ызалык кереги жок,
Сүйөм сени, а башка сүйгөнүм жок
Маңдайымда жадырап-жайнап берчи,
Жашоом түгөл, көңүлүм болсунчу ток.

Кызганычтан көп ойлор болгон менен,
Сүйөм сени, сүйөмүн дагы терең.
Ишеничтен жазгырып кете көрбө,
Өмүр деген аз эле, эгер билсең.

### ЖАЗ

Жашынмак ойноп жаткандай,
Жаз неге быйыл кечигет?
Сагыныч толгон жаш жүрөк,
Сары кар сымал эзилет.
Каректер толуп кусага,
Жаз күтүп кыздар жасанат.
Саамайын сылап наздана,
Күзгүгө улам каранат.

Купуя сырдуу жүрөккө,
Апакай сүйүү энчилеп.
Жашынмак ойноп, назданып,
Жаз быйыл неге кечигет?

## СУЛУУГА

Бүгүн сулуу, эртең картаң кемпирсиң,
Учугуңду улам кайра жоготкон.
Жаш кезекте дуулдайсың, жыргайсың,
Айырмаң жок тээ илгерки жомоктон,

Бүгүн сулуу, эртең башка келбетиң,
Жаштыгыңды сагынасың кусалуу.
Буурул чачың бубак сымал агарат,
Картаң сезим, кайра болбойт тутануу.

Кемпир болдуң, мурункудай нур тамбай,
Көздөрүң да чүңүрөйүп кусалуу.
Жаш өмүрүң өтүп кетсе бекерге,
Жанбайт кайра, эми болдуң тушалуу.

Өттү жаштык. Сыр билгизбей зымырап,
Өмүрүңдү кураштырып жомоктон.
Бүгүн сулуу, эртең картаң кемпирсиң,
Учугуңду улам кайра жоготкон.

## *МАЙРАМ ИСМАИЛОВА*



1970-жылы Тогуз-Торо районунун Ленин айылында туулган. Ойлоо сезиминде адам баласынын ички дүйнөсү ойноп, аны ыры менен чагылдырган. 1999-жылы жеңилбес оорунун кесепетинен каза болду. Ыры менен Майрамдын элеси көз алдыда турат.

## ЭКИ КАЙЫК

Жаандан кийин көлчүктөгү,
Суну бурат сыдырым.
*Бөбөк келди агызууга,*
Эки кагаз кайыгын

Сыдырымга термелди да,
Сүзүп барат акырын.
«Жылт» дей түштү учкундары,
Жүзүндөгү бакыттын.
Бир кайыгы жыгылды да,
Сүзбөй калды бул ирет.
Бирөө секин сүзүп барат,
Бөбөк турат күлүңдөп.

Жашыл жашоо – эки айрык,
Бири кубаныч, бири кайгы.
Эки кайык ошол сыңары,
Бөбөк аны байкайбы?..

Тагдыр деген - татаал бир жол,
Кайык сымал жыгылган.
Турмуш тынч да, кээде толкун,
Бөбөк келер кайыкчан.

## ЭРТЕ КЕЛГЕН КҮЗ

Каркырадай сапар тартып бараткан,
Сары күздө санам андан толтура.
Кайрый алгыс кайсыдыр бир күндөр бар,
Тирүүлүктүн өлчөмү жок сабында.

Көңүл ээндеп, көптөн бери кармабай,
Дептеримдин саргыч тарткан барагы.
Жалбырактар жамыроодо кош дебей,
Эске салып өмүрдө ак-караны…

Тирүүлүктүн түйшүктөрү түгөнгүс,
Мезгил үзүп күндөрүмдү эң күлүк.

Ал сурабас курбум үчүн канча аздым,
Ойдон ооруп, саргайганда келди күз.

Бул кез, балким, сага жакын сезилер,
Узап кеткен бир учурду эстетип.
Теребелде мендей өңдөн азыщкан,
Теректердин бариктерин үзөт жел.

Кең асманды ээлеп алып сур булут,
Ак жаан келди, тумандаган боз түшүп.
Күз илеби чыйрыктырып азыраак,
Сырты карап турсаң керек бул учур.

Тармалданып желге чачын таранып,
Терезември сылайт сырта дарагым.
Эрте келди сен жактырчу күз быйыл,
Алып келсин жакшылыктын кабарын.

## ЖАМГЫР ЫРЫ

Тыңшап туруп жамгыр ырын.
Сенин үнүң угамын.
Ооруп сезим сагычтан,
Ээси болгом кусанын.

Сагынычтын сары убайым,
Санаасы бар сабында.
Сары күздүн жамгырындай,
Салкын ырың, муңайым.

Күтүп жүрүп күбүлүүдө,
Бариктери жаштыктын.
Өткөндөрдү кайрып бербес,
Күчү ушунда жазмыштын.

Неге, жамгыр, сенин ырың,
Кайрып күүнүн кайрыгын?..
Кайрылбассың, эске түшпө,
Жашоодогу айдыңым.

## БИР ГҮЛ БАР

Бир гүл бар, жазды эңсеген соолуп жатып,
Бир нур бар, булуттардан сынып чыккан.
Бир ыр бар, сен экөөбүз ырдай элек,
Чыга албай сезимдерде бугуп жаткан.

Жалын бар, күйсө табы билинбеген,
Тагдыр бар, тайыздыкка тебеленген.
Үмүт бар, үзүлбөгөн миң кыйроодон,
Жаштык бар, жаңылуудан үбөлөнгөн.

Жылдыз бар, эң алыстан жарык күйгөн,
Жигит бар, мен тааныбай, бирок сүйгөн.
Бир күн бар, бүт өмүргө эселенген,
Бир ый бар, көз жаш болуп төгүлбөгөн.

Акыл бар, адамдарда ачылбаган,
Ачуу бар, бирок ичте катылбаган.
Жалган бар, жууп, актап тазарта алгыс,
Чындык бар, жалгандыктан жабыркаган.

## АТА ЖУРТ

Жаңыртып, чыйралтып да сезимимди,
Жаз мага жакын болуп келген эле.
Ата Журт, сенде калган балалыктын,
Жашыган, күздөй салкын демиң экен.

Башкача мээрим менен тосуп алган,
Мезгилдин кайталангыс боёкторун.
Ата Журт, максатымдын огу сынып,
Өзүңдөн алыс узап кете албадым.

Шыбыры жамгырыңдын назик, аяр,
Ырыма жазыла элек сапты кынап.
Жазбадым таза элесиң кирдетчүүдөй,
Татыксыз ырым менен жаңы, муздак.

Бир сырдуу сенден мээрман эч кимим жок,
Бөлүүгө кубанчымды, арманымды,
Санаалуу көңүлүмдү сооротконсуп.
Сыдырым сылайт секин саамайымды.

Сыртта күз өз дооранын сүрүп жатат,
Ыймандай сырын төгүп, күз жамгыры.
Ата Журт, тоскоолдорду тосуп алып,
Өзгөчө тепсетпесмин намысыңды.

## КАМБАРАЛИЕВ ЖУСУП

Камбаралиев Жусуп 1960-жылы Тогуз-Торо районунун Атай айылында туулган; жогорку билимдүү; милициянын майору. Ыр дүйнөсүндө бала кезинен берилип, элге таланты менен таанылган. Үй-бүлөсү, үч кыз, бир уулдун атасы.

## СҮЙГӨН ГҮЛҮМ

Келемин жайлоомду дайым сүйүп,
Жаз айы, айланам бүт жашыл кийип.
Өзгөчө чымындык гүл көрктү кошот,
*Кызыл жиптен ар кандай сайма тигип.*
Суктанып араласам жашарамын,
Алгым келет четинен бирден үзүп.

Аралап тоо-ташыңды кубат алып,
Түрдүү гүлүң жыттасам куманр канып.
Өзгөчө, чымындык гүл ачкан кезде,

Кыпкызыл тоо арасы, чоктой жанып.
Тоолуктун татынакай бийкечинде,
Жыттаймын кучагыма кысып алып.

Тандадым табигаттын далай гүлүн,
Көрбөсөм куса болуп ашат сүйүм.
Ээлеген жан дүйнөмдү сансыз гүлдүн,
Тереримди билбеймин кайсы бирин.
Бала кезден жыттаган менин гүлүм,
Тосуп алчы сүйгөнүм, чымындыгым.

## АТТАНДЫМ

Аман болсо эгемен менин элим,
Керемет Алтын-Чөчөк, туулган жерим.
Жашыман аралашып шарданына,
Турмуштун өйдө-ылдыйын далай көрдүм.
Жакшысын-жаманын да бирден тандап,
Өмүрдүн гүлдөрөн мен берден тердим.
Толгонуп уктабастан таң атырып,
Поэзия майданына мен да келдим.
Тоолорумдун койнунда бапестелип,
Чоңойуп, жетилгеним эми сездим.
Кудурет, таазим кылып суранамын,
Илхамды аябастан мага бергин.
Аттанып, аргымакка мен минейин,
Бала кезден таанышго аттын деми.
Бел байлап, чымырканып жолго чыктым,
Ашайын татаал жолду, ашуу-белди.
Кыйналып, кысталсам да мен чыдаймын,
Шыпырып маңдайдагы аккан терди.
Канча тоскоол болсо да атам деймин,
Поэзия ашууларын ашам, мейли.
Колума калем сапты кармап алып,
Кудурут, «пегас» минип сага келдим.

## МЕЗГИЛ УЧАТ

Мезгил учат канат болуп серпилип,
Далай жылды артты көздөй кетирип.
Бир мүнөттөй токтоп турсаң болбойбу?
Бир мертебе сенден сураймын, өтүнүп.

Мезгил учат жаадан кеткен жебедей,
Далай күндү артты көздөй себелей.
Отуз жашты көзөп өтүп кетсең да,
Кыркты ашып дагы келем кебелбей.

Мезгил учса мен да умтулам, учамын,
Ачсам деймин поэзия сырларын.
Эл сыяктуу аралашып келатам,
Кечип суусун, ашып далай кырларын.

## ИСЛАМ

Пайгамбарым Мухаммеддин тушунан,
Меккенин замзам булак суусунан.
Бир ууртап, аткарып беш парзды,
Туу туткан дин, касиеттүү ислам.

Беш парздан бул жашоодо кутулам,
Анткени менин диним ислам.
Шарияттын эрежесин үйрөнүп,
Китеп окуп, аткарууга умтулам.

Колдой көр, касиеттүү ислам.
Чаба көр маңкурттарды бутунан.
Динин сатып, дилин сатып кеткен бар,
Сыйлабай, ажырап эл-журтунан.

Жылдан-жылга көбөйдү го бузулган,
Түнүлөсүң кээ бир кыргыз кызынан.
Калыс болуп жолго салсаң болбойбу?
Таразалап, касиеттүү ислам.

## КАРБАГЫШОВ МӨКҮШ



1934-жылы 15-майда Тогуз-Тор районундагы Киров колхозунда туулга 1953-жылы Казарман орто мектеби бүтүргөндөн кийин, эмгек жолун Миң-Ку шаарчасында жумушчу болуп иштөөдө баштаган.

Бала кезинен ыр жандуу. Өзүнү айтымына караганда, адабиятка баш-от менен кирүүгө турмуштун ар канда кыйынчылыктары тоскоол болуп келген.

1985-жылдан тартып ардактуу эс алууда. Бирок азыр даг калемин колдон түшүрбөй, элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болго ырларды жазып келет. Анын күбөсү – 2001-жылы автордун «Тогуз-Торо чабыттары» аттуу ыр жыйнагы.

### ТУРМУШ – ЖАШОО

Турмуш – кыян, ар тарапка урунган,
Турмуш – дайра, оргуп, агып бурулган.
Мына ушундан сүзүп чыккан адамга,
Чексиз бакыт-таалайларды буйруган.

- Турмуш – топ – деймп, - бир орунга турбаган,
Турмуш – согуш, нечен адам кыйраган.
Турмуш сырын чече билген адамдар,
Бул жашоодо кыйналбастан, жыргаган.

Турмуш сынайт жакшы менен жаманды,
Турмуш бөлөт адал менен арамды.
Турмуш күчтүү бардыгына баш ийбес,
Күчкө салып өзгөрүлткөн заманды.

Бирде турмуш – жокчулук, кендир кесет,
Бирде турмуш буркурап алга кетет.
Аракетке берекет, үмүт үзбө,
Баарын, бирок чогултуп эмгек чечет.

Оо, адамдар, эмгек сырын билгиле,
Жашоо болбойт түбөлүк, жалган – дүйнө.
Аз өмүрдө адам болуп, ак жашап,
Азбы-көппү адал өмүр сүргүлө.

## МЕН КЫЛЧАЙЫП КАРАСАМ

Мен кылчайып арт жагыма карасам,
Кату кетип, картайгансып баратам.
Жашты кары, кичинени чоң кылган,
Оо, табигат, кыйын экен тамашаң.

Айлар өтүп, жылдар өтүп саналып,
Артта калды биздин жаштык, балалык.
Биз тиледик жаш кезекте өмүрдү…
Карылыктын мээримине каналык.

Куса дагы артыбыздан карылык,
Жаштык кездер көзгө элестейт чагылып.
*Ойноп-күлгөн окуудагы күндү эстеп,*
Жашаргансыйм, кээде жүрөк сагынып.

Бир кездерде ойноо бала, жаш жалын,
Курбу-курдаш, сыр алышкан жаштарым.
Ошол жаштын баарын издеп кыдырсам,
Чал-кемпирлер, жаштан бирин таппадым.

## КИЧҮҮ УУЛУМА НАСААТ

Ажал жетип бир паста,
Көрсөтпөй мени жабышса.
Атам жок деп жүдөбөй,
Жарап жүр, балам, намыска.

Милдеттүүсүң, жаш толду,
Үй-бүлөнү багышка.
Катарыңдан калышпай,
Камына жүргүн чоң кышка.
Көтөрмө жибиң көтөрүп,
Чөп сураба карызга.
Болжолу келсе эмиэле,
Болосуң биздей абышка.
Мен деле сендей жаш болгом,
Тулуп Сары-Камышта.
Агала сакал чал болдум,
Окшошуп Карабагышка.
Сарамжалың ырастап,
Айылда элден калышпа.
*Жарай турган кез келди,*
Чуркай турган намыска.
Кемпир-чал тилеп турган кез,
Киргизип келин алышка.
Ойноо бала, оройлук,
Оройлукту бүт ташта.
Алаксып кетип, кокустан,
Ак моюн менен алышпа.
Акшыңдап урушуп,
Айылың менен чабышпа.
Амалын таап качып кет,
Абийирсиз балдар урушса.
Эң кур десе, эки күн,
Эрмек кылат милиция.
Ак ният адам азыр аз,
Жарай турган намыска.
Айтпагын ички сырыңды,
Адамдын көбү арамза.
Аттанып кетсем көрүнбөй,
Апаңдан, уулум, ал нуска.
Абийирдүү окат кыл,
Жараган түрлүү намыска.

## КӨЧӨРБАЕВ МАМБЕТЖУМА

1950-жылы Тогуз-Торо районуна караштуу Чолок-Каыйӊ айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.

1972-75-жылдары Фрунзедеги Политехникалык техникумдун «почта» бөлүмүн бүтүргөн. 1977-82-жылдары Тань-Шань райондук байланыш түйүнүндө начальниктин орун басары, 1982-87-жылдары Ак-Талаа райондук байланыш түйүнүндө нчальник болуп иштеген. Азыркы мезгилде Тогуз-Торо районундагы байданыш бөлүмүндө инструктор болуп иштейт.

Үч эркек баласы, бир кызы бар. Балдардын сүйүктүү атасы.

### КЕЛЧИ КАЙРА

Болсом алыс жанынан,
Болбосун бөлөк сагынган.
Себеби болсун жүрөктү,
Өптүрүп койчу колуӊдан.

Толкуну күчтүү жаштыкта,
Тоо суусун кечип ойносок.
Өтүүчү кыска өмүрдө,
Сүйүүгө канып тойбосок.
Ак кайыӊ бүрүн жытташып,
Турчу элек бирге ыкташып.
Эстесем ошол күнүмдү,
Жүрөктү кетет сыздатып.

Тутанткан сүйүү илебин,
Ал күндөр кайда, сен кайда?..
Өткөрүн күндүн сезбеппиз,
Жаштыкка салып биз анда.

### ЖАӉЫ ЖЫЛДЫК АК БАТА

Кел жаӊы жыл, Ноорузум,
Куту болсун конушун.
Ар бир үйгө ырыс чач,

Өрүш толгон мал болсун,
Кампа толгон дан болсун.
Пейли кенен элиме,
Токчулуктун жылы бол.

Узун болсун өмүрлөр,
Ачык болсун көңүлдө,
Карыларга дөөбөт бер!
Жаштарына мээнет бер!

Мелт-калт болуп кеселер,
Ырыскыңар кеңейсин.
Ушул турган көпчүлүк,
Кабыл болсун тилектер.
Кана эмесе, аталар,
- Оомийин! – деп бата бер.

## ЭНЕКЕМ

Бөпөлөп бизди чоңойткон,
Энекем менин жөлөгүм.
Кыйналсам кошо кыйналчу,
Көрбөдүм сенден бөлөгүн.
Калганда эмчек зыркырап,
Бушайман болун өзүңчө.
Кобурап басып калчу элең
- Болсо, - деп, - балам эсен-соо.

Жумуштан келсем кечигип,
Күтчү элең кечке жатпастан.
- Каякка кетти экен? – деп,
Тындырбай үйдүн эшигин.

Эр жетип жигит болсом да,
Жалбарган күнүң эсимде.
Азыр мен тилейм, тилегим,
Жүрсө деп сени эсен-соо.

## КЫЗЫМА

Атыңа затың жарашкан,
Ууртуңдан күлсөң таң аткан.
- Ата! – деп тоссоң алдымдан,
Мөлтүлдөп эрип барат жан.
Чарчасам жанда эрмегим,
Кыйналсам менин демөөрүм.
Көрүүгө эки көз болгон,
Карегим белең сен менин?

Айга окшоп жүзүң таңдагы,
Турганда жанда ар дайым.л
Дүйнүйөм түгөл болгонсуйт,
Унутуп бардык калганын.

Улам жаш өтсө картайып,
Кеткенде күчтөн, ал тайып.
Болор деп бизге мээридүү,
Атыңды койдум Мээрим деп.

## БҮТКӨН БЕЙИМ СҮЙҮҮ ЖАЛЫНДАН

Кыйнала барсам жаныңа,
Кыйгачтай баспа, таарына.
Аябай бир ооз сөзүңдү айт,
Кайылмын сен деп баарына.

Жылмайып күлүп кашкая,
- Агай, - деп койсоң наздана.
Эрибес ушул жүрөкпү?
Таш болуп муздап жатса да.

Сүйлөсөң сөздү башкага,
Тыз этет жүрөк жазгана.
Бөлөккө ыраа көрө албай,
Күтөмүн жазда, кышта да.

Тарабай куса сагынган,
Узагым келбейт жанындан.
Кыйнаган мынча адамды,
Бүткөн бейм сүйүү жалындап.

## ЖАШТЫК КЕЗ

Жаштык кез жалын, чок тура,
Алоолоп күйгөн от тура.
Кармаса колго токтобос,
Аттиң ай, сымап, шок тура.

Жаштык кез сүттөн ак тура,
Жалт берет экен азгыра.
Кадырын билип сыйлап жүр!
Көп күндөр өтөт жакшына.

Жаштыгым жыпар жыт тура,
Илеби моокум кандырган.
Бир искеп койсоң жытынан,
Күн болуп ысып албырган.

Санасам күндөн нечени,
Жаштык кез кана кечээги?
Өтөрүн анын сезбепмин…
Кымбатым жаштык, кош эми!

## КЫДЫКОВ ТУРГУНАЛЫ

1948-жыл Тогуз-Торо районуна икараштуу Кара-Суу айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Билими – жогорку. Бухгалтер, курулуш техниги, экономист – үч кесипке ээ.

Үй-бүлөлүү. Үч кыз, эки эркек баланын атасы. Поэзия багытына 1967-жылдан киришкен.

## СЕН СУУ АЛГАН КЕЧМЕЛИК

Кер өзөндө алып чака теңселип,
Сыдырым жел саамай чачын сеңселтип.
Көңүлүмө бир ажайып көрк берет,
Бул дүйнөдө жоктой сулуу сенчелик.
Ушунчалык кооз, көрктүү көрүнөт,
Сары-Ойдогу сен суу алган кечмелик.

Безеленип булбул сайрап багында,
Мамыр гүлдүү, арча жыттуу айлана.
Мөлтүр булак шарын улап аскадан,
Көркүн кошот жайкы жайлоо таңына.
Чар тарапка сугум түшүп кайрадан,
Жылкы багып жүргүм келет жанында.

Ак сүйүүмө күбө болгон кечмелик,
Күндө бир маал жүргөн көпкө сыр чечип.
Чын болсун деп, чыпалактан илишип,
Чын жүрөктөн: «Сүйөмүн», - деп ант берип.
Тагдыр бирок катал экен ушунча,
Биз экөөбүз беоген антка жетпедик.

Жүрөк күйүп, жүрөт сүйүп, өрттөнүп,
Эстен кетпей сен суу алган кечмелик.
Как жүрөккө тумар кылып түбөлүк,
Айтчы, жаным, курдуң беле эстелик.
Барсам-келсем кыйналгандай турат да,
Жолукчудай саамай чачын сеңселтип.

## АТАГАНАТ

Базарда, чак түштө, Жалал-Абад,
Тээ алыстан сулуу кыз турат карап.
Буйдалып, жолум тосуп жакындатпайт,
Көпчүлүк, жык-жыйма, атаганат.

Жакшы эле барам ыкчам эл аралап,
Сулуу кыз жетелешип ары басат.

Алдынан чыктым араң мен утурлап,
Кайран кыз азиз экен, атаганат…

Көрүндү тээ алыстан бир өзгөчө,
Ажайып мээрим төгүп көңүлүмө.
Турпаты эң татына, тунук, таза,
*Көрбөпмүн мындай* сулуу өмүрүмдө.

Жүрөгүм туталанып, жашым тамып,
Боорум эзилгенсип, жаным ачып.
Жараткан, бооруң ташпы ушунчалык?
Жалдыра карап калдым, чуркап барып…

## ЭСИҢДЕБИ

Элеттен мектеп бүтүп келген кезиң.,
Ак шоола татынакай тунук сезим.
Шам жагып, өчпөс кылып жүрөгүмө,
Шап эле алып салдың уйку безин.

Жүргөнбүз сыр чечишип, бак аралап,
Туйлатып эт жүрөктү тун махабат.
Ал түнкү күбө болгон тун сүйүүмө,
Асманда ак булуттан ай шыкаалап.

Сен анан: «Таң атты», - деп, калдың шашып,
Бараткан жылдыз тарап, ай да батып.
Кыйылып мен сыяктуу коштошо албай,
Кыйылып карайт көктөн Алтын-Казык.

Асыл ой, аруу сезим кезиндеги,
Тамылжылып бөлөп нурга эки бетти.
Өткөргөн нечен сонун кадыр түндү,
Ак таңды тоскон күндөр эсиңдеби?

## АКЫРЕТТЕ СҮЙӨЙҮН

Ак шооласын чачкан айым бир мага,
Арнайым сага жүрөгүмдөн гул гана.

Аруу тилек, назик көңүл оорутпай,
Аяп мени, алчы гүлдү жылмая.
Сүрдөбөчү, карабачы элеңдеп,
Сүйлөдүм чын, жүрөгүмдү берем деп.
Сууруп берсем белек кылып өзүңө,
Кандай болот … жашоо, сүйүү керемет.

Эгер эле алгың келсе жүрөгүм,
Аябаймын алчы, сүйгөн түгөйүм.
Бул дүйнөдө менсиз жалгыз жашап өт,
Ары улантып акыретте сүйөйүн!

## ЖАЗ ЖАРЫШКА КАТЫШКЫЛА

Алып учат, алга сүрөп ойлорум,
Удургутуп тынчтык бербей түнкүсүн.
Жүрөк сүйгөн, сагындырган тоолордун,
Эске салып ак чокулуу мөңгүсүн.

Таң бүлбүлдө жарык чачып таң аткан,
Бир керемет кырка тону карасам.
Элес келет Улуу Жибек Жолунда,
Кербендердей сапар тартып бараткан.

Айласыздан шамал айдап соңунан,
Ак булуттар көчүп алга баратат.
Бир аздан соң шамал келет, кайрылам,
- Күткүн! – дешип, мени жал-жал карашат.

Күтөм сени, ак булут, келчи кайра,
Ак жаанга айланчы жазда, жайда.
Өзүң келип жамгырды жаратпасаң,
Өзүң сүйгөн элиңе эгин кайда?

Ак пахтадай, ак булут, келчи кайра,
Нөшөрлөгөн жааныңды себелечи.
Боз таланы айлантып көк талаага,
Жерге берчи береке, жыргат элди!

Ээ, адамдар, көрктөгөн сулуу жазда,
Эмгектенип ак дилден тер чачкыла.
Эринбе, эмгек кылбай бириң калба!
Эмгекчи эл, жаз жарышка катышкыла!

## КЫДЫРОВ ЖЭЭНТАЙ

***(врач, партиялык кызматкер, жазуучу)***



1943-жылы Казарман кыштагында туулган. 1960-жылы Казарман орто мектебин бүтүргөндөн кийин Кыргыз Мамлекеттик Медицина институтуна кирип, аны 1966-жылы бүтүргөн жана 1968-жылга чейин райондук ооруканада врач-терапевт болуп иштеген. 1968-1970-жылдары комсомолдун Тогуз-Торо райондук комитетинин биринчи секретары, партиянын райкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, андан кийин, экинчи секретары болуп иштеген. 1980 – 1986-жылдары Кыргыз ССринин Кызыл Крест коомунун Борбордук комитетинин уюштуру бөлүмүнү башчысы, Тогуз-Торо райондук санэпидстанциянын башкы врачы, 1986-жылдан тартып ошол эле мекемеде врач-бактериолог жана врач-эпидемилог болуп иштеген. Учурда райондун борбордук ооруканасында санитердик агартуу боюнча врач болуп эмгектенүүдө.

«В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдык-юбилейи» медалы жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин эки «Ардак грамотасы» менен сыйланган.

Чыгармачылыгы боюнча акын жана прозаик. 1980-жылы «Күү» аттуу аңгемелер жыйнагы, 200-жылы «Жомоктун соңу» аттуу прозалык жана поэзиялык чыгармалар жыйнагы жарык көргөн.

Беш баланын атасы жана жети неберенин чоң атасы.

## ТОГУЗ-ТОРО

Атыңдан айланайын өскөн жерим,
Ыңаалап, киндик каным төккөн жерим.
Койнуңдан канат күүлөп, өсүп-өнүп,
Өмүрдүн баскычтарын өткөн жерим.

Бир өзүң күбөсүсүң жашоомдогу,
Жыргалым жана дагы ый-муңумдун.
Эгерде сага арноо айта албасам,
Канткенде анда сенин кулунуңмун.

Эгерде кадыр-баркын биле албаса,
Жарыкка көзүн жарып келген жерин.
Андай адам жарытылуу сүйө алабы,
Түпкүлүгү түбөлүктүү кыргыз элин…

Мекендин булуңунда болсоң дагы,
Элиң бар эмгек сүйгөн, пейли кенен.
Өзгөчө жакын көрөм, туулган жерим,
Торолсо да тогуз жагың тоолор менен

Саймалуу-Таш, Кан-Ачуудай жерлериң бар,
Беш-Көлдөй, Ор-Казгандай төрлөрүң бар.
Карман-Туз, Туура-Кайың, Теке-Уюкта,
Каргай, арча-кайың черлериң бар.

Эң алыс жер болот деп саналсаң да,
Экенсиң кен байлыктын толтосунда.
Өлкөнүн картасынан карап көрсөм,
Турасың Кыргызстандын ортосунда.

## БЕШ-КӨЛ

Ар жерим көзгө басар көлү бардыр,
Салкынын жан сергитер төрү бардыр.
Жергесин башка жакка алмаштыргыс,
Кээ элдин мекендеген чөл бардыр.

Жеримдин аймагы көп, оозго алынар,
Бир көрсөң суктандырып, эсте калар.
Беш-Көлүм кооздугуң ушунчалык,
Бүт элге Тогуз-Тором сыймыктанар.

Чогулуп, жайгашыпсың сонун жерге,
Жайлоосу жашыл шибер салкын төргө.
« Беш-Көл» деп аталышың өзү сыймык,
Мен сени теңебеймин Айдың-көлгө.

Айлана-чөйрөң сенин кенен айдың,
Төрүндө жайнап өскөн арча-кайың.
Нарын суу эки жээгин бириктирип,
Салынган көпүрөсү Калдыбайдын.

Узун-Көл, Тегерек-Көл, Торала-Көл,
Түзү бар аймагында тунугу мол.
Кылымдар өзгөрбөстөн тура көргүн,
Айланаң эч убакта болбосун чөл.

## ОР-КАЗГАН

Төрт түлүк мал батырган кучагына,
Аймагы кенен жайлоо Ор-Казганым.
Бактылуу балалыгым сенде калды,
Көпөлөк мекендеген Гүл-Басканым.

Чымчыктын түркүн түрүн көрчү элем,
Мандалак, жоогазынын терчү элем.
Көпөлөк кубалашып балдар менен,
Оюнга кумар канбай жүрчү элем.

Бөдөнө сайрайт эле «бытпылдык» деп,
Үнүнө булбул куштун кулак төшөп.
Эстесем балалыгым, азыр турам,
Сагынып ал кезимди денем түтөп.

Желеден бощогондо, кеч салкында,
Кулундар оюн салып жүрүшчү эле.
Балдардын чоңураагы тай үйрөтсө,
Майдалар торпоктордон минишчү эле.

Эзелтен канчалаган элди бактың,
Өткөндү элестетип, ойго батым.
Эр Тайлактын жайлоосу да болуптурсуң,
Эми урпак далее өзүңдөн байыр тапсын.

## БИРИНЧИ АРЗУУМА

Өтсө да өмүрүмдүн кыйла жашы,
Өкүнбөйм, жакшы өттү кыйла жазы.
Өзүңдүн тагдырыңды билгим келет,
Өттү экен кандай күндөр сенде дагы?

Сен мени бул сезимге салдың эле,
Билбепмин бүт дүйнөмдү аларыңды.
Жашоомдун баштатында кайдан билдим,
Ушундай күндө калып каларымды?
Качандыр бир кездерде жолуксам деп,
Ар убак тилеп жүрөм аманыңды.
Жараткан эгер бир күн көрүштүрсө,
Жан эргип, берсем экен саламымды.

## КАРЛЫГАЧ

Бой балкып, кыялданып, көктү тиктеп,
Отурсам тирүү жанга өмүр тилеп,
Каргылач, кайкып өттүң маңдайымдан,
Шуулдаган канаттарың аба жиреп.

Табият тартуу кылган мүчөң кандай,
Калыпмын мен үлгүрүп аңдай албай.
Кайрылып, кайра жандап өткөнүңдө,
Экен го көрүнүшүң толгон айдай.

Ыкчамы учканыңды үндөн ылдам,
Абада кайкыганың күйгөн шамдай.
Кээ бирде күндөрүң да жарк-журк этет,
Төгүлгөн ай-ааламга күн нурундай.
Сабалап издеп жүргөн болсоң керек,
Изин кууп, сен жүргөн түгөйүңдү.
Биригип, моюндашып өткөрүүгө,
Өзүңө бир берилген бул өмүрдү.

Кааларым, Каргылачым, мен өзүнө,
Кабылчы түгөйүндүн кучагына.
Абайла шашып жүрүп, түшүп калба,
Үкүнүн жайып койгон тузагына.



## МАМЫРОВА ЖЕҢИШ

1957-жылы Тогуз-Торо районунун Казарман айылында туулган. Райондук ички иштер бөлүмүнүн бухгалтерии. Бала чагынан ыр жандуу.

Ырлары мезгилдүү басма сөз беттеринде жарык көрүп жүрөт.

## ЧОҢ АТАНЫН СӨЗҮ

Чоң атанын жүзү бүгүн тамылжып,
Кубанычы батпай турду койнуна.
Небереси медалдардын кармалап,
Бек кучактап колун артат мойнуна.

- Чоң ата, дейм, кандай жеңдиң душманды!
Аттың беле ташыркатып фашистти?

Ата жүзүн кайгы басып заматта:
- Сураба, - дейт, - айткым келбейт ал ишти.

Оо, алаамат согуш болбой соолуп кал!
Жеңиш туудан тынчтык туусу төрөлсүн. –
Дейт чоң ата, жердин бетин көп жуубай,
Ак жамгырдын гүлдөрү өсүп көгөрсүн.

## АЙЛУУ ТҮНДӨ

Ак кайыңдар сеңселет,
Атыр жыттуу жел келет.
Айлуу түндүн кучагында,
Айыл ичи термелет.

Тал-теректер кыналып,
Тоо желине ыргалып.
Булак агат жатылдап,
Жан эриткен үн салып.
Жийде жыты буркурап,
Көктөн жылдыз жыбырап.
Айлуу түндө айыл ичи,
Кереметтүү кулпурат.

## СҮЙҮНЧҮ!

Бул дүйнөгө, жашоо үчүн жарыкка,
Ыңаалаган бөбөк келди, сүйүнчү!
Аба жарып, үнү угулуп алыска,
Бөбөк чуркап жар чакырат, сүйүнчү!

Сүйүнчүлөр көчөлөрдү жаңыртып,
Кубанычтар сыйбай бала ичине.
- Кеогиле, - дейт, - көргүлө! – дейт, кубанып,
- Менин дагы бөбөгүм бар кичине.

- Биздин үйгө келин келди, сүйүнчү!
Апапакай ак шөкүлө жамынган.

Сүйүнчүлөп урук-тууган, айылга,
Чуркап жүрөт кыз ак бантик тагынган.

Сүйүнүшөт сүйүнчүгө бүт айыл,
- Сүйүнчүлөр көп болсо экен, - деп самал.
Жаш келинге: «Көгөрсүн, - деп, - көшөгө!
Бөбөктөргө узун өмүр, бак каалап.

## ЖАЗ ЖАМГЫРЫ

Тоого чыктым, гүл жыттанган жазында,
Айланамдын кооздугу бир керемет.
Жазда ырдаган добушуңду угайын,
Ак булуттар, ак жамгырың төгө кет.
Тоо гүлдөрү айланамда кулпуруп,
Кыйкырыгым бар, булуттарга кол созуп.
Жаз жамгыры, жууп өтчү жүзүмдү,
Мен турамын сени күтүп, жол тосуп.

## МУСАЕВ РАЙЫМБЕК



1945-жылы 25-майда Тоугз-Торо районунун Чет-Булак айылында туулган. Мектепти бүтүргөндөн кийин Жалал-Абад медициналык окуу жайына тапшырып, анын фельдшердик факультетин бүтүргөн. 1967-жылдан баштап өз кесиби боюнча иштеп келет.

Жаш кезинен бери эле ырга, комузга, баянга шыктуу. Анын кээ бир чыгармалары «Алтын фондуга» жазылган. «Тогуз кайрык», «Сармерден» жана башка фестивалдардын лауреаты.

1965-жылы СССРдин Фашисттик Германияны жеңгедигинин жыйырма жылдыгына карата Москва шаарында өткөрүлгөн фестивалга катышып, лауреат болуп кайткан.

Үй-бүлөлүү, бир уул, беш кыздын атасы.

## ТОГУЗ-ТОРОГО 65 ЖЫЛ

Жылаңач-Бугу, Кан-Ачуу,
Аытылуу кыргыз жери экен.
Калдама, Көк-Арт, Кызыл-Суу,
Кан жолдуу ашуу бел экен.
Саймалуу-Таш, Ообек, Ой-Кайың,
Мал кидиктүү төр экен.
Каргалык, Чоң-Таш, Кара-Көө,
Катылган алтын кен экен.
Тогуз тоонун ортосу,
Тогуз-Торо дээр экен.
Көргөндүн көөнүн кубантып,
Көрктөнүп жери жасаган.
Атырдай жыты буркурап,
Абасы күндө тазарган.
Ак калпак кийип шаңкайып,
Аскасы күндө жасанган.
Бетеге чөпкө магдырап,
Бээлери чөйчөк казы алган.
Аралап өтүп Нарын суу,
Айылдын ичи тазарган.
Керимсел желге ыргалып,
Арпасы карыш баш алган.
Алтын кен комбинатынын,
Алтынын чайкап таза алган.
Айтылуу кыргыз жери ушул,
Алтын-Чөчөк аталган.

Азыраак айта кетейин,
Абалкы элди, өткөндү…
Андан бери бул турмуш,
Нечен болуп бөксөрдү.
Ата сөзүн, жер атын,
Азырга чейин эскерди.
Акыр ташка ат байлап,
Бабабыз Манас баскан жер.
Көкчө менен Музбурчак,
Көөлөп үңкүр казган жер.
Тоодой болгон Тобок алп,

Тоолуу элди бакан жер.
Жанболотту кытайдан,
Алып келип багын ачкан жер.

Жолборс чапкан Мандалак,
Жоодон эллин калкалап.
Чыйбыл баатыр экөөлөп,
Калмакты сүргөн талкалап.
Кааба баатыр, Шыкмамат,
Кабарын билсең салтанат.
Качырып найза саялбай,
Кармашкан жоосу жалтанат.
Тайлак баатыр, Бөбөтөй,
Жоодон эллин кайтарган.
Арапты сайып Бычанда,
Кокондун колун майтарган.

Тогуз-Торо жергесин,
Санчы-сынчы сынаптыр…
Анын айткан сөздөрүн,
Аксакалдар тыңдаптыр.
- Алтын-Чөчөк жер экен,
Ар дайым эли шок болгон.
Арбын экен берекең,
Ар уруудан эл экен.

Аска тузу баш жакта,
Калкын бекем башкарган.
Ханзаададан кем экен,
Бирок, кыйын чыгат кыздары.
Кыйырды сурайт уулдары»,
Деген экен сынчы ата,
Берген экен ак бата.
Мисал айта кетейин,
Болбос үчүн сөз ката.
Кудаяр хандын апасы,
Жаркынай Тогуз-Торолук.
Басыздын кызы дилинде,
Ишенбесең окуп көр,
Жазмалар жазган илимге.

Шондуктан түпкү ичкилик,
Бизге жээн болот түбүндө.
Сиңдиси Зыйнат кызыккан,
Жазмачылык илимге.
Окуп жүрөт китебин,
Өзбектин тилинде.

Тогуз-Торо, Тезектен,
Эстүү чыккан Карачач.
Сынчысына сынатып,
Түлкү баатыр алганы.
Атаке, Жантай, Шабданбай,
Кыйын чыкты балдары.

Ортосунда кыргыздын,
Тогуз-Торо жер ушул.
Түндүк менен түштүккө,
Таяке болгон эл ушул.
Кыздары кыйын чыгат деп,
Кыйырды уулу сурайт деп,
Сынчынын айткан кеби ушул.

Чыкпаса да ханзада,
Бекзаада, манап, бий-болуш.
Нечен чыккан элимден,
Акылы менен эл бакан,
Чечен чыккан элимден.
Нарын суусун уюткан,
Жапаң калпа сыяктуу,
Эшен чыккан элимден.
Миң тогуз жүзүнчү жылында,
Орустар эллин тараткан.
Биздин жеоге келишкен,
Билгизбей курал-жаракчан.
Суу баскан жерди ээлешип,
Сукттанып жерге көөлөшүп.
Бирдеме деген кыргызды,
Балдырап сөгүп жөөлөтүп,
Түз жерин басып киргенде.
Кокту-колот, ан-дөңгө,

Коркутуп элди сүргөндө.
Айрыкча кедей-кембагал,
Азаптуу күндү көргөндө.
«Атайка» деп айылын,
Алма бак тигип, шам салып.
Араба куруп жол салып,
Көпөстөр жанга батканда,
Күнөөсүз элди атканда.
Чоолук баатыр жол алып,
Саяк, басыз элинен,
Саналуу мыкты кол алып,
Коргогон эллин орутан.
Кабар жетип борборго,
Солдат берип болушкан.
Казарма куруп түзөңгө,
Жай кылып солдат жатышкан.
Азамат нечен эр өлдү,
Андагы кармаш, атышкан.
Куралсыз, курган, кайран эл,
Куюпгуп того качышкан.
Куйтулар чыгып өз элден,
Чоолукту колго түшүрүп,
Кочкордон дарга асышкан.
Ак-Чий деген аты өчүп,
Ошондон бери ал жерди
Казарман деп аташкан.

Амал менен мал тапкан,
Акыл менен эл бакан.
Калдыбай, Бектен аталар,
Бектен түзгөн арыктан,
Азыр да мөлтүр суу агат.
Жайылып нечен талаага,
Жашылданып сугарат.
Жакшы ата чапкан жол менен,
Жашоонун күнү уланат.

Райондо алгачкы,
Кеңеш өкмөт курушкан.
Рыскулбек менен Калдыбай,

Раманкул менен Калдыбай,
Эмилбек менен Турганбай,
Абдыманап, Жаркынбай,
Нечендеген аталар,
Эмгегин берди алтындай.
Эл үчүн иштеп так жүрдү,
Эч нерседен тартынбай.

Кырк биринчи… согушка,
Далайлар кеткен согушка.
Катын-бала, чал калды,
Багышып эгин, чарбаны.
Жанына такыр карбай,
Фронтон жардам аябай.

Эгин, кийим жөнөтүп,
Союздун туусун алышкан.
Баатыр болуп Идирис,
Калган эмес намыстан.
Социалисттик эмгектен,
Үч баатыр чыкты элимден.
Бурулбүбү, Исак, Маруса,
Кетпесе керек көңүлдөн.
Жолун улап нечендер,
Эмгеги менен көрүнгөн.

Казарман азыр башкача,
Кадимки шаардай таптаза.
Көрк кошот көктө кайкалап,
«ЯК-40» күндө каттаса.
Көп кабат тамдар салынып,
Больница бүтүп жаңырып.
Көпүрө, мектеп курулду,
Күткөнбүз анны зарыгып.
Клубун кооз бүтүштү,
Жараша берет мактаса.
Курулат беле, жок беле,
Жергемден алтын таппаса,
Атактуу жайлоо Макмалын,
Аралап дайым баскамын.

Гүлдөрүн терип, ышкын жеп,
Көңүлдүн черин жазгамын.
Калкымдын болду бактысы,
Катылган сырың ачканың.
Алтын-Чөчөк кыргызга,
Ачты го алтын капкагын.
Көп кырдуу уусу болсо да,
Көтөрөбүз аптабын.
Кыргызым өссө болду эле,
Дүйнөдөгү өлкөдөн
Калышпай карма пат жалын.

## РЫСПАЕВ НУРАДИЛ

Н. Рыспаев 1970-жылы 1-декабрда Тогуз-Торо районундагы Казарман айылында туулган.

1987-жылы мектепти аяктап, Бишкек Политехникалык институтунун технология факультетине тапшырган. Аталган окуу жайды 1994-жылы бүтүргөндөн тартып, комбинаттын коомдук тамактануу бөлүмүндө иштөөдө.

## СЕЗИМ АЙБЫГУУСУ

Жандап өтсөм бутум шал, тайгыламын,
Бара жаткан жолумдан айрыламын.
Капысынан тиктешип калсак, чиркин,
Кирпигимди ирмөөдөн айбыгамын.

Куруш үчүн махабат пайдубалын,
- Канткенде сөз айтам? – деп кайгырамын.
Бирок, аттиң, сөз айтмак тургай сизге,
Угузуудан үнүмдү айбыгамын.

Кеч күүчүмдө жүрсөңүз бак аралап,
Токтой калып, күтүүсүз мага карап.
- Кокус сүйлөп жиберсе не кылам? – деп,
Коркуп жүрүп өтөмбү, атаганат.

Нур чачам дейм ак куудай жүзүңүзгө,
Сыр айтам дейм айбатуу сөзүңүзгө.
Махабатты башыма жаздап алып,
Ыр жазам дейм жалгыз бир өзүңүзгө.

Билембиде чачылбай нурлар жатат,
Көөдөнүмдө айтылбай сырлар жатат.
Жүзүңүздө ак дилден арнай турган,
Жүрөгүмдө жазылбай ырлар жатат.

## ДОСТУК АЗИЛДЕР

***РайОнОнун башчысы М. Эпеевге***

Тарбиялап жаштарга билим берип,
Күнү-түнү Эпеев иштеп жүрөт.
Тарбия алган балдары төрт-бешинчи,
Классында тамеки тиштеп жүрөт.

- Арак ичпе, сөгүнбө, ууру кылба, -
Деп күн сайын балдарды сындап жүрөт.
Сын-пикирин угуп алып ал тентектер,
Өзүнүн өрдөктөрүн уурдап жүрөт.

***«Атай» Айыл өкмөтүнүн башчысы М. Аттокуровго***

Маданият үйүнө «Атайдагы»,
Уйлар кирип жүрүшөт ашар кылып.
Аралдагы ак үйдү комерсанттар,
Ээлеп алып жүрбөсүн базар кылып.
Башка конуп бак-дөөлөт, Мукай байке,
Былтыр эле кызматка келиптирсиз.
Чу дегенде теминип бир жыл өтпөй,
«Кормоцехти» талатып ийиптирсиз.
Беш жылдан соң Атайды «түштүк жакка»,
Кошосузбу, биз кайдан билиптирбиз?

*Субанбеков Жусупка*

Дайым эле кар басып калып жүргөн,
Чокморовдун тагдырын ойлойсузбу?
Комбайыңыз жете албай жатат дешет,
Андай болсо ороктоп орбойбузбу?

Болбосо кенен салып бир комбайынды,
Рыскулга таштап эле койбойсузбу?

### *«Каргалык» айыл өкмөтүнү башчысы С. Садыровго*

Каргалыкка кар калың түшкөн кезде,
Элдин жүзү, маанайы күлүмсүрөйт.
- Болгон жерге эгем – деп, - буудай, арпа,
Сүйүнаалы аке лизингден жардам сурайт.
- Болгон жерим беш гектар элеби? - деп,
Күз келгенде Садыров ыйламсырайт.

### *Комбинаттын кызматчысы Ш. Бакаевге*

Шарипаалы тост айта баштаганда,
Зал ичинде чымындын үнү угулат.
Коңур үндүү агйдын сөздөрүнөн,
Чет-Булактык булбулдун күүсү угулат.

Тостунун экинчи мүнөтүндө,
Күбүр-шыбыр акырын үндөр чыгат.
Он жетинчи мүнөткө жеткен кезде,
Кыжы-кужу, бакылдак тилдер чыгат.

Жыйырма экинчи мүнөттө Шарипаалы,
Тынчсыздыкка карабай тостун сүйлөйт.
Отузунчу мүнөттө элдин бары сүйлөйт.

Кыркы биринчи мүнөттө Жээналиев,
- Эй, Бакаев, токтот, – дейт, кол булгалап.

Кырк экинчи мүнөттө: «Болду эми!» - деп,
Сулайманов родунан тура калат.

Элдин бүт тарап кетип кырк үчүндө,
Кайрадан чымын үнү чыга баштайт.
Кырк төртүнчү мүнөттө Бакаевдин,
Тостун колдоп чымындар иче баштайт.
Кырк бешинчи мүнөттө масс чымындар,
Үйлөрүнө тамтаңдап уча баштайт.

***Комбинаттын профкомунун төрагасы М. Калчабаевге***

Эмгекчилерге профсоюз,
Жетекчилерге «КООПсоюз».

Цех, коомдорго оң позиция,
Администрацияга оппозиция.

Планёркада Калчабаев,
Аш-тойлордо «Карчыгаев».

Артисттерди ырдатканда Көчөрбаевич,
Артисттер акча сураганда «Өжөрбаевич».
Гумм. жардам сурагандарга таяке,
Бухгалтерлерге жөн эле Мааке.

***Комбинаттын директору Б. Бектеновго***

Эртеден-кечке баарын күзөтөсүз,
Жумушта кемчиликти түзөтөсүз.
Тамак менен, иш менен камсыз кылып,
Элди багып жүрөбүз сиз экөөбүз.

Директор шайлап койгон сизди не,
Жаңыдан бул комбинат салынганда.
Комбинат жабылганча сиз болуңуз,
Директор мен болоюн жабылганда.

Эверест чокусундай бийик кылып,
Кудайым сизге берсин бак-таалайын.
Нарын суудай шарпылдап сиз агыңыз,
Чарабайдай шылдырап мен агайын.
Аксакалдар жүрүшөт атка минип,
Аракечтер жүрүшөт итке минип.
Мен жүрөйүн калдырап «Аудиде»,
Сиз жүрүңүз чалкалап «Джипке» минип.

***Комбинаттын директорунун орун басары М. Жээналиевге***

ВОХРга начальник болуп,
Күзөттүн тартибин сактап.
ЖКОго начальник болуп,
Микрорайонду таптап.
Көп өтпөй зам. аким болду,
Жээналиев Максат
Ылдыйладыбы, өйдөлөдүбү?
Биле албадык тактап.
Директорубуз мактап,
Коллективибиз жактап.
Азыр бизде зам. директор,
Жээналиев Максат.
Сүйлөсө сөзү таптак,
Баса арышы бат-бат.
АХОну жактап,
Общепитти мактап.
Мед. пункта кирип,
Халат кийип аппак.
«Мед. братьі» болуп элдин,
Ден соолугун сактап.
Жемиштүү эмгек кылууда,
Жээналиев Максат.

***ПМКнын начальниги Т. Сатыбалдиевге***

Үч этаждын бирөөсүн алып салды,
Имаратын ПТУнун куруп салды.

Жакшынакай иш баштап келатты эле,
Казармандын четине чыгып калды.

### *Финотделдин башчысы С. Абдылдаевге*

«Баткостон» баш көтөрүп ким чыкты эле,
Качан бир Чарабайдан үн чыкты эле.
«Баткостун» бака баштуу балдарынан,
Стамамбет Кыдынович тың чыкты го.

### *ПМК «Осмондун» начальниги К. Осмоновго*

Осмондун уулу Кененбек,
Омоктуу иштеп берем деп.
Сатып МСОну,
Унааларын белендеп.
Мектеп кура баштады,
Фундаментин бекемдеп.
Айланып жүрөт акимди,
Акырын басып элеңдеп.
Акча таап бербесең,
Кантип курат элем деп.

Бүтпөй турат мектеби,
- Мени ким кармайт экен, - деп.

### *«Ак-Жол» АКсынын жетекчиси А. Мойдуновго*

Унаалары бензин жок акча турат,
Өзү жүрөт ар кимден акча сурап.
Бир кездеги депутат күпүлдөгөн,
Азыр болсо банкрот жакта турат.

***«Кара-Суу» айыл өкмөтүнү башчысы
Тагайбек уулу Дамирге***

Кара-Суулук кара күч, балбан өкмөт,
Фермерлери жамбашка салган өкмөт.
Башкалардын айынан караланып,
Кызматынан айрылып калган өкмөт.
Өжөр өкмөт, мыкты өкмөт, кыйын өкмөт,
Кайра ордуна эл сурап барган өкмөт.
Билими жок, а бирок билеги бар,
Чын-чынында, эң кыйын балбан өкмөт.

***РЕСтин началниги Д. Мамбетжановго***

Изи калды тарыхта көп макталып,
Алтын чөйчөк жергеге жарык салып.
Ардак тактан түшкөн жок өмүр бою,
Жашаса экен Дүйшөбай Мамбетжанов.
Ууру советтин учугун алып салып,
Ал үчүн штрафты очойтуп салып салып.
Кызматында кымындай катасы жок,
Иштей берсин Дүйшөбай Мамбетжанов.

***Налог инспекциясынын начальниги
Ш. Абдыбековго***

Медалдын эки бети бар,
Шаршенбектин төрт бети бар.
Бир бети – чоң атасы Абдыбек,
Экинчиси – анын небереси Шаршебек.
Үчүнчүсү – налоговый өкмөт,
Төртүнчүсү – өкмөттүк «рекет»

***«Жеңиш Туусу» газетасынын редактору
С. Көчөрбаевге***

Сиздин гезит райондо болбогондо,
От тамызгы жок болмок от койгонго.

Ага дагы жарабай бараткансыйт,
Араң жарап устукан орогонго.
«Асабага» гезитиң теңелсе экен,
Алакандай кагазы кеңейсе экен.
Өрттөсө да күйбөгөн «Искра» сымал,
Бул гезитке ширеңке жеңилсе экен.

### *РайСЕСтин башкы врачы С. Ибраимовго*

Булуң-бурчун райондун бүт аралап,
Тазалыксыз жерлерди баса калат.
Санэпиддин кыздары келатканда,
Ашкананын кыздары жата калат.

Алыш керек моюнга каталыкты,
Бардыгыбыз сүйөбүз тазалыкты.
Күмөндөрдүн таякеси – таракандын,
Тукумдарын бүт кырып салалычы.

### *ЦРБнын башкы врачы А. Жакишовго*

ЦРБ врачтарынын жол башчысы,
Райондун көптөн бери эл сакчысы.
Ден соолук тилеп бизге, балабызга,
Кесиби адамдардын касапчысы.

Бир паста так диагноз коюп коёт,
Ооруса оң бөйрөктү оюп коёт.
Сойлотуп сокур көздүү ичегини,
Тай, койлорду адамча союп коёт.

### *«Тогуз-Торо» айыл өкмөтүнүн башчысы Р. Чокморовго*

Жакшы эле эгин айдамыш болуп жүрөт,
Таранчыдан жакшы эле коруп жүрөт.
Жыйнайын деп чыкса эле күз келгенде,

Кудайымдын кары жаап коюп жүрөт.

Кудайымдын кары жаап койбогондо,
Рыскул акем бай болуп кетмек окшойт.

Буудай бышып, жай өтүп баратканда,
Талаасына чатыр жаап берсек окшойт.

### *«ТУ-45тин» директору Ш. Масировго*

Төрага болуп жүргөн кезиңизден,
УАЗга бир топ бензин кеткен экен.
Эми азыр экономдоп жатасызбы?
ФОРДуңуз канча бензин ичет экен?

### *К.С.Бакиевге*

Кыргызымдан чыкты көп мыкты жигит,
Кыргыз атын чыгарган шыктуу жигит.
Баарынан да сузактык Саалы атанын,
Балдарынан эң мыкты чыкты жигит.
Аким болуп ким эле төрөлдү эле,
Бакиевге бак конуп бөлөндү эле.
Тогуз-Торо элине аким болуп,
Тогуз-Торо жеринде төрөлдү эле.

Карылардын батасын көп алганбы?
Саймалуу-Ташка сыйынып көп барганбы?
Чокусуна Жылаңач-Бугу тонун,
Чыгып алып «Кудайга» үн салганбы?

Жергебиздин мөл тузу жалгадыбы?
Же, Макмалдын алтынын кармадыбы?
Ошол бойдон өйдөлөп жыла берип,
Премьер болуп олтуруп калбадыбы.

Эми турмуш-жашоону оңдосо экен,
Тоолук элди көбүрөөк ойлосо экен.

Улуу Тогуз-Торонун эли-журтун,
Уландарын унутуп койбосо экен.

***Раймамадминистрациясынын башчысы***
***Д. Кенжебаевге***

Каалаймын ишиңизге ийгиликти,
Көрөгөч чаберликти, билгиликти.
Айланып атка минген жаныңызда,
ЗАМдарыңыз сактасын күч бирдикти.

Көрө албастар суук көзүн артпаса экен,
Эси жоктор этектен тартпаса экен.
Шайлоо деген балакет болду бизге,
Сизди кудай шайлоодон сактаса экен.

## САДЫРБАЕВ АСЕЙИН ҮСӨН УУЛУ



Нарын областынын Жумгал районуна караштуу Чаек айылында 1958-жылы 4-ноябрда жарык дүйнөгө келген. Билими – орто, кесиби – куруучу. Азыр «Макмалалтын» комбинатынын Тоо цехинде жыгач уста болуп иштейт.

Жумуштан сырткары убактарда чыгармачылык менен алпурушуп келет. 1984-жылы Бүткүл Союздук кол өнөрчүлөрдүн кароосунда «Саламдашууга» чыгып, биринчи даражадагы дипломго татыктуу болгон. 1992-жылы Жалал-Абад областында өткөн акындардын айтышында биринчи орунду жеңип алган.

Ушул эле жылы май айында Бишкек шаарында өткөн акындардын «Ак таңдай» айтышында экинсчи даражадагы диплом менен сыйланган өткөн бүткүл союздук үчүнчү фестивалгдын лауреаты. Бир кыз, үч уулдун атасы.

## МАКМАЛ-ТӨР

Жай келгенде жарашыгың ачылып,
Жарпым турат менин дагы жазылып.
Коңгуроодой үнүн безеп булагың,
Коюнунан оргуп агат атылып.

Таң нуруна шүүдүрүмүң моот этип,
Ташылууга кен байлыгың иргелип.
Суктантасың көргөндөрү, Макмалым,
Сулуу кыздын карегиндей ирмелип.

Улуу-Тоодон үнүн безеп уларың,
Керемет жыт чачып турат тулаңың.
Токтоно албай ырдап ийем өзүм да,
Толгоп алып комузумдун кулагын.
Боз үй конот, кең жайылып керегe,
Божурашып кулун байлап желеге.
Кабыргаңдан чымчып кармап тийишет,
Кайниси кара көз жаш жеңеге.

Шартылдата кымыз бышып сабаада,
Шайыр селки уялыңкы караган.
Берекелүү алтыныңды ташууда,
БЕЛАздарың эркин жүрүп аскадан.

Чокуларың булут жаздап уктаган,
Чоң турмушка мен өзүңдөн аттагам.
Селкилердин бурай кармап колунан,
Сенде калган жаштыгыма суктанам.

Кыр-кырларда кызгалдактуу гүлдөрөң,
Кыз көргөндөй апкаарыдым, сүрдөдүм.
Коомай кармап сүйгөнүмдүн колунан,
Коюнуңда канча жолу бүрдөдүм.

Төрт түгүлүң төрлөрүңдө жайылган,
Төкөр улак төрт-беш күндө айыккан.
Ийинине эки чака суу алып,
Кызыл көйнөк кыздар келет булактан.

## СОҢКУ ЫР

Дүйнө кандай кереметсиң тазасың,
Дүбүрт салып тирүүлүктөр жашасын.
Даңкан уруп чуркабаймын мен эми,
Укпайм анан тирүүлүктүн дабышын.

Кандай тунук көмкөрүлгөн көк асман,
Мен бир пенде багытынан адашкан.
Жолоочумун чеги бүткөн өмүрдүн,
Жолун улап, о дүйнөгө бараткан.

Шуудуруңду укпайм эми, дарактар,
Баспайм сени, касиеттүү талаалар.
Кенен дүйнө мага турат тарылып,
Кетким келди жок дүйнөгө бул сапар.

Оо, туулган жер, өстүм сенде жарышып,
Турмуш менен чабышып да, табышып.
Чарчадымбы бул жашоодо, билбеймин,
Жаткым келди топурагың жамынып.

Баспайм эми силер менен досторум,
Шаңшын күүгө келбейт дагы комузум.
Из калтырбай кетип барам, кантейин,
Ишке ашпай көптөн күткөн ойлорум.

Кош болгула, ак калпактуу тоолорум,
Жайдактадым ээрин алып жоргонун.
Баштагыдай жайдар мүнөз жаркылдап,
Кыспайм эми адамдардын колдорун.

Ушул болор жазган ырым акыркы,
Унутушар мезгил өтсө атымды.
Жөөлүп бара жаткан кезде, кантейин,
Жөлөөр адам жок болот ээ, башымды.

## КУТМАН ЖЕР

Тогуз -Тороом, тоолоруңа суктанам
Толгон байлык коюнуңда уктаган.
Ушул жерде жок го деймин бир адам,
Улуу-Тоодон улар үнүн укпаган.

Космос сымал жылаңачтай бугусу,
Кошо турчу, учкан турат мына ушу.
Чарачап келип алыс сапар жолунан,
Секин гана түнөп калат булуту.

Ушунчалык назиксиң сен эмнеге?
Урмат кылдың ар улуттун элине.
Азап менен кубанычты тең көрүп,
Азыр келдиң алтымыш  беш белеске.
Жылаажындай үнүн безеп Нарының,
Айтып келет өткөн күндүн тарыхын.
Суу да болсо элге кылып кызматты,
Ар үйлөргө берип келет жырыгын.

Толгон алтын толоруңдун коюну,
Алтын оңдоп аскадагы жолуңду.
Ак пейилден сунасың сен колуңду.

## ТУУЛГАН ЖЕР

Он беш күн сапар тартып  кеткем алыс,
Ойлорго көөдөн толуп сансыз-сансыз.
Өзүңдө жүргөнүмдөй боло албастан,
Өзүмдү сезе берем жалгыз, алсыз.

Сагыныч желе болуп карегиме,
Сынааанын түшүп алып кемесине.
Таалайым ашып-ташып турса дагы,
Тартылып турам дайым бир өзүңө.

Ашыгып кайра жөнөйм өзүң көздөй,
Адыр, түз, тоолоруңа эңсөөм бүтпөй.

Улуу иш жасай албай чабалданам,
Убакыт кетип барат мени күтпөй.

Туулган жер, турпатыңа сабыламын,
Тулаңдуу өзөнүңдү сагынамын.
Токтосо согуп турган жалгыз жүргөн жүрөк,
Торколуу топурагың жамынамын.



## СУЛТАНАЛИЕВ КАКЕН

1934 жылы Тогуз-Торо районунун. Кара-Суу айылында туулган. Эл арасында комузчу, ырчы катары таанымал адам. Ал жараткан обондор эл арасында сүймөнчүлүк менен ырдалып жүрөт.

## ӨНӨРПОЗ АДАМ МАЙРАМБЕК

Коолуңдан көөрүң төгүлүп ,
Эмгектенип иштедиң.
Кол өнөрдү күчөтүп,
Кемчилдикти түзөдүң.
Эмгекчил ошол адамды,
Ойлонуп мен эскердим.

Кол өнөрү жагынан,
Кадырлуу болдуң элиңе.
Санжыра сөздөн сүйлөсө,
Кулак салчу кебине.
Ушундай залкар адамдар,
Бар болсо бүгүн эмине.

Чапкан ошол ээриңди,
Көргөндөр карап мактаган.
Залкар күүдөн черткенде,
Уккан адам шаттанган.
Сен чапкан ошол комузду,
Ыбрай менен Шекербек,
Чертип көрүп жактырган.

-Караңчы жайга кеттиң,-деп,
Артыңда элиң жабыгып.
Ар дайым эстеп, ойлонуп,
Күүлөрүңдү сагынып.
Жаткан жериң жай болсун
Өнөрүң калды жабылып.

## ӨМҮРГӨ ӨМҮР УЛАЙСЫҢ

Ак халат кийип ар убак,
Ак халаттай пейлиң ак.
Көз салып ар бир адамга,
Ден соолук үчүн дайым сак.

Ажал менен арбашып,
Жүргөндүгүң байкалат.
Пахтадай жумшак колуңдан,
Корунуп ажал жалтанат.

Түн уйкуңду үч бөлүп.
Постто күн-түн турасың.
Кейиштүү жаткан адамга,
Көз салып, көңүл бурасың.

Кыйналып келгенададын,
Кейиштүү сөзүн угасың.
Кыйналган жанды сергитип,
Өмүрдүн гүлүн сунасың.
Эмгегиң зор врачтар,
Өмүргө өмүр улайсың.

## ЖАШТЫГЫМ

Алыстап менен жаштыгым,
Кайрылып келбейт көрүнөт.
Ар кандай түркүн ой ойлоп,
Санааркап көңүл бөлүнөт.

Жашоо-өмүрдү аз кылып,
Жаратты неге мынчалык?
Узун өмүр – жашоону,
Койдубу менден кызганып?

Жок дегенде, жаштыгым,
Көрүнсө боло баш багып.

Күлгүндөй жапжаш кездериң,
Күлкү-оюн шаттанып.

Өмүрдүн кыска жашашын,
Жүрөгүм сезет канчалык?
Алтын баш бир күн жок болор,
Боз топурак жазданып.

Жыл өткөн сайын билинбей.
Каякка кетти жаштыгым?
Кайрылгыс болуп кеттиңби?
Көрчү, жашоо – өмүрдүн аздыгын.

Кайгырган менен не пайда?
Кара жер болор жаздыгым.
Жалынсам да шум ажал,
Макул болуп көнбөйт го.

Жаштыкка жаш кошууга,
Карызга пенде бербейт го.
Жалынып кулдук урсам да,
Жаштыгым кайра келбейт го.

## ВРАЧКА

Врачтык кесипти сүйүп,
Алышты билим жашынан.
Боору таш шум ажалды,
Ак халат кийип качырып.
Чакырганда келесиң,
Өкпө-боор, жүрөктү,
Тыңшап баарын көрөсүң.
Эм түшүп колдон ооруга,
Өмүргө бакыт бересиң.
Ажал менен таймашкан.
Айбаттуу болот турбайбы.
Врач деген бул кесип,
Нарктуу болот турбайбы.
Ден соолук үчүн күрөшүп,
Барктуу болот турбайбы.
Жабыркаган оорунун,
Түрү болот турбайбы.
Жабыркаган оорунун,
Түрү болот турбайбы.
Дартты кесип ыргыткан,
Пири боло турбайбы.
Жаркырап тийген айга окшоп,
Күнү болот турбайбы.
Алсыз жаткан адамга,
Куч-кубат берген врачтар.
Ооруларды кыдырып,
Көңүл бөлгөн врачтар.
Дартты кууп жолотпой,
Өмүр берген врачтар.
Ажал менен кармашып.
Жеңил келген врачтар.
Адамга бакыт өмүрдү,
Берип келген врачтар.

## БАЛДАРГА

Баамдап ырды баштайын,
Акылымдан шашпайын.
Ойлоп тапкан бул ырды,
Жаштар үчүн жазгамын.
Ак сүтүн эмген эненин,
Эмгегин, балдар, актагын.
Эне менен атага,
Орой сүйлөп какпагын.
Атанын уулу дедиртип,
Тартибиңди сактагын.
Уурулукка берилип,
Чыкпасын бир күн акмагың.
Силерге айтам, уул кыздар,
Караңгы түндө баспагын.
Чогулткан ата-эненин,
Байлыгын, балдар, чачпагын.
Өмүрү үчүн түбөлүк,
Ойлонгула арт жагын.
Токтоо болгун жащыңда,
Толук келип акылга.
Оройлукту чакырып,
Жолдошуңа асылба.
Намысты кармап жаш балдар,
Жакшылыкка жакында.
Бел сырыңды билдирип,
Бекер сөз болбо катынга.
Таалим алып жакында,
Токтогулдай акынга.
Ушак сөздү тараткан,
Жолобогун капырга.
Ата наамын булгаган,
Калбасын, балдар, артыңда.
Бойго жеткен кыздарым,
Күүгүмдөн кийин чыкпагын.
Ата-эне кургурду,
Жаман атты кылбагын.
Жакшы менен жаманды,
Баамдап, баарын ылгагын.

Жүрөгүнө так салбай,
Өлгүчөктү сыйлагын.
Төрт-беш бала чогулуп,
Арактан куюп согосуң.
Чаар ичеги болгондо,
Бирөөнүн тинтип короосун.
Мойнун бурап тоок, индуктун,
Ууру атка коносуң,
Кокуйлатып тоокту,
Мүшөккө тыгып коёсуң.
Бул жорукту койбосоң,
Эл-журтка уят болосуң.
Тартип менен жүргүлө,
Бейчеки баспай күүгүмдө.
Ашепке ичип алган соң,
Мазең чыгат бир күндө.
- Кош элим! – деп коштошуп,
Айдаласын сүргүнгө.
Түндөсү баскан балдарга,
Көңүлдү жакшы буралы.
Колго түшсө кокустан,
Болбостур анын убалы.
Караңгы түндү жамынган,
Ууруда болбойт уялуу.
Көптүн көзү көрөгөч,
Келип калса кыямы.
Ортого коюп ууруну,
Жалпы элге уят кылалы.
Боорукер болбой ууруга,
Талкууга алып тыялы.

## ТАБАЛДИЕВ СЕЙИТБЕК



1932 – жылы Тогуз-Торо районунун Кош-Булак айылында туулган. Эмгек жолун 1950-жылы Молотов башталгыч мектебинде мугалим болуп иштөөдөн баштаган. Кийин бир нече жыл колхоздо бухгалтер болуп эмгектенип, 1973 – жылдан баштап эмгек жолун музыкалык мектептин комуз бөлүмүндө, мугалим болуп иштөө менен уланткан.

Талбаган эмгеги жана көрсөткөн ийгиликтери үчүн Кыргызстан КП БКнын, Кыргызстан Жогорку Советинин «Ардак грамоталары» менен сыйланган.

Коомчулукка кеңири таанылган бир нече обондордун жана күүлөрдүн автору.

### ЖАЛЖАЛЫМ
*(солдаттын ыры)*

Армияга мен жөнөөрдө,
Эстелик ыр арнадым.
- Жакшы бар! – деп, жал-жал тиктеп,
Жалт бурулдуң, ардагым.

Коштошордо ат үстүнөн,
Колуңду бек кармадым.
- Кайыр кош! – деп кайра тиктеп,
Кала бердиң, жалжалым.

Мөөнөт бүтсө келемин бат. –
Десем бүркөө кабагың.
Болк-болк этип көрүндү.
Бурулганда тамагың.

Айттың, бирок: «Мекен үчүн,
Антыңды аткар, ардагым.

Командирдин буйруктарын,
Аткаруудан талбагын».

Кубат болду мага айткан,
Сөздөрүң бүт, ардагым.
Мен сен үчүн, мекен үчүн.
Эл коргоодон талбадым.

*1952-жыл*

## ТОГУЗ-ТОРО БЕЛДЕРИ

Тогуз-Торо жеримдин,
Тогуздан ашык бели бар.
Токсон ызгаар келсе да,
Тоготпогон эли бар.

Томсорушпай чыдаган,
Токчулуктун деми бар.
Тоо койнунда казылбай,
Толуп жаткан кени бар.

Белдерин айтсак жеримди,
Туура-Суу менен Ак-Тайлак.
Жайдын күнү жадырап,
Жайкалып кончу эл жайлап.
Кышында көчкү жол бербейт,
Ашалбайт элим жалтайлап.
Көчкүдөн өлүк издешчү,
Кыйналып элим сай-сайлап.
Туруштук берип ага да,
Ашууну ашчу бел байлап.
Мындан кийин айтайын,
Кара-Кум менен Чамынды.
Кай жерден көчкү көчөт деп,
Чыгарып турчу жаныңды.
Жол бербей бороон ургулап,
Кетирчү кубат-алыңды…
Араңдап-араң ашчу эле,

Издешип кырдан кагынды.
Түндүк жагын карасаң,
Кандуу-Моюн, Куу-Даркы.
Эзели ашуу бербестен,
Элиме тийген көп дарты.
Жапкак байлап бутуна,
Кийишип таар, жаргакты.
Араңдап ашып жай күнү,
Ат унаа жүрбөй сандалтты.
Беш жагында мелтирейт,
Калдама, Көк-Арт, Үйүрүм-Баш.
Кыркалай кеткен бул белдер,
Кан-Ашуу менен танапташ.
Кышында эмес жайда да,
Жол бербей турат, бору таш.
Ажалга эрлер агызып,
Агызып турат көздө жаш.

Туштугүндө орношкон,
Ой-Кайың жана Ак-Мойнок.
Илгери жолду салышкан,
Ой-кырларын болжолдоп.
Кийинки жолду бүтүргөн,
Инженерлер көп ойлоп.
Авто унаалар аркырайт,
Азыркы күндө торойлоп.

Аныктан айтып коёлу,
Айры-Таш менен Каргалык.
Ат менен менен араң ашышчу,
Азык мол алып, камданып.
Ат баспай калып, кокустан,
Азабын тартчу сандалып.
Ашуудан киши келет деп,
Койчулар күтчү жарданып.

Аягында айтарым,
Атактуу ашуу Кара-Көө.
Аябай элим чарчаган,
Ат жүрбөй калып басып жөө.

Аяк-башын тиктешчү,
Ачык күн күтүп көп күнгө.
Азыр биз ырдап барабыз,
Авто унаа минип үстүндө.

## ТУРДУБЕКОВ КАНАТБЕК САТАРОВИЧ



Турдубеков Канат Сатарович 1966-жылдын 29-декабрында Тогуз-Торо районунун Чет-Булак айылында туулган. 1984-жылы Чет-Булак орто мектебин ийгиликтүү аяктап, ошол эле жылы райондук маданият үйүнө киномеханик болуп жумушка кирген.

Маданият үйүндө көп жылдар бою методист, көркөм жетекчи болуп жүрүп, 1993-жылдан баштап маданият үйүнүн директору болуп эмгектенүүдө.

1992-жылы республикалык маданий агартуу окуу жайын сырттан бүтүргөн.

Ыр жазууга кызыгат; анын «Мөлмөлүм», «Жамгыр», «Ыр майрам», «Мезгил сыры» деген ырларына Б. Сабыржан уулу обон жараткан.

Үй бүлөлү, бир кыз, эки уулдун атасы.

## АЙЫЛ КЕЧТЕРИ

Айылымдын көчөсүн аралап көп жүргөм,
Өзүңсүң жашымдан алпештеп өстүргөн.

Ар убак элестейт көзүмө күндөрүм,
Кыздарды узатып үйүнө жеткирген.

Жүрөккө сактаймын өткөргөн кечтерди,
Сүрөттөп айтууга эч бир сөз жетпеди.

Азыр сен эстеттиң кайрадан жаңыртып,
Суу бойлоп чуркаган балалык кездерди.

Кай жерде жүрсөм да, жаныма дем берген,
Суктанам сен менен, сендеги жер менен.
Өзүңдөн алыстап бир азга мен кетсем,
Чакырдың кайрадан сыйкырдуу күч менен.

## ЭМИЛБЕКОВ ДАКЕН

1947-жылы Арал айылында туулган. Жазган ырлары райгазетага жарык көрүп келет. Учурунда эл баккан революционер Эмилбектин уулу.

### АТАМА

Ата деген акылымдын түркүгү,
Эсте калар эркелеткен күнкүсү.
Эч унутпай, түбөлүккө сакталат,
Жөтөлсөм да уйку аралаш күлкүсү.

Атам менин акылымдын жарчысы,
Эмне ойлосом кыялымдын камчысы.
Мээнетинди кайтара албай күн өтүп,
Мына мен да азыр болдум калпычы.

Атам менин эркелеттиң көтөрүп,
Чарчасаң да түшпөйт элем көшөрүп.
Апам мени талашканда да жолунан.
Күйүкчү элең күрсө-күрсө жөтөлүп.

-Акылы жок, эрке сенин уулуң- деп,
Апам сизди кекетчү эле буруң деп.

Анда атам: «Ой, байбиче, болбодубу
Ойноп эми, олтурганда тамак жеп».

Жадагалса тамак жешим бир тозок,
Ортоңордо турар элем чыр козгоп.
Азабымды тарта бербей анча эле,
Атам деле шилтеп койсо не болмок?

Кичинемден көтөрүп баккан атам,
Кичине эле аска түшсө аны атайм.
Ак мээнетин мен баалап, сыйлабасам,
Кечиримсиз иш болор, менин катам.

Эс тартканда эсимде өңөргөнүң,
Мен ошондо кубанычка бөлөнгөмүн.
Чарчасаң, чаалыксаң да сени кыйнап,
- Атка кайра мингиз! – деп көшөргөмүн.

Ошол убак болсо кана ушул күндөй,
Сыйлайт элем ата-энемди кур күйгүзбөй.
Чоңойгондо уулум бизди багат деп,
Куурады го байкуш атам үмүт үзбөй.

## БАЛАГА

Бала кымбат бардык жерде баарынан,
Бала үчүн бардык шартка багынам.
Көңүл тынчып, көрбөй аны тура албайм,
Күндө үч маал жалынганым жалынган.

Бала кымбат, бала сүйкүм баарынан,
Тамтуң басып турган кезде, баарынан.
Ата-энеге жөлөк экен балдары,
Төрөлгөнсүп күндө кайра жаңыдан.

Бала жөлөк, атың өчпөй: «Ата!» - деп,
«Мени тапкан Атам менен Апам» - деп.
Көңүл өсүп, көтөрүлүп калгансыйм,
Кээде турсам турмушумдан жапа жеп.

Балаң ыйлап, кыйнаса да жалынасың,
Ою менен эркелетип жагынасың.
Башка бирөө ушактаса, жаның кейип,
Балаң үчүн ар санатка кабыласың.

Мына азыр бир ойлонуп калабыз,
Орто жашка жакын калды арабыз.
Обу жоктой эркелетсек бир кезде,
Азыр биздин ортобузда балабыз.

***Арал айылы***

## ТУРУСБЕКОВ ЭСТЕБЕС



1938-жылы Тогуз-Торо районундагы. Казарман айылында туулган. Эмгек жолун 1962-жылы Тогуз-Торо райондук прокуратурасында секретарь болуп иштөө менен баштаган.

Э.Турусбековдун тартип сакчылыгындагы чечкиндүү аракеттери жогору бааланып, «Милициянын отличниги» деген намга ээ болгон. Кыргыз ССринин Ички иштер министирлиги тарабынан эки жолу «Ардак грамотасы », жети жолу медаль жана башка баалуу сыйлыктар менен сыйланган.

Анын коомдук турмуштан алынган көйгөйлүү макалдары райондук «Жеңиш Туусу» газетасына үзбөй жарыяланып келет.

Үй-бүлөөлү, он баланын атасы.

Ким болбосун өзүнүн тулуп өскөн, киндик канны тамган жеринин, элимин намысын
коргоого, анын патриоту болуга аракеттенет. Ал эми эл-жерден атын, даңкын чыгарган
анын баатыры, балбандары, усталары менен уздары болот. *Өзүнүн жери, эли үчүн өмүрүн,*
ишин, күчүн, жигердүү кайратын сарп кылган адамдар көп. Калк алар менен сыймыктана. Ал адамдардын өмүр жолу кийинки урпактарга үлгү болуп калат.

Ушундай балбандардын бири Чопу уулу Отор.

## ОТОР

Миң тогуз жүз алтымыш,
Жылы. Жаздын айында.
Мышыгып жаткан балдар көп,
Спорттун кенен залында.
Тренери кеп салды,
Күрөшүп жаткан балдарга:
«Эркин күрөш боюнча,
Мелдеш болот дубанда.
Анда жеңген балбандар,
Республикалык мелдешке,
Барасыңар Таласка.
Ар бириң күчүң сынагын,
Жүрө бербей «капаста».
Күрөштүн татаал ыкмасын,
Чебердик менен пайдалан.
Сыймык алып жеңгенің,
Келесиңер кайрадан».
Балбандардын чогулган,
Отор да бар ичинде,
Булчуңдарын чыңдоого,
Мышыкчуу дайым кечинде.
Жыйрылып дене чыйралган,
Баштагыдай күйүкпөй.
Балтыр эттер түйүлбөй,
Өзүн жеңил сезгенсип,
Табына келген кулүктөй.
Ойлонуп Отор олтурду,
Дубанда өтчү оюнда.
Кимдер менен күрөшөт,
Ушуга оюу токтолду.
Жыгыламбы-жыгамбы?
Санаа басып ойлонду.
«Барса барып келейин,
Балбандарды көрөйүн.
Бар, тобокел, Кудай – деп,
- Бир сыноодон өтөйүн».
Күбүрөп сүйлөп өзүнчө,
Залдан кийимин кийинип.

Жөнөдү жалгыз үйүнө.
Алтын-Чөйчөк аталган.
Аны менен кеңешти.
«Барсаң барып кел, - деди.
- Жакшылыктан түңүлбө»
Таптап коюп жонуна,
Ак бата берди жолуна.
Ак-Таала, Кочкор, Тянь-Шань,
Алтын-Чөйчөк аталган.
Тогуз-Торо тараптан,
Келишиптир көп балбан.
Ким-ким менен күрөшөт,
Дайындап койгон калыстар.
Отордун согуп жүрөгү,
Кезекти күтүп тынчы жок.
Арбагына атанын,
Тобо кылып көңүл ток.
Кезек келди Оторго,
Бейшекеев деген Кочкордон.
Экөөнүн бирдей салмагы,
Манежге чыгып ортодон,
Кол алышып жулкушту.
Тиреше түшүп бойлошо,
Жамбашка салып салып ошондо,
Көтөрүп чапты «борборго».
Карап турган калыстар,
Мөөрөйдү берди Оторго.
Үчүнчү күнү өзүнчө,
Финалдык мелдеш өткөндө.
Ак-Талаалык Түнкатар,
Уулу түштү Оторго.
Алдынан торой чалам деп,
Бирок өзү жыгылып,
Алдында калды Отордун.
Ат-Башылык Табалдиев,
Теминип келип демитти.
Тебетейден ыргытып,
Анын да күчүн кемитти.
Калбаев чыкты Жумгалдан,
Чоң экен бою калдайган.

Катуу келип тийишти,
Жыгылып калды бу дагы,
Саяктар катуу кейишти.
Дубандык бул мелдеште,
Калыстар чечип, Оторго,
Чемпион наамын беришти.
Бул мелдешке катышкан,
Ниязалиев Медер бар.
Салмагы сайдын ташындай,
Түп мүчөсү келишкен.
Балбандан чыкпай күрөшкө,
Арманда болуп кетишкен.
Оор салмак боюнча,
Ага да чемпион наамын беришкен.
Кубанычтуу күн бүгүн,
Куттукташты бир бирин.
Отор менен Медерге,
Калыстар укук беришти.
Таласта өтчү мелдешке,
Экөөнөн башка дубандан,
Киши жок жеткен жеңишке.
Медер, Отор кубанып,
Келишти эсен элине.

***

Чоң мелдеш өтчү Таласта,
Отор менен Медерге,
Туура келди барышка.
Күрөшчү күндөн калышпай,
Келишти жетип Таласка.
Таласка келип көп жерден,
Ош, Жалал-Абад, Нарындан,
Чүй, Ысык-Көл, Кеминден.
Балбандарды сындашат,
Күйөрмандар бир бирден.
Үч-төрт оюн өткөндө,
Отор чыкты алдыга.
Атаандашы күрөшчү,
Көлдүк экен айтканда.

Эч бир балбан тең келбей,
Ээ болуп келген дайыма,
Чемпион деген наамга.
Кол кармашып беттешти,
Опоңой эле Оторду,
Жыгамын деп ойлоду.
Ыгына салып кармады,
Ыргытам деп самады.
Отор мурда камынды,
Анын оң жагына ылгады.
Торой чалып буттарын,
Пайдаланды ыкманы.
Калыс келип тургузуп,
Кыжылдаган көп элге
Жеңгенин Отор угузуп.
Жетинчи күнү мелдеште,
Финалга чыкты көп балбан.
Карап чыгып калыстар,
Күрөштүрдү кайрадан.
Салмагына карата,
Экөө калды апардан.
Тогуз-Торо, Таластан,
Отор менен Адыл бар.
Күчтөрүн азыр сынайт деп,
Күтүп турат адамдар.
Экөө чыкты манежге,
Кармашышты бир нече.
Оторду анан ой басты,
Өз ыкмасын өзгөртүп
Ичке кирип кармады.
Белинен кысып Адылды,
Белгилүү жерге алпарды.
Таптак өйдө көтөрүп,
Төбөсүнөн таштады.
Адылдын башы айланды,
Жыгылган бойдон турбады.
Медер аке кыраанды,
Оторду барып көтөрүп.
Кучакташып балбандар,
Өздөрүнө ыраазы.

Чемпион намын алышты,
Туулуп өскөн жерине,
Аман-эсен кайтышты.

## ШААБАЕВА САКИЙ БОСТОНКУЛОВНА



1955-жылы Нарын областына караштуу Кочкор районундагы Үкөк айылында (азыркы Б. Исакеев айылы) туулган. Билими – жогорку, кесиби – мугалим. Бир балалуу. 1978 – 1985-жж. агартуу тармагында мугалим болуп иштеген. 1986-жылдан бер Тогуз-Торо районундагы «Макмалалтын кен» комбинатында эмгектенет. Ыр дүйнөсүндө 1990-жылдан бери аралашып келет.

### БУЛУТТАР

Түшүндүм булуттардын эмнеликтен,
Буркурап жашын төгүп ыйлаганын.
Сумсайып, кабак ачпай сүрүн салып,
Муңканып кара жанын кыйнаганын.

Уккамын жетпей калып сүйгөнүнө,
Кусалыктан кубарып калгандыгын.
Жер кезип, ойдон-тоодон издей берет,
Көрөм деп, сүйгөнүнүн ал караанын.

- Жараткан, сүйгөнүмдү көрсөтчү! – деп,
Булуттун нечен көрдүм зарлаганын.
Бактысыз тагдырына жүрөк муздап,
Көзүнүн жашы тоңуп, кар жааганын.

Көркүрөп, үшкүрүп күн, ак булут,
Айтып жатты кайгы ичине батканын.

Жарк эттирип чагылганды кез-кезде,
-Мындамын, - деп белги берип жатканын.

Ханга, кулга, зымырык кушка айланып,
Сүйгөнүнө көрүнүү үчүн барганын.
Көөдөнүнөн көп армандар атылып,
Түтүндөрү булут болуп калганын.

Өткөн күндүн жандуу элесин түшүрүп,
Түркүн түстө күн желесин тартканын.
Көз жаштарын топтоп-топтоп өзүнчө,
Көл, океан, деңиз жасап кайтканын.

Эрдиги деп айтсак болот булуттун,
Башкаларга сүйүүсүн кыйбаганын.
Кимдир бирөө ак булуттай аздектеп,
Көрдүң беле махабатты сыйлаганын !

## ЖОЛ БОЮНДА ЖАЛГЫЗ ӨСКӨН КЫЗЫЛ ГҮЛ

Жол боюнда жалгыз өскөн кызыл гүл,
Жоодурадың, кызыктырдың, бүрдөдүң.
Зериктиңби жалгызсырап, кызыл гүл?
Капалуусуң, каткырганың көрбөдүм.

Кээ күндөрү көөнүң чайыттай ачылып,
Кээде болсо чаң болосуң басынып.
Айтылбастан даалай сырлар эч кимге,
Жан куржунга калып калды катылып.

Жүрөктөштү табууга же шаштыңбы?
Жалгыздыкты жактырдыңбы, тагдырбы?
Айтчы, гүлүм, сүйүү таттыңбы?
Магдыраткан кумарлыкка баттыңбы ?

Чыртыйбастан сүйгөнүңдү тандагын,
Тези жакшы бир өлүмдөн башканын.
Муңайбагын: «Качан кудай берет»,- деп,
Баарын көргүн пешенеңе жазганын.

## СЫЙКЫР КҮЧТҮН ИЛЕБИНЕ КАБЫЛДЫМ

Көрдөрүңдөн шоола болуп төгүлгөн,
Сыйкыр күчтүн илебине кабылдым.
Делбелентип, кумар отун жандырып,
Жүрөгүңө тумар болуп тагылдым.

Сезимдерге керемет жол баштаган,
Касиеттүү көл кечтерин сагындым.
Байкатпоого арзууну жетпей чамам,
Ак толкундуу аруулукка багындым.

Калаасынан саздуу, чырлуу кусанын,
Тазаландым, дайра сындуу агылдым.
Маанайыңды түн түшкөн жаркыратып,
Таалайыңа «кут» сыяктуу жагылдым.

## СҮЙҮҮНҮН КЕЧМЕЛИГИН ТАБА АЛБАДЫК

Мезгил бизди, биз мезгилди карытып,
Ачуу-таттуу күндөрдө көрүшпөдүк.
Назданып жүрөктөрдөн от чачышып,
Коргошундай бой балкып өбүшпөдүк.

Айлуу түн, өрүкзарлуу ак таңдарда.
Шыбырап чер жазышып төгүлбөдүк.
Жылдыздар күбө болуп сүйүүбүзгө,
Кумар жазып, кучакташып бөлүнбөдүк.

Ак тилек, аруу каалап дилибизден,
Арзуунун кеменгери боло албадык.
Көргөндө көз уялтчу көркко жеткен,
Багыттын ак сарайын кура албадык.

Албырып, шаттык билбей жүзүбүздү,
Махабат бактысына бата албадык.
Кыйчалыш, табышмактуу бул өмүрдө,
Сүйүүнүн кечмелигин таба албадык!

## ТАГДЫРЫМ НЕГЕ УШУНДАЙ

Жубайымды, шум ажал, жулдуң эле,
Жүрөгүм ооруп жүрдү көпкө дейре.
Жалгыздык илдетинен айрыла албай,
Жактырбай жигиттерди жүрдүм неге?

Баламды жалгыз кылдым неге?
Башынан ойлонбогон күнө менде.
Унчукпайт эмнегедир, сезип жүрөм,
Уулумдун бүт арманы өз ичинде.

Убакыт учкан куштай – сезбей неге?
Кечиктим , жетишпеймин көп нерсеге.
Өкүнбөйм, өкүнсөм да бул турмушта,
Аттиң ай, калдым окшойт мен кейиште!

## СЕН МАГА КЫПКЫЗЫЛ ГҮЛ ТАРТУУЛАЧЫ

Сезимге бөлүк салып, ойлондуруп,
Сен мага жакшынакай ырлар жазчы.
Ичи тар селкилерди бүлүндүрүп,
Сен мага кыпкызыл гүл тартуулачы.

Көңүлүмдү төрүндө жалгыл өзүң…
Көрүшпөсөк мөгдүрөп сагынбачы.
Алектенип өзүмдүн оюм менен,
Жоодурап карабасам таарынбачы.

Дайрасын махабаттын кечпедик деп,
Сыздатып жүрөгүңдү муңайбачы.
Оорутуп көңүлүңдү койгон болсом,
Суранам, башкаларга байкатпачы.

Алоолоп канды ысытып, толкундатып,
Сыйкырлуу көз караштарнабачы.
Түбөлүк сен деп өтчү периштемин,
Селкиден селкини сен тандабачы.

Өкүндөй бул тагдырың бакыт кушун,
Тандоодон сүйгөнүңдү жаңылбачы.
Көзүңдөн көрүп турам ансыз деле,
- Сүйөм! – деп кайра-кайра жалынбачы.

Жүрөктүн кайрыктарын делбелентип,
Сен мага жакшынакай ырлар жазчы.
Ак шоолалуу ажайып дүйнө ачылсын,
Сен мага кыпкызыл гүл тартуулачы.

## ШАРЫПБЕКОВ А.

1956-жылы 28-октябрда Кочкор айылында жарык дүйнөгө келген.

1985-жылы 11-январына чейин Нарындагы жол курулуш башкармасында иштеп, Республикадагы эпкинүү «Макмалалтын» кен комбинатына курулушана келген. Ошондон бери, башталышында комбинаттын курулушунда, андан соң комбинаттын автоцехинде,
«Макмал» карьеринде иштеген.

Эки кызы бар.

## МЕЗГИЛ ӨРӨӨНҮ

Мезгил жетсе, буурул чачтуу карысың,
Өзүңү ойлоп, жыйыштыргын баарысын.
Балаң болсо: «Ата чай ич!» - деп турган,
Маңдайдагы түгөнбөгөн бакытың.
Неберелер чуркап келип асылса,
Кубанарсың чачын сылап акырын.

Бала көрбөй, куу баш болуп карысаң.
Эң жаман болот ошол баарынан.
Айлаң кетип, алсырайсың үмүтсүз,
Алдан неден кайышкансып кабырган.
Бет алдыңдан тосуп чыгар балаң жок,
Өлгүң келер, кээде муунуп арыңдан.

Үйгө келсем үңкүрөйсүң жер карап,
Эч кимиң жок, айланаң бүт бош турат.
Күлсөң дагы, ыйласаң да жалгызсың,
Жалгыз бойдон олтурасың жалдырап.
Ооруп калсаң, баш көтөрөр кишиң жок,
Өлүп калсаң ордуң басар ким калат.

Ким билет канча жылы жашарыңды?
Турмуштун кандай кырын ашарыңды?
Карыганда тур албай очорулуп,
Башка жаздап ак жаздык жатарыңды?
А, балким, көздүн жашын жамгырлатып,
Бүк түшүп, үйдөн чыкпай, күн батарды?

Чынында, кубат берет бала деми,
Сокcондой жайдын жумшак, түнкү жели.
Булдурап тили жаңы чыккан кезде,
Дүйнөдө буга теңдеш эмне, деги?
Баласын эркелетүү кандай бакыт,
А, мага келер бекен анын жели.

Муңканып, зарлап ыйлап көрчү анда,
Мунуңду угар бекен Кудай-Таала.
Көш жашың көлдөп жерге сиңсе дагы,
Куураган гүлүң кайра чыкпайи тура.
Ташыркап, гүл турмушту соолутпагын…
… Мезгилде жаз болорун эч унутпа.

Ааламда Адам Ата жаралганда,
Болуптур Умай Эне катарында.
Турмуш оор жолун, жарык күнүн,
Бериптир энчи кылып урпактарга.
Ак жолдо ый дагы бар, күлкү да бар,
Не жетсин кубанычтуу жашаганга.

***

Турмуштун татаал жолун жөндөй албай,
Кээ бирде бул жашоого капаланам.
Жакшы эле жол кол кармашып жашап келип,
- Сүйбөйм, - деп, кайсы күнү айтың мага.

Эмне үчүн айласыздан ажырашам,
Берилип сокур кыял сезимдерге.

Эки жаш таппагансып түн сүйүүсүн,
Турмуштун чертпедикти мукан күүсүн.
Жашоонун обонуна кандай моокум,
Башталат кечээ бүтсө, кайра бүгүн.
Сүйүү да миң бир түрлүү обон салат,
Күн санап, улам жаңы ачып бүрүн.

Дос күткүн, кулак салчу айтылганга,
Тескедемин ар бир сөздү кайра-кайра.
Жакшы да, жаман сөз да жардам берди,
Жол таппай бул жашоодон кыйналганда.
Бул сөздөр менин оюм, түшүнүгүм,
Үйрөткөн ак сакалдуу Адам Ата.

## ТҮРКҮН ТАГДЫРЛАР

Бир топ жылдар өтсө дагы андан бери,
Эсимде жаштыгымдын ошол кези.
Элестейт, ал кез эстен эч бир кетпейт,
Өчпөдү өткөндөрдүн жылуу деми.
Негедир ичиркентип жибергенсийт,
Алгачкы биз таанышкан күндөр мени.

Он сегиз жашка толук чыга электе,
Ишенбей сүйүү жалган экенине.
«Ооба» - деп, кучагында турдум балкып,
«Сүйөм» - деп, көзүн сүзүп, мемиреген…
Кайран жаш, окуучулук күндөр калды,
Ал азыр айтып бүткүс арман менде.

Убакыт учкан куштай кеткен учуп,
Биз күткөн сыноолор да калган бүтүп.
Анда мен ардактанам чаң жугузбай,
Сезимге сен жараткан «сүйүү» бүтүп.
Турмуштун дайрасына бой урганбыз,
Тургансып бизди дайым бакыт күтүп.

Чыгынып шаарга да бара албадым,
Мен сага – ак сүйүүмө караладым.
«Ак сүйүүм» сен болчусуң, кургурум ай,
Билбепмин арман түпсүз жараларын.
Көздүн жашын көп кылып, деңиз кылып,
Аягы ый, муң менен таң атарын

… Кутмандуу Ак-Таалага келин болдум,
Эң биринчи эркек менен чогу кондум.
Жакшы эле ынтымактуу жашап туруп,
Кайдан билдим түз турмуш ойдолоорун?
Кыздуу болуп, бакытка баттык чексиз,
Ойлонбогом, ичи тардык ойгонорун.

Күндөр өттү, сенден түрлүү обон чыкты,
Арам көрүп койнуңдагы аялыңды.
Күйөө балаң өзүңдүн бипбир тууган,
Сенин оюң, ал мга ойнош чыкты.
Кээде туруп көк ала койдой сойдуң,
- Билбейсиң, - деп, - аял билчү бир кылыкты.

Жумурткадан кыр издеп күндөн-күнгө,
Тополоңдон күн кур эмес биздин үйдө.
Сен жокто үйдө кыздар, үйдө бейиш,
Жыргап калам алар сүйлөп, алар күлсө.
Сен келсең туткун сымал жалтактайбыз,
Баарыбыз – жалган күнөө, кабак бүркөө.

Сен кирсең: «Эмне дейт?», - деп, коркуп турам,
Көздөрүмдү эрксизден төмөн бурам.
Чай ичип, жайбаракат алганыңда,
Жазылар дейм кызың күлсө улам-улам.

Өзүңдүн тамчы каның кыздарың го,
Атакелеп алдыңдан тосуп турган.

- Кыз төрөдүм, дагы, дагы кыз төрөдүм,
Дагы кыз, неге эркек төрөбөдүм.
Сынаркайм, терең ойлор мени чулгайт,

Кудайдын бергенине мүңкүрөдүм.
Сен дагы жаалдандың, кажырландың,
Кай бирде эч көп-сөз күңгүрөндүң.

- Кет! – дедиң. – Ойношуңа жогол! – дедиң.
Ал сенин эң акыркы айткан кебиң.
Кайненем бир кызымды калган алып,
Кантти экен гүл турмушу берекемдин.
Зыркырап эмчектерим, сыздап кетет,
Болжолу жок, келер же келбесиңдин.

Жашап калдым Тоголок Молдо айылында,
Анда куда, алар азыр кайыным да.
Күйөө бала күйөө болду, тагдыр ошол,
Кайыным жактырбады барганымда.
Жыл өтүп уул төрөдүм, урматташты,
Кубандым кирсиз жүрөк жарылганча.

Кубанычым узакка созулбады,
Кубанычка курган жашоо кошулбады.
Арданып, намыстанып тапкан күйөөм,
Таштап кетти арбактарга кошулганы.
Бетти тыттым, эчкирдим, эстен тандым,
Муңкандым, зар какшадым, кайрылбады.

# *РЕЖИССУРА*

## МАКЕЕВ ТААЛАЙБЕК МУРЗАПАЙЫЗОВИЧ

*(сценарист)*

Таалайбек 1966-жылы 2-июлда Тогуз-Торо районунун Чет-Булак айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган.

1989-жылы алгачкы жолу Токмок Элдин театрында Б. Жакиевдин «Эне уулун чакырат» трагедиясын, «Үркүнбайдын үйлөнүүшү» комедиясын койгон. Нарын музыкалык Драма театрында А. Зарлыкбеков менен бирдикте ондон ашык драма-пьсалардын үстүнөн иштеген. Ат-Башы элдик театрында «Арашан» эстрада тобу менен тыгыз байланышта эмгектенип келген. Таалайдын талбастан изденүүсүн аркасы менен жаш жазуучу К. Базаркуловдун трагедияларын райондо көрүүчүлөргө тартуулай алышты. Сценарист катары театралдык оюн-зоокторго жазылган сценарийлери режиссёрдун өзүнүн коюсу менен бүгүнкү күндө райондук калкына тартууланып келет.

## «ЖАШООБУЗГА ЖАҢЫРЫП КЕЛ, НООРУЗУМ»

*(21 март «Нооруз» элдик майрамына карата өтүлүүчү салтанаттын сценарийи)*

Райондук сейил багы. Салтанат өтүлүүчү аянтчанын баш жагына боз үй тигилип, анын оң жагына алты бакан орнотулган.

Боз үйдүн сол тарабынан бир аз алысыраак жерге кемеге жасалып, казанда сүмөлөк кайнап жатат. Сүмөлөктү салт боюнча улгайган, элечек кийишкен үч-төрт аралаштырып турат. Ал эми алардын жанында кыргыз кийимчен кыз-жигиттер да жүрөт.

Калган массовкага катышкан улуттук кийим кийинишкен кыз-жигиттер алты баканда жана анын айланасында «Жоолук таштамай», «Шакек салмай» сыяктуу элдик оюндардан баштап ойноп турушат. Бир-эки жигит алардын жандарында атчан туруп турушса болот.

Белгиленген убакыт жетип, фонограммада «Кыргыз көчү» күүсү жаңырып, бул күүнүн фонунда боз үйдүн арт жагынан атка чегилген соко тартып дыйкан баласын атка мингизип, жер айдап кетип бараткан болот. Ушул учурда фонограмма менен төмөнкү ыр саптары айтылып турат.

**Жигит:** Нооруз, Нооруз, мен биле албай сырыңды,
Жаза албадым, айта албадым ырымды.
Жаштар билбей унутулуп каларда,
Щыңгыр добуш кулагыма угулду.

**Кыз:** Нооруз, Нооруз, ата конуш жаралган
91ден добуш алып таралган.
Карт тарыхта калып калган ал издер,
Ушул күнү, улуу күндө жаралган.

**Жигит:** Нооруз, Нооруз, жаңы күн деп билинди,
Элин таанып, жерин таанып сүйүндү.
Үркүн күнү эстет чыккыс болгонун,
Бүгүн чечтик тарых жапкан түйүндү

**Кыз:** Нооруз, Нооруз, кыргызымдын туусунда,
Жаңы күнүм, тарых сыры ушунда.
Атак-даңкың көтөрүлүп өсө бер!
Өчпөс болуп, эркин элдин тушунда.

**Жигит:** Келди, Нооруз!
Болду, дүйнө, сала сал.
Күндүн нуру төгүлүп,
Кылды жерди арашан.
Өлбөгөн жанга жаз келди,
Өрдөк-чүрөк, каз келди,
Келди Нооруз!
Жер жашарды карасаң.

**Кыз:** *Келди, Нооруз!*
*Күткөн элек мурунтан.*
Жер Энебиз дан берет,
Жандын-жанга урунсаң.
Тилек кылсаң мал берет,
Шилеп берет, күрөп берет,
Жер Эне мээрим төгөт сыйынсаң.

*Ямаха*

**Ушул учурда соко тарткандар элдин алдынан өтүп кайра артты карай жер айдап жөнөшкөн болот. Фонограмма уланып,**

үрөн салынган куржунду ийинине арта салган Баба Дыйкан уулу менен боз үйдөн чыгып, айдалган жерге үрөн сээп жөнөшөт.

*«Ибарат» ойнолот.*

**Баба дыйкан:** Мына септим уучтап,
Жылуу жерди конуштап.
Оробуз нанга толсун!
Оозубуз нага толсун!
Бул-жетим-жесирге,
Бул-карып-мискинге.
Бул-ач-арыкка,
Бул-алсыз карыпка.
Бул-курт-кумурскага,
Мунусу сурамчыга.
Мунусу тилемчиге,
Булары суламчыга.
Калгандары сизге, бизге, мага!

*«Кыргыз көчү» ойнолуп турат.*

Баба Дыйкан уулу менен ырым-жырымын кылып өтүп кетишет.

Андан соң фонограмма өзгөрүлүп, бөз үйдөн небересин жетелеген Кыдыр Ата чыгып, небересине Нооруз жөнүндө айтып бара жаткандай кыймыл жасап бараткан болот. Алар белгиленген жерге жай басып барганда чейин фонограмманын коштоосунда кыз-жигит төмөнкү саптарды айтып турушат.

**Жигит:** Нооруз – күнүм, ак тилек ой санаткан,
Көктөм азыр, күндө жемиш, агат дан.
Жан бүткөндөр маарек күнүн жактырып,
Жаз өмүрдөй жакшылыкка жанашкан.

**Кыз:** Көктө күндүн жылу улугу керемет,
Куштар ырдайт: «Ноорузума келе кет».
Баар алган бакытына жүз чайып,
Бар мээримин, касиетин көрө кет»

**Жигит:** Көп мезгилдер өчтүң эле бар туруп,
Толкуп тоодой, мөлтүр суудай ал тунук.
Эркиндикке чыктың бүгүн, Ноорузум,
Көркөм жазда каркырадай талпынып.

**Кыз:** Байкап көрсөм, акыл көзү, ак жолун,
Даамың сыйкыр, өлбөс мүрөк, арашан.
Ыйман, ырыс, тазалыкка, зор ишке,
Актык алып, ак дил менен баратам.

Ушул жерден Кыдыр Ата небереси менен келип, башта даярдалып коюлган ташка олтурушат. Фонограмма акрындап, небереси суроо салат:

Небере: Чоң ата, айтып бериңизчи Нооруз жергебизде кандайча пайда болгон?

Кыдыр ата: Ээ, кулунум, Ноорuздун таржымалы – атам замандап бери ар кандай айтылып келе жаткан айтылып келе жаткан өзүнчө бир узак санжыра. Ошондой болсо да, Нооруздун тарыхына бүгүн улуу күндө кызыгып калыпсың, уулум, бир аз кеп салып берейин. Кыргыздын тарыхы кандай быйыркы мезгилден башталса, алардан ишеним, түшүнүктөрү да, ырым-жырымдары да, каада-салттары да ошондой алмустактан жарадып, айрымдары өзгөргөн түрүндө бизин күнгө чейин жетти. Алардын бири бүгүнкү Нооруз майрамы. Байыркы чыгыш элдерине, ошонун ичинде кыргыздарга 2000 жылдан ашуун убакыттан бери күн менен түндүн теңдешкен күнүн жаңы жыл – Нооруз же Ноорuздама дешет, уулум. Нооруз фарсы тилиндеги навжаңы, руз – күн деген сөздөн алынган. Ал бара – бара түрк тилдериндеги элдерге төл сөз катары сиңип кеткен.

Нооруз – жаркыраган жаздын, жаштык дигердин, кужургөн эмгектин, жакшы тилек – үмүттүн, кайрымдуулуктун, таттуу, даамду жайыл дасторкондун майрамы. Бул майрамда кастар элдешип, бирин бири кечирип, эки элдин ортосунда согуш болсо ал да токтогон.

Бул майрамдын улуулук касиети мына ушунда, уулум.

Ошентип, кыргыз эли бул майрамга өзгчө мани берип, өз укугубуз өз колубузга тийип, эгемендүүлүктү алгандан бери, тактап айтсак, 1991 – жылдан баштап жогорку деңгээлде

майрамдала баштады. Себеби эгемендүүлүктүн шарапаты менен өз желегибиз, өз гербибиз кабыл алынып, тунгуч президентибиздин көсөмдүгү менен дүйнөгө тааныдык. Тигинде, уулум, улутубуздун улуулугун даңазалаган эгемен элибиздин желек-герби жаңы күндүн алдында желбиреп келе жатат.

(Ушул учурда улуттук кийим кийинишкен эки кыз герб менен А. Акаевдин портретин, ортодо жигит желекти көтөрүп боз үйдөн чыгышып, жаңырган майрамдык күнүн фонунда элдин алдынан өтүшөт. Алар бара жатканда төмөндөгү саптар айтылып турат.)

Жигит: 91де эгемендүү эл болдук,
Туу жаңыртып, көп нерсеге тең болдук.
Андан бери он жыл өттү арадан,
Ырда, калкым, улуу-кичүүң бүт толкуп.

Кыз: Өзүбүзгө жарашыктуу гербибиз,
Оң жыл канча көтөрүлдү темпибиз,
Жаңы күндө жалпы элиме акт илек,
Арта берсин мындан ары энчиби

*Гимн:*

Жигит: Кабыл болуп өз герби, өз желеги,
Канчалаган өлкөдө желбиреди.
Ала-Тоосун алдыга баштап жүргөн,
Акай уулу Аскар – элдин кеменгери.

Жоорудагы саптар менен кыз-жигиттер элдин алдынан өтүп кетишет. Кайрадан Кадыр Ата уулуна акырындап чыккан фонограманын коштоосунда кайрылат:

**Кыдыр Ата**: Көрдүңбү, уулум, тунгуч президентибиздин көсөмдүгү менен он жыл ичинде кыргыз эли көп жакшы ийгиликтерге жетишип, өнүгүүнүн жолунда бара жатабыз.

Анын бири – бүгүн сен сурап жаткан Нооруз майрамынын жыл өткөн сайын кучагын керип, өз деңгээлинде белгиленип жаткандыгы. Бүгүн бул нукура кыргыздын майрамына

канчалалаган элибиз жакшынакай маанайлары менен келип олтурушканын, уулум, өзүң деле көрүп жатпайсыңбы.

**Небереси:** Чоң ата, анан дагы бул Ноорузда сүмөлөк, көжө сыяктуу тату тамактар бышырылып, элге берилет дейт го. Ошол жөнүндө да айтып берсеңиз.

**Кыдыр Ата:** Туура айтасың, уулум, алмустактан элибиз дүйнөдө сатылбаган эки тамак бар дешет, анын бири – эненин сүтү, экинчиси болсо – бүгүнкүдөй Нooруз бышырылчу сүмөлөк. Анын даамын бүгүн татасың, уулум, тигил жердеги боз үйдү көрдүңбү ошол жерден.

**Небереси:** Ооба, чоң ата, көрдүм.

**Кыдыр Ата:** Ошол жерден кечээтен бери кадыр түн тосулуп, Нооруздун урматына Умай Эне сүмөлөк бышырып, бүгүн кыргыздын нукура салты менен «Кыз узатуу» аземи болот, уулум. Жана мени да ошол тойго чакырып кетишкен, эмеси калганың ошол жерге барып өз көзүң менен көрүп ал, кулунум, салтты биле жүрсөң түбү өзүңө жакшы. Жүр, анда ошол жерге баралы.

**Небереси:** (Колоунан тартып) Жүрүңүз анда.
(Экөө туруп, боз үйгө барышат. Фонограмма жыңырып турат, алар бара жатканда М. Осмоновдун «Нооруз майрам» деген ыры угулуп туруш керек. Кыдыр Атаны казан башындагы Умай Эне, алты бакандагы жигиттер тосуп алышат.)

**Кыдыр Ата:** Ассалому алейкум, балдарым, кыздарым, жаңы күн, жаңы жылыңар менен, өрүшүңөр малга, кырманыңар данга толсун, баракелдерим!

**Кыз-жигиттер:** Рахмат, ата, сиз менен бирге болсун.
**Умай Эне:** Кыдыр Ата, кыдыр даарып убагында келдиңиз, сүмөлөк даяр болуп калды эле, салт боюнча ачардын алдында көзү өткөндөрдүн арбагына багышталып куран окулат экен, биз да салтты сактап айылыбыздын имамына ат чаптырдык эле келип калды окшойт, ата-бабаларыбыздын арбактарына куран багыштап, анан сүмөлөгүбүздү ачсак.

**Кыдыр Ата:** Ыракмат, Умай Эне, салтты сактаганыбыз – бул мусунчалыктын парзы.

Ушул учурда модо келет, ага микрофон, стул даярдалат, меймандар менен учурашып, куран окуйт. Улуттук кийим, элечек кийишкен улуураактар сүмөлөктү ачышат, идиштерге салып, алгач, молдо менен Кыдыр Ата ооз тийгизишет. Андан соң элечек кийген бир-экөө, улуттук кийим кийишкен кыздар идиштерге салынган сүмөлөктөн алып элге жана боз үйдөн арча түтөтүп чыккан Умай Эне менен кошо жетекчилер олтурган трибунага жөнөшөт. Ушул учурда Умай Эненин аластоосу фонограмма аркылуу жыңырып турат.

*«Миң кыял» күүсү менен коштолот.*

Алас, алас, алас,
Ар балээден калас.
Айдан аман, жылдан эсен бололу,
Жакшылыкты теңир берди.
Жарык күндү кеңир берди,
Орообузга дан толсун,
Озубузга нан толсун.
Сүмөлөк бүгүн кайнатып,
Бешене тирим сүртөмүн.
Ыйманды бүгүн күтөмүн.
Бактыбыз бүгүн ачылсын,
Ырыскы-кешик чачылсын.
Түн күзөтүп кайнаткан,
Түбүн козгоп айланткан.
Кандай таттуу сүмөлөк,
Канттан, балдан, каймактан.
Татту болгон турбайбы,
Тамшанып жеп мындайды.
Тоюп алсаң жыл бою,
Тартпайсың деп муң-кайгы.
Умай Эне калтырган,
Уламада айтылган.
Жашап келет еакыо сөз,
Жүрөктөрдө катылган.

Алас, алас, жылдан эсен чыгалы,
Артып барат өмүр, жашоо кумары.
Нооруз ыры, сүмөлөгүн жар салып,
Көктө сызат көл издеген куулары.
Алас, алас, жайнайт чоктун оттору,
Өмүрдө бар туулуш жана жок болу.
Бирок, курбум, өчүп калбайт түбөлүк,
Кармай билгин изиң калар «ноктону».
Алас, алас, арам ойлор келбесин,
Аалам жолун акыл иши термесин.
Нооруз ыры обон салып дүйнөгө,
Куш канатта учсун, акыл жердесин.

Жогорудагыдай саптар менен Умай Эне элди бир сыйра айланып аластан чыгат, жанындагы улуттук кийим кийишкен кыздар элге сүмөлөктөн ооз тийгизип, трибунадагы жетекчилерге арчанын бутактарынан, үйлөрүн аластоо үчүн, Нооруздун салты боюнча, таратып беришет. Жигиттер ортодо күн мурунтан даярдалган отту тутантып, анын айланасында «Жоолук таштамай» оюнун ойноп турушат. Ушул учурда фонограммада «Той ыры» уланып, алды жаткан атчан жигит сүйүнчүлөп чаап келет.

**Жигит:** Сүйүнчү, сүйүнчү, кудалар менен жездемдер келе жатышат, тигине жакындап калышты!

(Ушул учурда атчан жигит чаап келген жаткан улуттук кийим кийишкен эки келин, эки жиги тат менен боз үйгө жакындап келишет, алты бакандагылар селкинчекти уланта беришет, боз үйдөн ак сакалдардан, элечекчен келиндерден чыгып меймандарды тосуп алышат.)

**Ак сакал:** Ассалому алейкум, куда-кудагыйлар, куш келипсипсиңер, мал-жыныңар эсенби, эл-журтуңар тынч жатабы?

**Меймандар:** Шүгүрчүлүк, бары жакшы, сиздерди Нооруз майрамыңыздар менен. Бүгүн минтип сүйлөшкөн боюнча келинибизди алып кетели деп келип калдык.

**Ак сакал:** Жакшы келипсиңер, кудалар элибизде: «Кымызды ичкенге бер, кызды сураганга бер», - деген жакшы кеп бар эмеспи, эки жаш көңүл табышкан соң биз кайда качмак элек? Андан көрө сиздер үйгө кирип даам татып, кымыздан ичип, эс

алып чыгыңыз-дар. Ага чейин жаштар өздөрүнчө салт боюнча «кыз оюну» улантып турушсун, жүрүңүздөр.

(Меймандардын атын алып, үйгө киргизишет, жеңелери менен күйөө балдар менен сырта калып «кыз оюну» башталат.)

**Кыздын жеңеси:** Кана, күйөө жолдош, биздин кызыкe жөнөкөй кыздардан эмес, андан көрө көрүндүгүн берип, биздин көңүлүбүздү ачып кет!

**Күйөө жолдош:** Албетте, жеңекеси, биз деле оңой жигиттерден болбойбуз, көрүндүктөн качпайбыз, көңүлүңүздөрдү ачмайынча эч жакка кетпейбиз, андай болсо бүгүнкүдөй майрамда сиздер үчүн бир ыр ырдап берейин.

**Кыздар:** Кана, кана көрөлү.

*(Жигит комуз менен бир ыр аткарат.)*

**Кыз жигиттер:** Бали, бали, азамат экен.

**Күйөө жолдош:** Жеңекеси, биздин өнөрдү болсо көрдүңүз, эми сиздер деле бизге жооп берип койсоңуздар кандай болот.

**Жеңеси:** Биз жакта деле толуп жатат ырчылар, андай болсо ырдап берели, кыздар!

**Кыздар:** Туура, тура жооп берели биз деле.

*(Кыздар бир ыр аткарышат.)*

**Жигиттер:** Бали, бали, ыраазыбыз сиздерге.

*(Алар кол чаап ыраазычылыгын билдиришет)*

**Жеңеси:** Эми күйөө балдар, чыныгы кыргыздын жигиттери болсоңор бүгүнкү нукура кыргыздын майрамында, андан дагы кыргыздын салты боюнча Айчүрөктөй кызыбызды алып кетип жатканда Манастан билсеңер айтып койбойсуңарбы, туурабы, кыздар?

**Кыздар:** Туура, тура эгер билсеңер, кулак сиздерде.

**Жигит:** Албетте, жеңелер, Айчүрөктөй аяш үчүн Манастан каалышыңарча айтып беребиз.

*(Фонограмма аркылуу Манастан үзүндү айтылат.)*

**Кыздар:** (кол чаап) Бали, бали, өнөрүңчө баракелде. Кана, анда үйдөгүлөр да чыга турган маал болуп калды окшойт, андыктан эки жашты жар көрүшүптүр койболубу?

**Жалпы:** (кол чабышып) Туура, тура. Кана анда жар көрүштүрөлү. (Кыз жигит эки жактан алып чыгышып ортодо жар көрүштүрүшөт, калгандары «Жар-жар айды » ырдап турушат, алар аяктаган соң боз үйдөгүлөр чыгышат.) Ушул учурда шаңдуу фонограмманын коштоосунда «Кыргыз күрөшү»

болот, кыз-жигиттер кыйкырып, сүрөп турушат, Ал аяктаган соң бардыгы бали, бали деп кол чабышып, сөздү бата үчүн Кыдыр Атага беришет.

*Кыргыз көчү ойлонуп турат.*

**Кыдыр Ата:** Кана эмесе, куда-кудагыйлар, силердин да сапатыңар карыды окшойт, жалпы журттун алдында эки жашка жалпы эле кыргыз эллине бата берип коёлу.

Эки жаш, бактылуу болгула, көшөгөңөр көгөрүп, алдыңарды бала басып, артыңарды мал басып, ылайым уучуңар узарып, ыймандуу жаштардан болгула. Жалпы журтка тилегим быйылкы жыл бакытты жылоологон жыл болсун! Баба Дыйкан жолдошуңар болсун, бардык ишти оңдосун, сугаттан өктү болбосун, талаага отоо чөп койбосун, арыгы кенен чабылсын, түшүмү арбын алынсын. Башыңардан бак-дөөлөт кетпеген ынтымактуу эл болгула! Оомийин!

(Жалпы бата берилип, меймандарды атказып кол булгал узатышат, фонограмма алар узаганча жыңырып турат. Андан соң сахнага алып баруучулар чыгып, трибунадагы администрацияга жана меймандарга куттуктоо үчүн сөз беришет, алардын куттуктоолорунан кийин майрамдык концерт башталат.)

**Аягы**

# ОБОНЧУЛАР

# АТЫГУЛОВ ЗАМИРБЕК



1954-жылы 20-апрелде Тогуз-Торо районун Чет-Булак айылында туулган.


1971-жылы борборубуздагы Б. Бейшеналиева атындагы Искусство институнун эл аспаптар оркестри бөлүмүнүн билим алган.

1977-жылы «Туулган жер» «Эске салдың» аттуу алгачкы обондору жарыкка чыккан.

1980-жылы 1985-жылга чейин райондук маданият үйүндө директ ор болуп иштеп, 1985-жылы «Макмалалтын» комбинатына аппаратчик болуп кирет. 1990-жылдан бери комбинатта көркөм жетекчи, сүрөтчү болуп эмгектенет.

## ЖАЗ ЖЫТЫ

*Сөзү, обону Замирбек Атыгуловдуку*




Жаз жыты, жаш жалбырак бүчүр байлап,
Тербел кооздукта: тектир, аймак.
Керимсел жаз жытына үнүн коштоп,
Келгин куш бутактарда тынбай сайрайт.

Мен сени эңсегенди койбодум да,
Жүрөсүң сен ар дайым ойлорумда.
Тагдырга миң мертебе ыраазымын,
Таттырып жаз жытыңды койгонуңа.

## ТУУГАН ЖЕР

*Сөзү: Жалил Сыдыковдуку,*
*обону: Замирбек Атыгуловдуку*




Эй, тууган жер, балбан жер,
Эй, тууган жер, балбан жер,
Миң-миң жашап карыган жер.
Көп өмүрлөр калган жер.

Бор-бор ыйлап эң алгач,
Бирок кайра жаңырдың,
Бала өзүң жарган жер.
Кимдик каным тамган жер.

Эй тууган жер, балбан жер,
Турпагыңдын күкүмүн.
Ошондуктан эл баалайт,
Алтын сенин түшүмүн.

# БЕКТЕНАЛИЕВ МУКАМБЕТ




1956-жылы 30-июлда Тогуз-Торо районунун «Өрнөк» айылында туулган. Бала кезинен эле музыкага болгон кызы-гуусу артып, 9-класста окуп жүргөндө «Бөбөгүм» жана «Тушоо кесүү» аттуу ал-гачкы чыгармаларын жараткан.

Музыкалык жок болсо да, табигый таланты бар жаш обончу 1985-жылдан баштап эл оозуна алына баштаган. Азыркы мезгилде анын «Жарыгым сага», «Ыйман ыры», «Айжан», «Периштем», «Издеп жүрөм», «Кыздын ыры», «Апакем», «Махабат кайгысы», «Тогуз-Торо»ж.б. деген ырлары эл оозунан түшпөй ырдалып жүрөт.

## АЛЫМКАН

*Сөзү Кенжетай Атагуловдуку,*
*Обону Муканбет Бекиеналиевдики.*






Турса да заман сурданып,
Толукшуп, айдай нурданып
Токтогул черткен Алымкан
Тоолордо калды ырдалып


Турса да заман түнөрүп,
Тоолордо кызыл гүл өнүп,
Акынга жаккан Алымкан,
Айтылып калды түбөлүк

Ала-Тоо таңы аткандай,
Алымкан эле ак таңдай.
Сүйүүсү ошол Токомдун,
Соолубас Нарын аккандай.

## АЙДАЙЫМ

*Сөзү, обону М. Бектеналиевдики*






Кубат болуп өзүмө,
Кумар канбай сөзүңө.
Көпөлөктөй талпынып,
Көрүнөсүң көзүмө.

Алдей кызым, Айдайым,
Нурун чачкан күн-айым,
Эң бир сонун көрүнөт,
Сенин күлкүң, ырайың.

Там-туң басып келесиң,
Жерден ташты тересиң,
Терип алган ташыңды,
Атакеңе бересиң.

Маңдайымда чырагым,
Кумар жазар ынагым.
Балапаным сен үчүн,
Башымды тартуу кыламын

## КЫДЫРБАЕВ НУРГАЗЫ



1949-жылы 19-февралда Кочкор районунун Кочкор совхозунда туулган. 1972-1973-жылдары Филармониянын алдындагы эстрадалык студияны бүтүргөн. 1976-1980-жылдары Б.Бейшеналиева атындагы Кыргызстан Мамлекттик Искусство институнун йгиликтүү аяктаган.

Обон чыгарууга болгон далалаты 1971-жылдары алгачкы «Өскөн жерим» аттуу чынармасынан башталган. Андан бери ондогон обондорду жаратып, эл арасында талантутуу обончу катары белгилүү болду.

Н.Кадырбаевдин «Казак кызына», «Ала-Тоом – мээрим энем », «Жаз жамгыры», «Алты кылдуу гитара», «Дилбарым»,

«Кусалануу», «Эне», «Тогуз-Торо» деген жана башка бир топ обондору бар.

1985-жылдан тартып Тогуз-Торо районундагы элге билим берүү тармагында балдарга музыка дүйнөсүнө багыт берип, тарбиялап келе жатат.

## ЭНЕГЕ

*Сөзү Зуура Сооронбаеваныкы*
*Обону Нургазы Кыдырбаевдики*



Жаным курман эне атуунун баарына,
Эне кымбат, эне асыл барыга.
Эне деген мөмө чачкан дарак,
Кубандырып кут жыйнаган шагына.

Оо, энеке, сен өстүргөн балдарыңЮ,
Бир сен үчүн курман кылып жандарын.
Сен эмизген ак сүтүңдөн кутулуп,
Гүлдөтсөм дейм ата мекен чарбагын.

Бирдей сүйүп кичүү менен улуусун,
Жаман көрөм деп айтпайсың мунусун.
Балаң үчүн бакыт күүсүн чалгандай,
Назик угам жүрөгүмдүн урушун.

Эмне менен салыштырсам тең келет,
Алтын эне, акыйкаттуу жумущуң?

## ТОГУЗ ТОРОМ

Тогуз-Тором, куттуу болсун майрамың,
Өркүндөй бер толкунуңдай дайранын.
Желбиресин ай-ааламга даңталып,
Бийик көтөр кыргызымдын байрагын.

Илгертеден Алтын-Чөйчөк атың бар,
Аймагыңда көмүрүң бар, алтын бар.
Меймандостук, кең пейилдик жолдогон,
Кужүрмөндүү, эгемендүү калкың бар.

Макмал сындуу өрүшүңдө гүл өңүп,
Булут чалбай асманыңды түбөлүк.
Тынчтык, достук, болсун дайым береке,
Кол кармашып ынтымакка жүрөлүк .

Көргүң келсе жер соруусун элимдин,
Келип көргүн Тогуз-Торо жергесин.
Билгиң келсе берекесин жеримдин,
Эмгектенгин, кызыл чекен тердесин.

Эли шайыр, меймандосчул, кең пейил,
Сыйчыл болот жигиттери, кыздары.
Балбан келет, ырчы келет четинен,
Саймачысы, усталары, уздары.

Мына бүгүн алтымыш жаш курагың,
Майрам, ыр-күү, чоң кубаныч элимде.
Мындан ары өнүп-өсөр убагың,
Бышыкчылык, токчулук бар жеринде.

## АЛТЫ КЫЛДУУ ГИТАРА

Колума алып гитарамды обон салып ойлоном,
Эске түшөт селким менен кубалашып ойногон.
Көпөлөк кууп, гүлдөр терип, мөлтүр булак бойлогон,
Кандай сонун ошол күндөр махабатка тойбогон.

Гитарамды кылдарында манжаларым тыбырайт.
Күмүш кылдар күйүт тартып, күңгүрөп ыр ырдайт.
Он сегиз жаш, жаштык үнү кулагыма шыбырайт,
Эстеп, эңсеп өткөн күндү, кырк тамырым чымырайт.

Мен оорусам сыркоо тартып, даба болуп дартыма,
Гитарамды мукам үнү жетет жашоо баркына.
Өткөн күндөр элес болуп, мен калчыйсам артыма,
Жалындаган жаштык курак көз алдыма тартылат.

Мен улгайдым, сен жапжашсың, алты кылдуу гитара,
Добушуңдан кайра талам, черткен сайын жашара.
Жаштык ырын талбай ырдап, жан жолдошсуң сен мага,
Сенден башка эрмегим жок, селки сындуу гитара.

# БАКТЫБЕК САБЫРЖАН УУЛУ



1966-жылы 16-майда Тогуз-Торо Казарман айылында туулган. 1985-жылы Бишкектеги М.Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайынын элдик аспаптар бөлүмүнүн толук курсун бүтүргөн.

Эмгек жолун өзүнүн туулуп-өскөн айылындагы Казарман балдар музыкалык мектебинде мугалим болуп эмгектенүүдөн баштаган. Ошол мезгилде «Тоо жылдызы» вокалдык үн аспаптар ансамблин уюштурган.

Билимин жогорулатуу максатында 1990-жылы Б.Бейшеналиева атындагы көркөм өнөр институтунда окуйт.

Бактыбек алгачкы обондорунан болгон: «Мөлмөлүм», «Жамгыр», «Махабат сыры», «Өкүнүч», «Эстебейсиңби» атту чыгармалары угармандардын купулуна толуп, эл арасында ырдалып келет.

1993-жылдан бери «Макмалалтын» кен комбинатынын музыкалык көркөм жетекчиси.

Бактыбектин төрт уулу бар. Жубайы Билара да – балдар музыкалык мектебинде мугалим, жогорку билимдүү адис.

# БИРГЕ ЖҮРСӨК

*Сөзү Б. Кыдыковдуку,*
*Обону Б. Сабыржан уулунуку.*




Сенсинго Айдың-Көлдүн ак чардагы,
Абалап айга учкан ак шамдагы.
Аттиң ай, анда бирге болсом канна,
Айга окшоп сени узаткан ак таңдагы.

Сен анда ак булутту араласаң,
Артыңдан издеп учуп мен да барсам.
Жолугуп ак булуттан сен экөөбүз,
Баш кошуп ак сүйүүгө сапар тартсам.

Канчалап азап тартсам мейли сен деп,
Кайгырбайм, кыдыркечим, сен дейт жүрөк.
Жүрөлү кол кармашып түбөлүккө,
Кай жакта болсок дагы бирге жүрсөк.

# БИР КӨРГӨН ТААНЫШТАЙСЫҢ АЗЫР МАГА

*Обону Б. Сабыржан уулунуку*





Кайда эми биз эңсеген бакыт жолу?
Кайда эми ошондогу ашык болу?
Жүрөктөн кетпейт экен көп элестер,
Жүргөн кез узатышып, басып чогуу.

Кайда эми кереметтүү сүйүү деген?
Же суу беле жерге сиңип билинбеген.
Бирге жүргөн кымбат күндөр кайрылбады,
Бир гана үмүт калды түңүлбөгөн.

Кайда эми таттуу үмүттөр, акыл санаа?
Кайда эми бирге жүргөн жашыл талаа?
Билгизбей ортобузду жылдар бөлдү,
Бир көргөн тааныштайсың азыр мага.

# КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК

**МААЛЕНКУЛОВ Абакир Сланович** 1957-жылы Арал айылында туулган. Кыргыз Республикасынын сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү. ССРдин ВДНХсынын күмүш медалынын жеңүүчүсү. Терини кайра иштетүү боюнча Кыргызстанда бирден бир өнөрпоз.



*Сүрөтчү-декотарор Абакир Мааленкуловдун эмгеги*




*Жумакадырова Гүлбү – уз (иш учурунда)*

**ЧЕРИКОВА Мээрбүбү** пенсияда, Арал айылынын жашоочусу.

Анын колунан жаралган буюмдар, боз үйү Манас – 1000 маарекесинде байгелүү орунду ээлеген.

Кыргызстандын эл чыгармалыгы көргөзмөлөрүндө талыкпай катышат. Кыргыз Республикасынын кол өнөрчүлөр энциклопедиясына киригизилген.



***Мээрбүбү эженин көргөзмөсү, 2001-жыл.***



***Кол өнөрчү Мээрбүбү Черикова, Арал айылы, 2001-жыл***

# ӨЛБӨС – ӨЧПӨЗ ӨМҮРЛӨР

***Бул бөлүмдө тек гана Кыргыз Республикасынын алгачкы медалдары, ордендери менен сыйлангандар, Кыргыз ССРинин жана Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген кызматкерлери, эмгектин (согуштун) баатырлары киргизилди.***



**АБДЫЛДАЕВ Аскаралы** (1925-жылы Тогуз-Торо районунун, Атай йылында төрөлгөн) – айыл чарба кызматкери.

1954-ж. Жалал-Абад шаарындагы Зооветтехникум бүтүргөн. 1965 – 1973-жж. айыл чарбасында зоотехник, коммуналдык чарбада начальник, колхоздо башкарма, 1977-1995-жж. райондук аарычылык бирикменин директору, Атай совхозунун жетекчиси болуп иштеген. 1967-ж. Бишкектеги Айыл Чарба институтунун зоотехникалык бөлүгүн бүтүргөн.

1981-жылы «Ардак белгиси», 1997-жылы «Даңк» медалы менен сыйланган.

**МОЛДОСАДЫКОВ Бактыяр** (1932-жылы Тогуз-Торо районунун Дөдөмөл айылында төрөлгөн) – күжүргөн эмгекчи.

1954 –1993-жж. райондук МХП мекемесинде жана В.И. Ленин атындагы колхоздо үзүрлүү эмгектенген.

1997-жылы «Даңк» медалы менен сыйланган, көптөгөн медалдардын ээси.



**МЕЙМАНОВ Дүйшөбай** (1931-жылы Тогуз-Торо районунун Сары-Булуң селсоветинде төрөлгөн)

1954 –1966жж. В.И. Ленин атындагы колхоздо бухгалтер болуп иштеген. 1980-1991-жж. кой ферма, профком болуп иштеп, ардактуу эс алууга чыккан.

1998-жылы «Даңк» медалы менен сыйланган.

**ҮРҮСТӨМБЕКОВ Бейше** (1938-жылы Тогуз-Торо районунун) Арал айылында төрөлгөн, 1993-ж. каза болгон.) – тарых илимдеринин кандидаты.

1966-жылы Кыргыз Мамлекеттик университеттин тарых факультетин артыкчылык диплому менен бүткөн. 1966–1969-жж. Ош Мамлекеттик университетте эмгектенген.

Тарых илимдеринин кандидаты Б. Урустамбековдун аты Тогуз-Торо районундагы мурдагы Арал мектебине берилген. Бир нече китептин автору.



**ИСМАМБЕТОВА Бурганбү** (1948-жылы Аа-Талаа районунун Коңорчок айылында төрөлгөн) – агартуу кызматкери.

1971-жылы Ош Мамлекеттик Педагогикалык институтун бүткөн. 1971-1997-жж. Чет-Булактагы мектептин директору, райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы. 1992-ж. Кыргыз Мамлекеттик улуттук университетинин филология факультетин бүткөн.

1997-жылдан райондук маданият бөлүмүнүн башчы, 2000-жылы «Даңк» медалы менен сыйланган, көптөгөн республикалык сыйлыктардын ээси.

**АТАНАЕВ Токтосун** *(1955-жылы, Тогуз-Торо районунун Арал айылында төрөлгөн) Биология илимдеринин кандидаты.* 1980-жылы Кыргыз Мамлекеттик университеттин физика факультетин бүткөн.

1968-1989-жж. Москва шаарындагы Н.И. Пирогов атындагы Мамлекеттик институттун биология кафедрасында аспирантурада окуган.

Жыйырмадан ашык илимий эмгектердин автору. Азыр Нарын университетинин доценти.

**ОРОКОВ Азизбек** (1963-жылы Фрунзе шаарында төрөлгөн) – экономика илимдеринин кандидаты. 1985-жылы Фрунзе шаарындагы Политехникалык институттун тоо-инжинердик факультетин бүтүргөн. 1987-жылы «Макмалалтын»

комбинатында участканын начальниги, карьердин начальниги, башкы инженери болуп иштеген.

1996-1997-жж. «Кыргыз алтын» мамлекеттик концернде башкы адис болгон. 1996-ж. Россия Федерациясынын өкүлчүлүгүнүн алдындагы эл-чарба академиясын бүткөн.

**САТЫБАЛДИЕВ Орозбек** (1938-жылы Тогуз-Торо районунун Кара-Суу айылында төрөлгөн) – химия илимдеринин кандидаты. 1964-жылы Кыргыз Мамлекеттик университеттин химия факультетин бүткөн. 1970-1995-жж. Пржевальский шаарындагы педагогикалык института доцент болуп эмгектенген. Бир нече илимий эмгектердин автору.

**АБДРАИМОВ Асан** (1932-жылы Тогуз-Торо району, Казарман айылында төрөлгөн, 1991-жылы көз жумган) – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими. 1976-1952-жж.

Казарман орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, 1959-1962-жж. Арал сегиз жылдык мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, диркетор, Ак-Таала районунда мугалим, 1966-жылдан Казарман орто мектебинде директор, окуу бөлүмүнүн башчысы, мугалим болуп иштеген. Кыргыз ССРинин эл агартуусунун отличниги. «Ардак белгиси» ордени, медалдар менен сыйланган.

**АРЗЫМАТОВ Жумадил** – (1957-жылы Тогуз-Торо районунун Чет-Булак айылында туулган ) – философия илиминин кандидаты. 1980-жылы Ош педагогикалык институтунун физика-математикалык факультетин бүтүргөн. 1986-жылы Минск шаарында кандидаттык диссертациясын жактаган. 1987-жылдан баштап Ош улуттук университетинде кафедра башчысы болуп эмгектенүүдө. Философиялык кыскача сөздүктүн автору.

Үч баланын атасы.



**АБДРАИМОВА Роза** (1957-жылы Тогуз-Торо районундагы Казарман айылында төрөлгөн) –педагогика илимдеринин доктору (1998-жыл). 1978-жылы И. Арабаев атындагы педагогикалык университетин бүткөн. 1978-1996-жж. Ош пединститутунда окутуучу, Киев шаарындагы аспирант, Украина педагогикалык академиясында илимий кызматкер, 1996-1998-жж. Кыргыз Республикасынын Украинадагы элчисинин кеңешчиси, 1999-жылдан Кыргыз Республикасынын Тышкы Иштер министрлигинде жоопту кызматкер, учурда ЭББ жана маданият министрлигине эмгектенет.



**ЖАҢЫБАЕВА Мансура** (1934-жылы Тогуз-Торо районундагы Каргалык айылында төрөлгөн, 1978-жылы ошол жерде болгон.) – Социалисттик Эмгектин Баатыры (1960-жыл). Эмгек жолун 1950-жылы Тогуз-Торо районундагы «Кызыл-Жылдыз» колхозунда колхозчу болуп иштөөдөн баштаган, кийин чабан, 1957-жылы мамлекетке 500 ириктинар бирин 70, 1959-жылы 72, 1960-жылы 75 кг салмакта өткөргөн, ар койдон 4 кгдан жүн кыркып алган, СССР Жогорку Советинин депутаты (1963 – 1971-жж). «Ленин» ордени менен сыйланган. Ысымы Казарман айылындагы мектепке, көчөгө коюлган.



**ЖЭЭНАЛИЕВ Токтожума** (1933-жылы Тогуз-Торо районундагы Арал айылында төрөлгөн) – милициянын генерал-майору (1984-жыл), СССР Ички Иштер министрлигинин (ИИМ) эмгек сиңирген кызматкери (1974-жыл), Кыргыз ССРинин эмгек синирген юристи (1994-жыл), СССР ИИМнин Алма-Атадагы атайын мектебин (1960-жыл), Москва жогорку мектебин (1968-жыл) бүткөн. 1952-1955-жж. Казарман орто мектебинде мугалим, комсомолдун Тогуз-Торо райкомунда

бөлүм башчы, 1958-1960-жж. Нарын шаарында милиционер, участкалык инспектор, 1961-1971-жж. Ак-Таала райондук ички бөлүмүнүн начальниги, басары, 1971-1973-жж. Нарын облустук ички иштер башкармалыгынын начальнигинин орун басары, 1981-1987-жж. ички иштер башкармалыгынын начальниги, 1987-1996-жж. ИИМдин окуу борборунун начальниги, 1995-жылдан ИИМдин Бишкек Жогорку мектебинин профессору. 1996-жылдан пенсияда. Милициянын отличниги (1968-жыл). «Эмгек Кызыл Туу» ордени жана медалдар менен сыйланган.



**КЫДЫРКУЛОВ Ыдырыс** (1917-жылы Казарман айылында дүйнөдөн кайткан) – «Даңк» орденинин толук кавалери. 1941-45-жж. Ата Мекендик согушка катышкан. 1944-жылы март айында Түштүк Буг дарыясын өтүүдө 300 мина коюп, душмандын 2500 минасын зыян-сыздандырган. Бул эрдиги үчүн үчүнчү даражадагы «Даңк» ордени менен сыйланган. Ушул эле жылы Днепр дарыясын өтүүдөгү каармандыгы үчүн экинчи даражадагы «Даңк» ордени ыйгарылган. 1946-жылдан Тогуз-Торо районундагы Ленин атындагы колхоздо колхозчу болуп иштеген. «Кызыл Жылдыз» ордени, медалдар менен сыйланган. Казарман айылындагы көчөлөрдүн бирине ысымы коюлган.

**МОЙДУНОВ Абибилла** (1938-жылы Казарманда төрөлгөн). Ушул күнгө чейин өкмөттүк ар кандай кызматтарда иштеп келет. «Легендарлуу» депутаттардын бири. Кыргыз Республикасынын автотранспорт кызматына эмгек сиңирген ишмер.



**ТУРДУБАЕВА Бурулбүбү** (1938-жылы Тогуз-Торо районунун Бирдик айылында төрөлгөн) – Социалисттик Эмгектин Баатыры (1966-жыл). Эмгек жолун 1955-жылы баш чабан болуп иштөөдөн баштаган. Боз үйдүн боосун, кийизин кармайт, кементай, элечек ж.б. жасайт. Көптөгөн республикалык, областык, райондук кароо-сынактарга катышат. Медалдар менен сыйланган.

**БОЗАЛАЕВА Уулбү** (1948-жылы Ак-Таала районундагы Ак-Кыя айылында төрөлгөн)


– Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими (1985-жыл). 1971-ж. Кыргыз кыз-келиндер институтун бүткөн. 1965-1966-жж. Ак-Кыя сегиз жылдык мектебинде, 1966-жылдан Казарман орто метебинде башталгыч класстардын мугалими болуп кызмат кылган. Кыргыз телекөрсөтүүсү аркылуу «Мектеп окуучуларын эмгекке тарбиялоо» деген темада бир нече жолу сабак өткөн. 1982-ж. мугалимдерге арналган теле сабагы. Бүткүл Союздук педагогикалык окууга сунуш кылынган. 1993-ж. «Окуу сабагындагы көрсөтмөлүүлүк» аттуу усулдук китеби чыккан. Эл агартуунун отличниги (1983). 1983-жылы мугалимдердин (Кыргызстан) съездине делегат болгон. Медалдар менен сыйланган.



**НУРАКОВ Исак** (1906-жыл Тогуз-Торо районунун Дөдөмөл айылында төрөлгөн, 1980-жылы ошол ошол эле жерде көз жумган) – Социалисттик Эмгектин Баатыры (1948-жыл). Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1944-жылдан Тогуз-Торо районундагы Ленин атындагы кохоздо жылкычы болуп иштеген. 1948-ж. өзүнө берилген 100 бээден 100 кулун алып аман асыраган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1951-1955-жж). «Ленин», «Ардак Белгиси» ордендери менен сыйланган.

**ЗОЛОТУХИНА Нина Емельяновна** (1926-жылы Сокулук районунун Военно-Антоновка айылында төрөлгөн, 1992-жылы Тогуз-Торо районунун Казарман айылына көз жумган)

– Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими. 1947-жылы Бишкектеги педагогикалык окуу жайын бүткөн. 1947-жылы Военно-Антоновкадагы балдар үйүнө тарбиячы, 1948-жылдан Тогуз-Торо районундагы Казарман орто мектебинде орус тил мугалими болуп иштеген. Эл агартуунун отличниги. «Эмгек Кызыл Туу» ордени жана медалдар менен сыйланган.



*Райондук маданият үйү*

# ТАЛАНТ КОЛДООГО МУКТАЖ

«Эл ичи – өнөр кенчи» дегендей касиеттүү Тогуз-Торо жергебиздеги талаттулардын башын бириктирип, Жээналиев Максаттын демилгеси менен 1999-жылы районубузда «Ар тараптуу чыгармачыл адамдардын фонду» түзүлгөн.

Районубуз областтын, Республиканын борборунан жана өнөр жайлуу өрөөндөрдөн алыс болдуктан, көп талантууларыбыздын өнөрү элге таанылып, эл салтына чыга алган эмес. Азыркы убакта ошол жагын эске алып, элибиздин руханий байлыгын байытууга, өнөрлөрүн өркүндөтүүгө, таланттууларды эл астына чыгаруу иши жүрүп жатканына ыраазымын.

«Жаза билбеген адамдын өмүр баяны жок; жазуусу жок элдин тарыхы жок» – дешет, анын сыңарындай, биз руханий байлыкты көтөрбөсөк, бизде тарых дагы, келечек дагы жок. Алтын чөйчөктүү Тогуз-Торо жергебиздин өнөрпөз таланнтарына чынармачылык каалап, ойлогон максаттары ишке ашып, талыкпаган эмгектин үзүрүн көрүшсүн, талбай издене беришсин демекчимин.

Мен жаңы кылымдын босогосунун аттоо менен ушул чыгармачыл атуулдарыбызга дайыма колдоо көрсөтүп, аларды даңазалап турууга ниеттенүү менен ишкерлерди, мекеме-уюмдарды таланттарды колдоого үндөгүм келет.

XXI кылымда ушул «Чыгармачыл фондунун» мүчөлөрүнүн аракетинин аркасы менен инсандардын өлкөбүзгө таанылыарына ишенем.

«Макмалалтын»

## Мазмуну

Сөз башы ........................................ 3
Таланттарга ак жол ........................................ 6
САНЖЫРА, ТАРЫХ БАРАКТАРЫ ........................................ 8
*Жээналиев Максат Субанбекович* ........................................ 9
*Кайбалы Итигулов*........................................ 27
ПРОЗА ........................................ 32
*Куттимидин Базаркулов* ........................................ 33
*Бакы Ороков* ........................................ 37
*Рыскулбек Бобукеев* ........................................ 45
ПОЭЗИЯ ........................................ 52
*Абдылдаев Жакыпбек* ........................................ 53
*Ашыралиев Урмат* ........................................ 60
*Бекеева Токтобүбү* ........................................ 62
*Боржуева Анара* ........................................ 66
*Майрам Исмаилова* ........................................ 67
*Камбаралиев Жусуп* ........................................ 71
*Карабагышов Мөкүш* ........................................ 74
*Кочорбаев Мамбетжума* ........................................ 77
*Кыдыков Тургуналы* ........................................ 80
*Кыдыров Жээнтай* ........................................ 84
*Мамыров Жеңиш* ........................................ 88
*Мусаева Райымбек* ........................................ 90
*Рыспаев Нурадил* ........................................ 96
*Садырбаев Асейин Үсөн уулу* ........................................ 105
*Султаналиев Какен* ........................................ 109
*Табалдиев Сейитбек*........................................ 115
*Турдубеков Канатбек Сатарович* ........................................ 118
*Эмилбеков Дакен* ........................................ 119
*Турусбеков Эстебес* ........................................ 121
*Шаабаева Сакий Бостонкуновна*........................................ 126
*Шарыпбеков А* ........................................ 130
РЕЖИССУРА ........................................ 135
*Макеев Таалайбек Мурзапайызович* ........................................ 136
ОБОНЧУЛАР ........................................ 146
*Атыгулов Замирбек* ........................................ 147
*Бектеналиев Мукамбет* ........................................ 149
*Кадырбаев Нургазы* ........................................ 151
*Бактыбек Сабыржан уулу* ........................................ 155
КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК ........................................ 158
ӨЛБӨС-ӨЧӨС ӨМҮРЛӨР ........................................ 161
Талант колдоого муктаж ........................................ 170